# АНАТАЙ

*А. Омуркан*

I

Книга должна быть возвращена
не позже указанного здесь срока

Колич. предыдущ. выдач

Заказ 2382. Тираж 1.000.000



# АНАТАЙ

## ТАНДАЛМА

## I

Бийиктик - 2005

УДК 82/821
84 Ки 7-5
Ө — 99

*Бул «Тандалмалардын» чыгышына демөөрчүлүк көрсөткөн иним Равшан ЖЭЭНБЕКОВГО терең ыраазычылыгымды билдирем.*

*Автор.*

**Өмүрканов Анатай**
Ө – 99 **Тандалма I.** – Б.: «Бийиктик». Сүрөтчүсү К. Коёналиев. 2005. – 296 б.

ISBN 5-655-01526-7

Алыкул Осмонов атындагы адабий сыйлыктын ээси атпай кыргыз журтчулугуна аттын кашкасындай таанымал акын Анатай Омүркановдун колуңуздардагы «Тандалмаларына» анын поэзия майданындагы 40 жылга жакын узануусунун береке — беренеси болгон ыр, поэма-дастандарынан тандалып алынды.

Акындын чыгармачылыгынын негизги маңыз-мазмунун, изденүү лейтмотивин акындык «мендин»-жеке Инсандын Адам, Табият, Мезгил, Коом менен болгон алака-мамилелерин, анын откөн Тарых менен Келечек алдындагы урпактык, атуулдук жоопкерчилик, парыз-милдеттерин жана Атамекен, ата-эне, достук, махаббатка карай коз караштарын коркөм иликтөөнүн торколегинен откорүү түйшүгү түзөт.

Айтылган ойдун тереңдиги, ынанымдуулугу, айныксыз коркомдүгү, тилинин жатыктыгы жана баарыга бирдей түшүнүктүүлүгү — акындын «Тандалмаларына» кирген ыр — поэмаларынын эле эмес, жалпы чыгармачылыгына мүнөздүү озгочолүктор деп түшүнгон абзел.

«Тандалмалар» окурмандардын кеңири чойросүно арналып чыгарылды.

Ө $\frac{4702300200}{\text{М 451 (11) — 2005}}$ 2005

ISBN 5-655-01526-7

УДК 82/821
84 Ки 7-5

© Өмүрканов Анатай, 2005.

## «МӨЛТҮР СЕЗИМ»
### ырлар жыйнагынан
*«Кыргызстан» басмасы, Фрунзе — 1973*

### ТООЛОР ЖАНА ЧОҢ АТАМ

Жашыл тоодон жакшы адамдар отүшкон,
Жашыл тоодой аты калбай тарыхка.
Учурунда алар тоодой иш жасап,
Учурунда жарашса да намыска.

Улуу тоодон улуу адамдар отүшкон,
Улуу тоодой изи калбай тарыхка.
Убагында укмуш баатыр аталып,
Убагында кетсе да ысмы алыска.

Кармаштарда кансыраган чоң атам,
Кайрат, сүрүн катып кеткен сайыңа.
Ошондуктан бизге намыс-ар берип,
Ошондуктан силер сүрдүү дайыма.

### КУРУУЧУ

… А куруучу болуш үчүн кирпичтин,
Катуусунан дагы катуу эрк керек —
Мына ошондо кирпич кырка тизилип,
Мына ошондо аалам карар корк берет.

Бирден койгон кирпичине куруучу,
Жүрок демин, дене демин калтырат.
Ошондуктан сен жылыйсың заматта,
Үшкүрүнүп, үшүп келип — калтырап.

Бул үйлөрдүн өскөн сайын катары
Бул адамдын өсүп барат атагы —
Бул үйлөрдүн бүтпөгөндөй акыры,
Бул адамдын бүтпөйт, бүтпөйт жашаары!

## МЕКТЕП

Дубал кынап балдардын оюнунан,
Күлкүсүнөн жаратышкан терезени.
Бу бөбөктөр парталарды бешик кылып,
Илим, билим сүтүнөн эмет эми.

Бул мектеп таңдан-кечке ызы-чууда,
Көнүп бүттү ага дагы мугалимдей.
Дубалы да айтып турат шыбырашып,
Балбырап бала турса сабак билбей.

Аба эмес, билим толгон классына,
Мугалимдей мектеп ичи көптү билет.
Мугалимдей билим алган окуучусун,
«Алыска уча көр» — деп турат тилеп.

Кээде сүрдүү
Ата-Энедей,
Мугалимдей,
Кээ бирде бала менен ойноок бала...
Бул мектеп, заңгыраган ушул мектеп,
Ыйыктардын ыйыгынан ыйык мага!

## КЫРГЫЗ — КАЗАК

Күңгөйү-тескейи бир тоонун,
Адамдын эки-жуп колундай...
Биргелеп сүрүшкөн жоолорун,
Кошулуп кош атар огундай.

Биринен бири алган кубатты,
Жалаңдап-канжардын мизиндей —
Эки өзөн бир көлгө куйуучу
Күч болбос экөөнүн күчүндөй!



## АТТАНАРДА

Кулагымда мотор дүр-дүр доошун баспай,
Тасмага окшоп тасырайып карарат жол —
Тамшандырган татынакай карындаштай,
Кол кысышып көрүшкөнчө саламат бол...

Жаштык күндөр — кандай жакшы, кандай сонун,
Так өзүңдөй жакшы көрүп алыс жакты —
Кетип барам кыштын бороон, борошону,
Жолдош кылып жол көрсөтпөс бурганакты.

Жүргүм келет жүк көтөрүп алыс жерде
Мезгилимден бирде калып, бирде озуп —
Ыр жаздырып жашай берет, күлкүң менде
Мага келчү кыйындыктын жолун тосуп.

Кулагымда мотор дүр-дүр доошун баспай,
Тасмага окшоп тасырайып карарат жол —
Тамшандырган татынакай карындаштай,
«Кандай» дешип жолукканча саламат бол...

## ПАМИР

Тумшугун кайберендер карга катат,
Туяктан айран ичип аркар басат.
Кибиңдеген чөптөрү ырдап ийип,
Соккон желге каткырып, бийлейт дарак.

Кумурскадай кул кылат душман барса,
Таш бакадай жылышат таштар анда.
Жигиттери жалаңдап кылыч мисал,
Жүгөн өрөт жыландан тулпарына.

Сай сайын ысык суу бар, муздак суу бар,
Анда аялдар ажайып балык сымал.
Шырп эттирбей көк көлдө балык сүзөт,
Жылтылдаган канаты бар, куйругу бар.

Ажыдаарды жез кемпири алдан алган,
Жерден чыкпай желмогузу тоңуп калган.

Алпкаракуш айланып конот жерге,
Айга учуп канаттары талып калган.

...Экзотика — жомоктой кызыктырган,
Көңүлүмдөн көрсөм деп учуп тургам.
Мен келдим бийик Памир тоолоруна,
Жака кармап далай ашуу, далай кырдан.

* * *
Тоо учунда жүрөмүн улар болуп,
Тоодой милдет аткарууга кумар болуп,
Ишеничи Элимдин, Эне-Атамдын,
Илинүү моюнумда, «тумар» болуп!

* * *
Мен кетем...
канатымдай сени бүктөп,
Ала кетпейм алыска, барар жерге —
Жанындагы мажүрүм тал ырын тыңшап,
Турарсың мени күтүп келгенимче.

Карарсың караанымдан көзүң албай,
Мунарыктап горизонтко сиңип кеткен —
Мен сенден кеткеним жок ичим муздап,
Жаш баладай таарынышып үйдөн безген.

Болжоого моюн сунбайт тагдыр деген,
Так айталбайм,
кайра өзүңө качан келем?!
Кыйкуулап поэзия дүйнөсүндө,
Куюн мүнөз кулундай — ырым менен...

Кош эми, кол кысышып көрүшкөнчө,
Кучакташып, сагынышып өбүшкөнчө.
Мен өзүмдү өмүрлүү ырга айлантып,
Өзүмдү өзүм көлкүтүп эриткенче...



## САМУДИН АБАМА

Сүрөттөрүн күндө карап камыгып,
Жүргөнүмдө ата-энемди сагынып.
Ата-энемдей маган акыл айттыңар,
Талаа жерде таалайыма табылып.

Күндөр улам учкан сайын билинбей,
Бүт балдарың мага чуркайт кулуңдөй.
Сүйлөгөнү, күлгөнү да өзүмдүн,
Айлымдагы бир жатындаш инимдей.

Жол берилбейт ылдыйлоого, сынууга,
Укугум жок жарым ирмем тынууга...
Мен кумармын — бирөөлөргө бейтааныш,
Силер сындуу бир жакшылык кылууга.

## МУРГАБДЫН ООРУКАНАСЫНДА ЖАЗЫЛГАН ЫР

Селт этип жалтанбастан кыйындыкка,
Экөөбүз кол кармашып чыккан элек.
Жашоодогу эңсеткен максаттарды,
Бүтүрүүгө жаш жүрөктөр элеп-желеп...

Максаттар турат бизди айланчыктай,
Жыгылган чабарманын күткөн аттай.
Азырынча жатабыз палатада,
Кечээгидей демдерди укпай, кол кармашпай.

Көрүнбөйт көз жашымдан караанын да,
Арабыз алты кадам жакын туруп.
Актай албай Атажурт ишеничин,
Кетебизби келип алып баатырсынып?!

Алатоо, Атажуртум, ата-энем деп,
Жер жарып жылуу үйдө бакырганча.
Бийик жерде, дем алууга аба аз жерде,
Эли үчүн иштөө жакшы алда канча!

Жан биргем, кыйынчылык алды жакта,
Кылчылдап кармашуучу күндөр жакын —

Ал максаттар экөөбүздү бириктирген,
Эч убакта эриᵖ карга айланбасын!

* * *

Мен сүйүп көз жеткис жактарды,
Аттандым алыска, алыска.
Талааны баскандар жол кылат,
Кайгырба, жаш жүрөк камыкпа.

Жаманды, жакшыны айрыган,
Өзүңдү жакшы адам кылышка —
Жалгыздык жана кыйындык,
Көп керек экенин унутпа.

Тос бетти, жапайы жел уруп,
Тордотсун, түлөтсүн, карартсын.
Бир күнү туулган жериңен,
Бетиңди агартып аларсың.

Жашап көн жетишпес турмушка,
Коркпогун, суукка багынба.
Тердейсиң тууган жер тууралу,
Сагыныч соккондо каныңда.

## ДОСТОРДУ ЭСТЕП

Келбес жакка кете берген адамдай,
Кетти күлкү, кетти өмүр саналбай.
Мен жүрөмүн досторуман болунуп,
Чоң дайрадан бөлүнгөн бир каналдай.

Досторум жок чын дилинен берилип,
Арманымды, күйүтүмдү угардай.
Улутунуп туруп калам жалгыздап,
Уялашын таба албаган улардай.

Коптон бери көздөр көздү көрүшпөй,
Коптон бери күлкүнү тең бөлүшпөй.
Күндөн күнгө мен баратам саргайып,
Бөлөк жерге көчүрүлгөн өрүктөй.



## «ЧЫРАК ТАШ»

Карт аскага картаң бороон жанчылат да,
Кайгылуу, капсалаңдуу добуш берет.
Үйдөй таштын үстүндө чырак жанып,
Жамгыр, карга жалп деп өчпөй күйүп келет.

Ар өзөндө ар багытта шамал жүрөт,
Түгөнбөй үмүт мисал чырак күйөт.
Түн ичинде, анын бүл-бүл жарыгында,
Аккуу канат ак кызды жигит сүйөт.
Аттай минген арстаны,
уйку-соодо
Ныксырап баш көтөрбөй көзүн ачат.
Адам айтып бералгыс сыйкыр үндөн,
Кайып болуп кетчүдөй тоолор жатат…

## ПАМИРДЕГИ ЖАШТЫК

…Биз атакты издебедик,
Атак бизди издеди.
Көп иштерге карыз элек,
Дале баары бүтпөдү.

Чаалыкканда түшүбүздө,
«Чамынган» дейт апабыз.
Өзүбүздөй мекенди да,
Сулуулантып жатабыз.

Күн нурундай оронобуз,
Жылуу жаштык күндөрдү…
Жылынабыз уккан кезде,
Сагынычтуу үндөрдү.

Биз модадан артта калдык,
Артта эмеспиз турмуштан.
Урпактарга ушул күндү,
Улуу күчпүс жылгызган.

Сагынычты жалгыздыкта,
Жашагандар түшүнөт.

Сүйгөн кыздын сүйкүм козү,
Сүйлөп жатып бүтүрот.

...Эртең кайра жолго чыгыш,
Кардан бутту тарта албай.
Көңүлүмдөн ырым кетпейт,
Колго үйрөнгөн аркардай.

Эртеңкиме уят болуп,
Каламбы деп далбастайм...
Бул күнүмдү баары даяр,
Башка күнгө алмашпайм!

Жаштык күнүм, жаштык күнүм,
Жалт деп өттү...
Өкүнбөйм.
Адам кылган ал күндөрдү
Көңүлүмдөн өчүрбөйм!

* * *

Бир байлам кызыл жоолугуң,
колуңда жүргөн салынбай —
желбирейт желге түн жарып
жалбырттап күйгөн жалындай...

... Жүрөгүм согуп лакылдап
баратам сага жакындап...

* * *

Кийиктерге жашоо улам оорлой —
Уйкуну да чоочуп уктайт дирилдеп...
Кеч күздөгү акыркы үзүм коондой,
Барган сайын бара жатат бириндеп.

Сен бетиңе жок шылтоону кармабай,
Жигит болсоң, жалтактабай ач, айып...
Неге элик кеч күздөгү алмадай
Күндөн күнгө суюлууда азайып?!

Мен аларды баккым келет баламдай,
Сымап мисал сымбатына суктанып.



Кээ акмактар кечте чыккан шамалдай,
Тоого чыкса мен эликти кызганып...

Чабалактап уктай албайм түн бою,
Чарчагандай өңүм кетет кубарып.
Түшүмдө элик жатат каны жошулуп,
Көк шиберде, көзүн ачып суналып...

Мээримдүү көп,
мерестер да аз эмес,
Мээлейт алар элик көзүн жайнаган.
...Көңүлүмдөн кан аккансыйт жаш эмес,
Мен жарадар элик көрсөм кайрадан!

## ЖАЛГЫЗ ЖАШАГАН ҮЙҮМӨ

Жалгыздыкта бирге болуп көөбүз,
Жалгыздыктын эмне экенин сезебиз.
Жан кейиткен капалыкка кайгырып,
Сен кошулуп, буркурашып кетебиз.

Менде али жок, мени сүйөр жанга ынак,
Мээр төгүп сен турасың аңгырап,
Аяздарда колтугуңа корголойм,
Ичикийлеп үшүп келип калтырап.

Сыр жашырбас жансыз тамым, сен уккун,
Биле электе даамын сүйүү-ырыстын.
Бирге болуп бар-жогумдун башында,
Сен чекемди, жүрөгүмдү жылыттың.

Жаш жарым жок, жалгыздыкта эңсешке,
Ачкычыңды салып алып чөнтөккө —
Кармалаймын колуктумдун колундай,
Ал сезимди болбойт такыр өлчөшкө.

Жалгыздыкта бирге болуп көөбүз,
Жалгыздыктын эмне экенин сезебиз.
...Жар табылса жабыккан кез унутулуп,
Кубанычтан куунак болуп кетербиз...

## АБЫШКА

Муңдуу күү тыңшап, муңданып анан,
байкоочудай күн-түндү карайт
азайып уйку, азайып күнү
жалгызсырап жаштыгын самайт.

Жаштыктын жагым күлкүсүн угуп
миң жолу эрип, миң жолу катат.
Уйкусу кээде келбесе деле
уктамыш болуп эртерээк жатат.

Көздөрү начар көрөт дейт бирок,
алтымыш жылдан аркыны көрөт.
Кулагы начар угат дейт, бирок
алтымыш жылдан аркыны угат.

Жер шарын кезген буттары талып,
жер таянтып бастырат — зорго,
аянычтуу жан-жагын карайт,
илбирстей түшкөн чыкпаган торго.

Жылгага окшоп жыбырайт бырыш,
маңдайда, бетте, колунда толуп.
Теңтушун көрсө, кемшеңдеп кетет
атасын көргөн баладай болуп…

Жазылып жарпы жаркылдап келет
адырлуу тоодо күн кечке жүрүп,
балдарынын балдарын өбөт
жашоонун такыр бүтпөсүн билип…

## ПАМИРДЕН КАТ

*Койчуман иним Каныбекке*

Памир суук…
Эшикте кар борошо,
Демди кысып жарым карыш бастырбайт.
Кадамыңды карагыча кайрылып,
Шамал жалмап издериңди таптырбайт.



Жан сыяктуу жашагандан тажаган,
Шашкалактап шамал ташка урунат
Анын үнү койго жетпей кыйкырган,
Сенин үнүң сыяктанып угулат.

Быйыл бизде башкачараак кыш болуп,
Суук-суук, кийик тоңуп, куш тоңуп.
Бул аязда эмне болдуң экен деп,
Эртели-кеч эстей берем бук болуп.

Күн ачылса менин көңүлүм ачылып,
Күүгүмдөнүп күн бүркөлсө тумчугуп —
Эч нерсеге көөнүм келбей, түшүмдө
Сенин коюң кайрып жүрөм кыйкырып…

Көңүлгө албай анча-мынча илдетти,
Мен да аткарып жүрөм кыйын милдетти…
Өзүңө өзүң ишенгендей ишенем
Сен эмессиң ишенчин замандын
Аткаралбай көңүлүмдү кирдетчү!

## ТУУГАН ЖЕРГЕ

Алоолонгон мештеги от,
Жалп деп өчөөр өмүрдөй.
Жылытамбы көңүлүңдү,
Үйдү ысыткан көмүрдөй?!.

Жолдоруң ай, жолдоруң ай,
Жоогазынга басамбы?!
Көңүлдү эзген көк туланга,
Көмкөрөмдөн жатамбы?!

…Тынбай аккан тоо суусунун
Тынбагандай дабышы
Тынбайт,
тынбайт
сен тарапка
Ойлорумдун агышы!

## ПАМИРДЕГИ ЖАЗ

Мургаб жери керемет жер Айдай болуп,
Жазында да жашылы жок жайдай болуп.
Мында угулбайт булактын шылдырашы,
Мында угулбайт жалбырактан шуулдашы.

Жайдыр-кыштыр бозорот тоонун түсү,
Билинбейт кереметтүү жаздын күчү.
Бул жерде гүлдөр өспөйт, дарак өспөйт,
Шамал менен кармашып көңүл көктөйт.

Тарыхтын тагы калган ташты карап,
Эртеңки үчүн жүрөмүн ишке жарап.
Өспөгөнмүн эркеликте, сый-урматта,
Өскөнмүн эрегишип кыйындыкка!

## ПАМИР ТООЛОРУНДА

Башаттан башталып дайралар,
Басышат башка элдин чектерин.
Таласта төрөлүп, Памирге
Кенедей кезимде кеткенмин.

Сагынган сайын мен, Таласты,
Карасам карт Памир дем берип.
Сан жеткис сайдагы таштары
Таластын таштары өңдөнүп.

Баратам жуурулуп, биригип,
Памир деп ыр жаздым акындай.
Сен мени жатсынба, жакын көр,
Асканда бир борчук ташындай.

## МЕН БҮГҮН

Эмне турат арсак аска эрип кетпей,
Эмне турат калың токой сүйүнүч сезбей,
Булут неге учуп барат Айдын нурун,
Көрүндүккө өзүмө алып келбей?!



«Бар-бар» ыйлап, балам көрүп жарык дүйнө,
Балбылдаган бакыт конду биздин үйгө.
Алма сабак моюнуңан айланайын,
Алдыңдагы өмүрүңдө кайгы билбе!

Ыңаалап ыйлаганын ыйлап угуп,
Ырысым деп орунумдан ыргып туруп
Ата мурас тоо-талаа, токой-көлдү,
Берип жаттым перзентиме белек кылып…

## ТЕКЕ

Коргошундун, адамдын жытын сезе,
Кыл чокудан айлананы тиктеп теше.
Үйүр эчки үстүнөн кожоюнсуп,
Каржаят кароол болуп картаң теке.

Жамандыктын жакындашын билип турат,
Кызыл көзү бал-бал жанып, күйүп турат.
Керек болсо эчкиси үчүн ок жеп, таштан
Ыргытылган мээлей болуп түшөт, кулап.

Ошол кезде жаадай сызып эчки жетет,
Суроо белги-мүйүздөрүн жерге төшөп.
Карт текени талаа-ташка таштабастан,
Алыс жакка желдей учуп алып кетет...

* * *

Сунулган кош атардан түтүн булап,
Суу үстүнө өрдөктөр чулп-чулп кулап,
Акыркы ирет кыйкырган үндөрүнөн
Селт эттирген айбаттуу үн угулат…

Сууга кулайт суу жутуп соңку жолу —
Көтөрүүгө барбайт экен адам колу,
Көздөрүн көр — атылуучу октой сүрдүү,
Канаттары калдайып — жаанын огу…

## ТООДОГУ БИР ЭЛЕС

Көңүлүмдүн түгөнбөгөн,
Көрөңгөсүн жаңы ачтым.
Толкунданган сезим менен,
Тоого чыгып бараттым.

Таңкы аба коктудагы,
Тамырымда закымдайт —
Улуу тоонун мөңгүлөрү
Улам мага жакындайт.

Тиштеп алып Күн желесин,
Куштар бирден чубашып,
Уя салып алалы деп
Учуп барат кыр ашып.

Жүрөктү эзген сагынычтуу,
Обон келет алыстан —
Мени кысып канатына,
Куюн менен жарышкан.

Жыттуу өзөн жылгасында,
Жылтылдаган нур толуп —
Аппак булут учуп жүрөт
Аккуу канат ыр болуп.

Көңүлүмдүн түгөнбөгөн,
Көрөңгөсүн жаңы ачтым —
Оо, тоолорум, коюнуңда,
Келет менин адашкым!

## ҮЙҮМ

Терезем карарат деп ойлоп,
Жарыкты өчүрбөйм кеткенде.
Жакшы ырлар ушерде жаралат,
Жапжалгыз жабыккан кездерде.

Эшик суук…
А үйүм жаркырап,
Бүт бөлмөм — жыпжылуу чөнтөктөй.
Энемдей боорuна бек кысат,
Энемдей жамандык көргөзбөй.



## ДОСТОРУМА

Коңүлүм ооруйт бир досумдун созү дары,
Башым ооруйт бир досумдун өзү дары.
Капалыкта бир досумдун үнү дары,
Жамандыкта бир досумдун сүрү дары.я

Бармактайдан бирге осүп жыт сиңишип,
Жүрогүмдүн жакындыгы мунун баары.
Силер жокто коңүлүм чогүп, анан
Силер барда торолгонсүйм эми жаңы!

## УКМУШ КӨРСӨК

Биз турмуштан ажайып укмуш корсок,
Билебиз улуулугун Манаска олчоп.
Манас биздин кобойтүү, алуу, кошуу,
Манас биздин жаңылбас таптак болчок.

Оюмду мейли жарат, жаратпагын,
Кыйынсынбайм салтымдын санап барын.
Мен озүмдү бийик сезем жер үстүндо,
Эстегенде озүмдо Манас барын!

## ТООЛОР, ТООЛОР

Тоолор, тоолор — катып калган жүроктор,
Жүрөм койнуң аралап,
Аска бетин күзгү кылып,
Аркар боюн каранат.

…Тоолор, тоолор жүрокторү миңдердин,
Сени ырдаштан чарчабайм.
Бүркүт болсом жамандыктан өзүңдү,
Канатым менен калкалайм…

2—1951

Таласской областной библиотека инв. № 1254779 - 685

## ЭРТЕҢ МЕНЕН

Терезенин музу калың. Жааган кардан,
Дубалдагы термометр чарт жарылган.
Баа коюучу кызыл сыям жана дагы,
Жатарда ичкен чайым тоңуп калган.

Тоңо элек, болсо да азап түн өтмөгү,
Сага деген сагынычым жүрөктөгү.
Жана дагы жаңы өтүүчү сабактарым,
Балдарыма айтам деген мектептеги.

## КИЙИК КАЧТЫ

Кийик качты бизди көрө, дыргышып,
Жалама аскадан жаңырыктар жылбышып.
Күү жазылган нотага мүйүздөр,
Желге урунуп күү калтырды жылжытып.

Карап калдык,
аткан жокпуз сулатып,
Тээ зоокадан бирден өттү чубашып.
А машина ашуу жолун абайлап,
Жыттагансып, жай келатты кыр ашып.

## ПАМИР ТООЛОРУ

Кетермин, бирок сени унутпаймын,
Унутпаймын... Бир түнөгөн жаттай болуп
Өз жеримде өзүңдү сагынармын,
Жем акырын сагынган аттай болуп.

Сымаптай жылт-жулт эткен илбирстериң,
Ар түн сайын түшторүмө кирип менин
Бу тоолорго апкелишер мени кайра,
Мүйүзүнө олтургузуп кийиктериң.

Кайтармын, кайра айлыма булут минип,
Айылымдын дарагына шашпай конуп.
...Сен артымдан келүүчүдөй көрүносүң,
Досторумдан сөзсүз келчү каттай болуп.



[stamp]

## АЛЫСТА

Күлгонүм элестеп,
Жүргөндүр келет деп.
Ак кирди чачыма,
Апамды көп эстеп.

Үй алыс үшүсөм,
Жылуулук жетишпейт
Кайгымды башкалар,
Сенчелик сезишпейт.

Кандайча билбеймин,
Ден соолук, ахвалың —
Апалайт кулатсам,
Памирдин таштарын!

Эненин мээримин
Эмнелер баса алат?!
Адашкан аркарлар,
Бакырат апалап!

Сагынып жеримди,
Сагынып кебиңди —
Тим болом тиленип,
Өзүңө өмүрдү.

## АЯЗДЫН ДА ЫРЫН ТААП

Суугун ай, Памирдин,
Куруймун го кеткиче...
Тоңуп калат селейип,
Түкүрүк жерге жеткиче.

Кулак, мурдуң кызарат,
Кулач жерге баскыча —
Тишиң кетет зыр этип,
Сүйлөп оозуң жапкыча.

Аяздын да ырын таап,
Максат анда жылынмак!
Коркок коркот шамалдан,
Иттей үргөн ырылдап.

## ЖАЛГЫЗДЫК

Ойлонсом булуттар каалгып,
Токтолот тоодогу жаан лып…
Жагоодой жаркылдак жан эркем,
Жар болдуң сен кимге таандык?!

Канатып карттанган жарамы,
Учуруп сен жакка санаамы —
Өмүрдү өткөрүп келатам,
Жапжалгыз тарткылап арааны.

Кубарат бир кулжа капканда,
Адашат бир аккуу асманда —
Жалбырак куланат бириндеп,
Мен жалгыз бак жакка басканда.

Кайгым бар көптөргө байкалгыс,
Кайгым бар көптөргө айталгыс.
Аларды азайтып келатам,
Өзүңө ыр жазып жапжалгыз.

## ЭЧКИНИН УЛАГЫ

Памирде тоолор бийик, аска бийик,
Короо-короо кой мисал кулжа, кийик…
…Сен аткан ок кадалбай боз улакка,
Кадалсачы жүрөгүңө ташка тийип…

Жыпжылуу гильза ыргыды затворуңан,
Адамдай ажал тапкан кас колунан —
Байкуш улак бир бакырып тыпырады,
Түтүктөнүп ысык кан колтугунан.

Калдактап качты эчкилер, артын карап,
Бир эчки артта илкип араң барат.
Тыпыраган боз улагы элестелип,
Сакалына жаш чубуруп тып-тып тамат.



Түшүндө ак улагы сүтүн эмет,
Ойгонуп улагына кайра келет.
Улагы жок каңырсыган каны ташта,
Убайымда кайтат да жашын тогот.

Суу жетпес тоо чөбүндөй үмүт соолуп,
Эчки жүрөт ичине күйүт толуп.
Мергенчинин эшигинде желге ыргалат,
Боз улактын териси чанач болуп.

## БҮРКҮТ САЛУУ

Тез тартты томоосун,
Бүркүтчү сүйүнүп.
…Көккө атып шаңшыды,
Жүрөктөй түйүлүп.

Шуулдап келатат,
Шамалдай закымдап.
Жагоодой түлкүгө,
Жакындап, жакындап…

## ТАЛАСТЫ САГЫНУУ

Жакшысың жаан жаар жайкы кечтей,
Жагалданып жадымдан коркуң кетпей,
Ата-энемдей сагындым Талас сени
Аба жарып кыйкырсам үнүм жетпей.

Чынында Памир кызык, Памир бийик,
Жүрөмүн көкүрөгүм көккө тийип.
Жүрөмүн бакма элик баласындай
Талас деген сөз уксам көзүм күйүп.

Памирди көрсөм ээ деп самап, самап,
Келген соң, иштеген соң — атаганат!
Аргасыз асыранды аркар мисал
Талас деген сөз уксам жүрөк канап…

Кубарып куурай мисал өңдөн азып,
Тултуюп кээ бир кечте эрте жатып.
Таласымдын табийгатын элестетсем,
Элжиреймин жүргөндөй анда басып.

Сүйгөнүн сагынбаган болбойт кызда,
Уясын сагынбаган болбойт кушта.
Ойлосом сагынычта барар күндү,
Боргулданам чыпылдап суук кышта.
Садагасы Таласым...

Карыя жаштык кезин эстегендей,
Сокурлар соо убагын эстегендей.
Таласты дайым эстеп жатам, турам,
Ансыз мага көп нерсе жетпегендей,
Садагасы Таласым...

* * *

Көп керемет боло берет турмушта,
Жүрүп-жүрүп эч билинбей, угулбай
Бир көрүнсөм көрүнөрмүн кыргызга
Капилеттен чыга калган куюндай...

Мен таң калып, мен суктанып турмушка,
Аз аз жазып, көптү байкап баамдай
Бир төгүлсөм, төгүлөрмүн кыргызга
Күтүлбөстөн жаап кирген жаандай...

## ЭКИ-ҮЧ КҮНГӨ МЕКТЕП ЖАБЫК

*Рыспай Абдыкадыровго*

Эки-үч күнгө мектеп жабык... эшик кар,
Бети-колуң аяз жалмайт кылычтай
Кулак түрүп радио жанында
Бут Мургабчы үйлөрүнөн чыгышпай
Мактайт сени... «көптөр буга тең келбейт,
Даван ашып бизге мурда келген дейт.
Музыканы жандай сүйгөн жигиттер
Мургабчыга концерт коюп берген дейт.
Бийиктикти бирдекеси жок сүйбөйт
Бийиктикке келген адам жөн келбейт»...



...Мен олтурам күйгөн мешти карап жай,
Эшик аппак жазыла элек барактай —
Өзүмдү өзүм таптайм бардык жагынан
Өз кынынан чыга элек жарактай,
Бир кезекте ырларымды Мургабчы,
Обонуңду самашкандай самашса ай...

Эки-үч күнгө мектеп жабык... эшик кар,
Бети-колуң аяз жалмайт кылычтай —
Мен олтурам көңүлүмдү жылытып,
Сен ырдаган обонуңа Рыспай.

## АҢЧЫЛЫКТА

Урчукту ууру булут калды басып,
Кийикчи ит тыңшайт создү түшүнчүдой —
Жалын жалап кемегенин кара ташын,
Жоолуктай которулуп, үзүлчүдой...

Боорду карап коюп очоктогу,
Бир чымчым насвай атып алакандап —
Берикбай кызып кетип насывайга,
Бежирейт беш ордогу балапандап...

Мактанчаак мергенчилер «Мен, мен», — дешип
Сүйлошот кезек күтпой жарыш менен.
Мампая малдаш уруп Мамырайым,
Кулжанын мүйүзүн ченейт карыш менен.

Айтышты тоодо жалгыз жаткандыгын,
Түтокпой далай ашуу ашкандыгын.
Жанарак кулжа аткан куу аскадан,
Качандыр картаң илбирс аткандыгын.

Асканы шуулдатпай шамал тынды,
Калптарын шуулдатпай алар тынды.
Мен уктап арсак Памир аскасында,
Түшүмдо коруп жаттым Таласымды...

* * *

Өрүк гүлдөйт, бирок билбейт
Канча мөмө саларын
Өзүмө да эч белгисиз,
Канча ыр жазып каларым?!

* * *

Сапырылса сайдын суусу ылдый тынбай,
Жүрөктөгү жүрүп турган сагынчымдай —
Шарын тиктеп ойлонуп олтурамын,
Көңүлү бук, кусалуу ылаачындай.

Менден түшкөн суудагы элес жоголбостон,
Айылыма жалбырактай агып барса —
«Уулумдан кат келбейт» муңайгансып,
Сууга келген апакем сузуп алса…

Дир-дир этип чайпалбастан тогулмокмун,
Ай жүзүнө, күн жүзүнө өбүлмөкмүн —
Уул-кыздуу болсом да апакеме,
Балтыр бешик кезимдей көрүнмөкмүн.

## ОКШОП ЖҮРӨМ

Апам алыс калып-калып, ыраакта,
Сагынычтан мен саргайган убакта —
Окшошомун бир жак учу жалбырттап,
Бир жак учу күйө элек жыгачка…

Кусалыктан көздөн мөлт-мөлт жаш ага —
Чуркап кетип калгым келип атама.
Меш үстүндө бети муздак, түбү ысык,
Суунга окшошом мелтиреген чакада…

Тике карап кыйындыктын баарына —
Арууланып айылымды сагына.



Окшошомун бир уюлу жыпжылуу,
Бир уюлу аяз жердин шарына. .

## ЭПИТАФИЯ

*Кызым Динардын эстелигине*

Мен келдим көзүм канап, көрүшкөнү,
Сен деген кайгы-муңум бөлүшкөнү —
Бир ууч болуп бозорбочу тоо боорунда,
Торгой тилдүү кызымдын, көрүстөнү…

Өзүңдөй назик-ичке чөптөр көрүп,
Өңгүрөнүп турамын жашым төгүп.
Сен кимдерди жүрөсүң Ата кылып,
Жатасыңбы, жарыгым мени көрүп?!

Суктанам суу боюнда оюн салган,
Козу-улакка, балапанга, кулундарга…
Айтчы бопом, атакелеп турар белең,
Атакеңдин арман ыры угулганда?!

Жапжаш чөп сенден келген жан сыяктуу,
Жапжашыл…
                    бирок мага бербейт кабар…
Аталар наристесин жерге койбой,
Алжыган аталарын көмсө балдар.

Жатасың го жаткан жериң жарык кылып,
Оюнуңду ойлономун тарых кылып…
Баланын наристелик назиктигин,
Билемин бир өзүңө салыштырып.

Арыбас арманыңа малынгам да —
«Аталап» сагынганың сагынганда.
Аргасыз… ичим күйүп, жүрөк канайт,
Кабышып калган мисал кабыргам да…

## АГЫНДЫ

Эч ким билбейт кайдан суугa түшконүңдү,
Эч ким билбейт эми кайда агарыңды.
Суу шарынан артыңа агалбайсың,
Канчалык сен жыйнасаң да жан-алынды.

Мен да сендей агып кетип баратамын,
Сүйүүмдүн алдас урган ташкынында —
Кайда апарып, кайда коёт түшүнүксүз,
Дайра-сүйүүм акырында,
акырында!

## БАЛЫК

Суу соолгон... Балык жатат оозун ачып
Аппак тошүн акактай жалтыратып.
Пайда жок кайра суугa салган менен
Тирилбейт ыйласаң да арман менен.

Пайда жок эми сүйом дегениңен,
Коңүлүм калган сенден ушунчалык.
Сезбеймин сен дүйнодо бар-жогуңду,
Сезбегендей суу бар-жогун олгон балык.

* * *

Жүрокко сүйүү тарталбай,
Жүрчү элең бизге байкалбай.
Жылтылдап азыр калыпсың,
Жылгадан чыккан калтардай...

Жүрсом да мурда барк албай,
Коздорүм жайнап аркардай —
Жактырып жүргон кезим бул,
Жартылуу бир соз айталбай...

* * *

Сени узаттым...
Паровозду кош сызык,
Тажабастан которгондой карышып —
Унутпагын албуут турмуш түйшүгүн,
Рельсадай которордү жарышып.



Кол булгадым, кош канатын самолёт,
Жалтыратып жашыргыча булутка —
Күн беттеген самолеттой зарылдап,
Биз турмушта бирге учарды унутпа!

## ӨТҮНҮҮ

Суулар агып түгонбогон сыяктуу,
Түк түгонбойт ойлорум сен жонүндо —
Жамгыр чопко жан киргизген сыяктуу
Жан киргизет каттарың да омүрго.

Балык суудан чыга албаган сыяктуу,
Башкаларды ойлой калсам тумчугам.
Уясына бүркүт кайткан сыяктуу
Жалгыз сага жарпым жазып умтулам.

Мен озүңдү эстеп жатып мас болдум,
Шарап ичип шайым кеткен сыяктуу.
Сен да дайым таза болгун, ак болгун
Менин таза махабатым сыяктуу.

## ЭГЕР МЕНИ СҮЙҮП КАЛСАҢ

Эгер мени сүйүп калсаң,
Айт сүйүүңдү жашырба —
Кан толкуткан ал учурдан,
Канат бүтот акынга.

Эгер мени сүйүп калсаң,
Жүрогүм эз — үн болуп.
Жытың аңкыйт жан жагымдан
Жаңы ачылган гүл болуп.

Эгер мени сүйүп калсаң,
Акыл эстен тангыча...
Милдетиңдей күто турган,
Менден сүйүү жангыча.

Эгер мени сүйүп калсаң,
Өзүңдон коп мени эстеп.

Ишен анда сонун болот
Биз аттанган кепечек...
Эгер мени сүйүп калсаң...

## КҮЗДӨГҮ КАТ

Көңүлүмдөн көп сөздөрүм чубурат,
Күзгү түшкөн жалбырактай бириндеп.
Кандай кыйын болсо сенден бөлүнүү,
Андан кыйын болду сенден түңүлмөк.

Канаттуулар учуп кетти кайрадан,
Калтырышып тааныш, жылуу уясын.
Сен де кеттиң, сен жөнүндө ыр калды,
Жүрөгүмдү тыңшап турсаң угасың.

Биз ушинтип ажырашып жатканда,
Да бироолор таанышышып жаткандыр.
Мен аларга сүттөй сүйүү каалаймын,
Сен да аларга ак тилегиң аттандыр!...

* * *

Капалыкты алыс айдап,
Келчи жакын — туралы —
Шамалдын да сырга толгон,
Музыкасын угалы.

Муңдуу жүрөк кубат алсын,
Койчу ийниме башыңды.
Чөккөн көңүл көкөлөсүн,
Сылаганда чачыңды.

Эркин өскөн балалыкты,
Эстеп эркем, муңайба —
Эли үчүн эмгектенген,
Эрлер теңдеш Кудайга.

Карап койчу, караганың,
Күрөшкөндө күч берсин —
Биздин аккан бүгүнкү тер,
Келечекке түс берсин!



## ПАМИРДЕН КАТ

Келчи депсиң...
Памир жолу опурталдуу
Эртеңкини эркетай болжоп болбойт.
Азап менен ашылып ар бир ашуу,
Ар ашуудан кылтыйып кырсык торгойт.

Барганымча даярдан...
таңдан кечке
Бирге ашууга турмуштун ашууларын —
Секетим, сен сезип кой, келечекте,
Памирден да кыйыныраак ашуу барын...

* * *

Жапайы тоо... жаңы тааныш... жан жагым,
Суук катуу, шамал катуу... кайыгам —
Жабыкканда жароокерим, жалжалым,
Бүт илдеттен озуңду эстеп айыгам!

* * *

Алиге кетпейт эстен, кетпейт ойдон,
Секунддар сен сеңселип күлүп койгон.
Капырай, карашың да дүйнө болуп,
Катылуу карегимде ошо бойдон...

## СЕН ЖОКТО

Сен жокто мен озүмдон алыс калып,
Жалгыз үйдо жашаганым узун тарых...
Жашырынып жатабы деп кылыктанып
Улам карайм, эшиктерди ачып жабып.

Батырак жолугууну самап, жаным,
Күндо эстейм күн батканын, таң атканын —
Сенин аппак алкымыңдай жаркырашат
Сен жууган пийла, чайнек, табактарың.

Магдырайм узун түндө уктарымда,
Мас болуп шейшептеги жыттарыңа —
Мен күндөй ысып жүрөм алоолонуп,
Моюн сунбай Мургабдын ызгаарына.

* * *

Билбейм дагы канча жолу суу агат,
Биздин баскан изибизди өчүрүп.
Билбейм дагы жүрөк канча кубанат
Башка кыздар сен сыяктуу сезилип?!

Томсоруп сен тоссоң дагы сүйүнбөй,
«Жок» деген көп жообуңан түңүлбөй.
Өмүрүмдө унуталбайм өзүңдү,
Бир жуманын тегеренген күнүндөй.

Жүргөнүмдө сүйгөнүмдү табалбай,
Сени көрүп мас болгонмун карандай.
Жүрөгүмө жакынсың сен, жан эркем,
Колдорумдай, өзүмдүн беш салаамдай.

## ЭГЕР МЕНИ САГЫНСАҢ

Чын сүйүүнүн сагынычы ырахат —
Сагынычта жашаш кыйын мага да…
Мени менен бир баскансып каласың,
Өзүң жалгыз өзөн боюн арала.

Кимдер тыят адам оюн, санаасын,
Эгер мени ушунчалык сагынсаң —
Мени менен сүйлөшкөнсүп каласың,
Жаңы ачылган гүлдү жытта багыңдан.

Тарабаса сагынычың ага да,
Мени ойлоп элден эрте жат, жаным.
Тыңшаш үчүн терезеңден кыз, бала
Бизди туурап өбүшүп жатканын.

Сен ошондо сергигенсип каласың,
Жүрөгүңдү кыскан сагыныч, санаадан.
Бирок билгин сагынычтан чыйралып,
Сагынычтан кубат алат ар адам.



## САГА

Шектене жылмайбачы суроо сурап,
Шектене карабачы мени сынап.
Жадабай мен өзүңдү күтүп жүргөм,
Жарды опкондон жадабаган толкун сымак.
Сезилбеген өзүмдүн демиме окшоп,
Сезилбей келатасың канымда ойноп,
Абадан дем аларым унутпагандай
Унутпаймын өзүңдү дайым ойлоп.
..Жадабаймын сени менен ойногондон,
Шуулдоодон жадабаган жел сыяктуу!
Жадабаймын сен жөнүндө ойлонгондон,
Жаандан жадабаган жер сыяктуу.

## БҮТПӨГӨНДӨЙ ОЙЛОРУМ

Көңүлсүздүк, кочом жана жан-жагым,
Суук катуу жана дагы кар калың.
Жаз жакындап муз сынгандай сүйүнөм
Каттарыңды алган сайын ардагым…

…Азыр эркем ашуу жабык, жол жабык,
Каттарыңды кайталасам колго алып.
Жаштык күндөр жан-жагыман учушат
Жарк-журк этип канаттары нурланып.

Баскан-турган күндү эстесем сен менен,
Тоо ичинде томсоргон көл өңдөнөм,
Же суу куйбай, же суу акпай жана да,
Жайдыр-кыштыр келгин куштар келбеген.

Тышта шамал, толтуруп тоо, ойлорун,
Сени эстедим, ырахатка тойбодум.
Таң атканча бороон бүтпөйт, озондойт,
Бүтпөгөндөй сен жөнүндө ойлорум…

## ЖОЛ КАРАП

Мургаб жери… дарак өспөй, чөп өспөй,
Пил териси сыяктанып бозомук —
Сен зериксең музыка деп, ырлар деп,
Шамал ырдайт, шамал боздойт, ошону ук…

Жалгыздыктан жадап, бүттүм зеригип,
Жандай көргөн досторумдан бөлүнүп
Бүгүн күзгү дарак болдум жылаңач
Кечээ суудай алдас уруп, төгүлүп...

Жан жагым тоо-байлыктары оюлбай,
Жолдор кетет... тоо кыркалай, коюндай
Ош тараптан саат сайын ЗИЛ келет
Саат сайын сага барчу оюмдай.

## БОЛГОН КЕЗДЕ

Жүргөндүктөн көптөн бери көрүшпөй,
Жүрөгүмө кыссам жүзүң, өрүктөй
Мени түртүп титирейсиң «корот»деп,
Мергенчиден коркуп калган эликтей.

Терезеңди тырс-тырс кагып күн өтпөй
«Теңирим» деп бетиң өпсөм жибектей,
Саксынасың аңдып жүргөн бар окшоп
Ок жеп анан аман калган чүроктөй.

Ай, ашыктык, оттон алып отко урат,
Сага жөнөйм бир азыраак болсо убак.
Жок сыяктуу сени мендей сүйөр жан,
Мени дагы сендей сүйөр жок сымак...

Андай жерде керек эмес саксынуу,
Андай жерде керек жүрөк тапшыруу —
Болгон кезде бир-бирине берилүү,
Болгон кезде бирин-бири жактыруу.

## КАТТАРЫҢ

Акылымды тун сүйүүм багындырып,
Жүрөгүмдөн алоолонгон жалын чыгып.
Кан кайнатып каттарың караттырат,
Кеч келишкен келгин куштай сагындырып.



## КАТТАРЫМ

Өзүңө арнап жазган каттарымдын,
Ар барагы жакшы чыккан ырга турат.
Чубалып ойлорумдай барат сага
Тизилип баратышкан турна сымак.

Эх чиркин, тыныш белги башка болсо,
Сүйүшкөндөр каттарына жаза турган —
Үтүрлөр да үңкүйбөй маани берсе,
Туңгуч сезим тулкусуна бата турган.

Көп чекит, сызыкчалар, суроо илеп,
Коёмун каалашымча, бирок жүрөк —
Айта турган сөздөрдү билдире албай,
Алоолонгон максатым ичте жүрөт.

Аларды...
эске албай каттар жазам,
Ар катым жакшы чыккан ырга турат.
Тизилип сезимимди бирден ташыйт,
Тизилип келатышкан турна сымак...

## АТЫҢДЫ ЖАЗЫП АЛГАМ

Магдырап мас болгондо махаббатка,
Атыңды жазганым жок аппак карга —
Анткени атың жазда эрип кетпей,
Мени үндөп жүрсүн үчүн максаттарга...

Ашыктык албууттанып тарап канга,
Алкынтып алыска алып бараткaнда —
Ай өтпөй унутулуп калбасын деп,
Атыңды жазганым жок дарактарга...

Жетсем деп мен эңсеген тилегиме,
Атыңды жазганым жок билегиме —
Атыңды өчпөс кылып жазып алгам,
Бир гана сени сүйгөн жүрөгүмө...

## НЕГЕ ЖАНЫМ БИР КАТ ЖОК

Күндө катты каратамын тажабай,
Почточу кыз «жок»деп күндө жылмаят.
Так ошондо менин кырчын омүрүм,
Так жыйырма жашка чейин улгаят.

Адеп катты каратамын тажабай,
Адеп ал кыз «жок» деп мага маңкаят.
Так ошондо менин жапжаш омүрүм,
Так отуз беш жашка чейин картаят.

Балыкчыдай күндо келген балыкка,
Күндо келем кубанып кат каратып —
Неге жаным, жок дегенде бир кат жок,
Күндо кетем жүрогүмдү канатып...

Тобокел деп тоого чыккан мергендей,
Күндо келем сүйүнүп кат каратып —
Неге жаным, жок дегенде бир кат жок,
Күндө кетем коңүлүмдү канатып...

* * *

Кусалуу олтурсам сен мени
Ойлонуп жаткандай сезилет.
Антейин десем мен кубантчу
Каттарың негедир кечигет.
Кайтамын күнүгө үйүмо,
Катыңды каратып беш ирет.
Үшүнтүп таптаза, туптунук
Үмүтүм азаят, жешилет...
Жайма-жай жүросүң сен неге,
Жашоого келчүдой эки ирет?!

## ЖАЗЧЫ КАТ

Катың менен жашап жатам жан эркем,
Мага тааныш демиңди угуп катыңдан.
Демиң турсун жылуулугуң сеземин,
Бир мен үчүн кат сабына катылган.



Конуп калдым каттарыңды күтүүго,
Каттарыңдан мен озүңдү корүүгө.
Каттарыңан элестетип жүзүңдү,
Каттарыңан кайта-кайта обүүго.

Коп-коп жазчы убактыңды аябай,
Бүт каттарың мага дары — абадай.
Бүт дүйнонүн ысыктыгын сездирген,
Создорүңдү кармап турган барак ай.

Ар бир адам оз бактысын күткондой,
Коп иштерим коңүлүмдон иштелбей,
Күтүп келем сенин ар бир катыңды,
Катың менен тагдырым бир бүткондой...
Жазчы кат...

## КААЛАР ЭЛЕМ

Келди бироо денемди баскан оңдуү,
Кечки асфальтты тык-тык басып эшигиңе.
Какты анан, жүрогүмдү каккан оңдуү
Коёсуңбу? Чыгасыңбы?
Үндобойм.
Өзүң үндо?

Алтыным, алдас уруп айтарым бу:
Арнаба мага арнаган назданышты.
Сүйгондүр сүйгон бироо козүң сүзбо,
Сүзгондой сүйгонүңо мага алыскы.

Каалар элем сенин ага чыкпашыңды,
Каалар элем озүмдү эстеп укташыңды.
Каалар элем турушун жүрогү сууп,
Кетиришин жамгыр жаап,
жаан кууп...

## ОЙЛОБО СЕН...

...Ойлобо кетсем байкуш жоголот деп,
Ойдогу суу жетпеген гүлдой солуп.
Мен кайра күчко толом албууттанып,
Жаздагы ташкындаган суудай болуп.

Үстүнөн атчан баскан, жоолор баскан,
Жол элек келе жаткан алыс жактан.
А азыр ал көрүнүш башка болуп,
Жолго окшодук эки жакка ажырашкан...

Мен окмун жаңы атылган чоң максатка,
Же жетем, же жоголом тийип ташка —
Максат калып бөлүнүштүк...
бир дарактын
Бутагындай өсүп кеткен эки жакка...

* * *

Азап экен алыс жерге барганда,
Эл сагынуу, жер сагынуу арманда.
Чиркин жүрөк учуп турат куш болуп
Кайтарыма аз эле күн калганда.

Кармаганбы күндү бирөө кулатпай,
Же уясы кеткен бекен ыраактай —
Күндөр мага жылбагансып көрүнөт
А кусалык ичимди эзет чыдатпай.

Суулар дагы куюлууга ашыгат,
Күндөр эмне жылбай калган батырак?!
Көптөн бери көрүшө элек айылым,
Көздөрүмөн учуп барат чачырап.

Азап экен алыс жерге барганда,
Эл сагынуу, жер сагынуу арманда.
Чиркин жүрөк учуп турат куш болуп,
Кайтарыма аз эле күн калганда.

## КАЙТАРДА

Суу болуп аска таштан кулатылган
Ок болуп кысталышта бир атылган.



Келатам өскөн жерим, энеме окшоп
Өзүңсүң арманымды уга турган.

Мурдагыдай чыгабы күнүң дагы,
Жааның жаайбы дагы эле мурдагыдай?!
Көрсөм экен чөбүңдүн койколгонун,
Кусалыктан кубардым ыйлагыдай.

## АЛЫКУЛ

Ааламга Ай нурундай чачып жарык,
Туулган жер турпагынан кубат алып,
Алыкул мейкиндикте кетип барат
Мезгилге ак боз аттай минип алып...

Батырып бир күнүнө бир кылымды,
Батырып бир сап ырга миң-сан сырды,
Уктабай уудан дары жараткандай,
Жараткан кайран акын ыйдан-ырды.

Анын да тирүүсүндө көңүлү чөккөн,
Арманын ак баракка жазган, төккөн.
Аялдан көөнү калып... Ырларынын,
Быйтыйган апапакай бутун өпкөн.

Жазданып жамбашына көпкөк музду,
Алыкул Атажуртун жылытуучу.
Кыйкырып жогун жоктоп келаткандай,
Кыргыздын жааган кары, аккан суусу.

Ырынан чоп кылтыят когоргону,
Өлгөндөр шашылышат торолгону.
Бир татым тузу кемдей ал жок кезде,
Кыргыздын бийик тоосу, терең көлү.

Бул күндөр жалын төрөп, эрдик төрөп,
Жигит-кыз Күн оңдонот, Ай оңдонот.
Ырыңды ырдап жүрүп ышкын терсем
Ийнинен жылан чыгып бетимди өбөт.

Токчулук улам күчөп, улам демеп,
Бул күндөр жылдыздарга барат жонөп,
Ырыңды ырдап бассам... Туулганы
Укпаган дүлөй угуп, сокур көрөт.

Алыкул сен жайчыдай кубуласың,
Замандын күлкүсүнөн угуласың,
«Ыр жазар, ылхам келди»... деп сүйлөнүп
Мүрзөңдөн чыгуучудай туюласың.

Алыкул кереметтей кубуласың,
Келечек күлкүсүнөн угуласың.
Эшиктен кирип келип: — Эх, иним — деп,
Ырымды оңдоочудай туюласың!

## КОШТОШУУ

Уйгу-туйгу учушкан аарылардай,
Лапылдатып кар жаады таңдан тынбай...
...Өзүм дагы түшөр жайын билбес кармын
Түшөрмүн түшкөн жерим мактап ырдай.

Өзүмдө өлбөс баатыр жаны бардай,
Өзүмдө кереметтин баары бардай.
Бийиктикке чыгарбай кулатса да
Бийиктикке чыгуучу өжөр жандай.

...Баратам «көк кашкада»зымырылып,
Памирим деп, Мургабым деп кыңырылып,
Эшиктеги шуулдаган шамалынан
Кулагыма кумар канбас ыр угулуп...

Бийиктикке чыгуучулар кыйналышат,
Мен өзүңө чыкканда кыйналгандай,
Ак жол тиле!
Мен башкача бийиктикке
Чыгууга кайрат, күчүм жыйналгандай!



## АЛЫСТАН АЙЫЛГА КЕЛГЕНДЕ

Мурдагыдай суу агат — комуздай,
Мурдагыдай ай чыгат — томуктай.
Мурдагыдай булбулдар сайрашат,
А мени бир ойлоп коюшпай...

Ак тамдар жайнашат — тепкедей,
Аптапты соз дебей, кеп дебей,
Алмалар шагында салаңдайт
А мени бир дагы эстебей...

Булуттар кайдадыр жылышат,
Бейтааныш жаш балдар турушат —
Таанымбай айылдаш агасын
Кайырмак талашып урушат.

Мен келдим алыстан шашылып
Айлымды жүрокко батырып,
Мурдагыдай күн өтүп жатыптыр,
Жаан жаап, кайрадан басылып...

## ФРУНЗЕНИН ООРУКАНАСЫНДА

Бир такшалып, бирге жүргөн курбуларым,
Мага окшоп кыйындыктан коркпойт, билем!
Кыйындыкта кылчайбас жолдошу элем,
Катарымдан калганыма ыйлап жүрөм...

Досторум кыйындыкка өзүн бүлөп,
Эрегишип эртеңки үчүн иштеп жүрөт.
Мен аларга кошулуумду күндө самап
Арга таппай жаткан кезим жетимсиреп.

Караңгы кочолорго колдон тартып,
Калжактап оозго алгыс сөздөн шалпып —
Бир-бирин ресторанда сынаганча
Бир-бирин кыйындыкта сыноо артык...

Кыйындыкта арка болгон алтын жарым,
Анчалык азапты жеп кайгырбагын.
Мен айрылып опкомдун бироосунон
Мекен деген журоктон айрылбадым!

Кун келет..
Жол тартабыз кайра баштан,
Тоолорго ак кар, кок муз дайым жаткан —
Чолдорго жылан солуп уусун чачкан,
Талааларга куш талытып канат каккан…

# «ЧАБАЛЕКЕЙ»
## ырлар жыйнагынан
*«Кыргызстан» басмасы, Фрунзе — 1977-жыл*

### ЧАБАЛЕКЕЙ

Азыркы анан келбес арман дүйнө,
Карган чал, карган кемпир, карган үйдө.
Радио салам айтып ойготот да
Радио: «Жакшы жат» дейт ар бир түндө.

Бүгүнкү эртең болбос дүйнө арман,
Карган чал, карган кемпир, үйдө карган.
Баласы — уя салган чабалекей,
Баласы — кан майдандан кайтпай калган.

Бул тагдыр кандай таш боор, кандай кереӊ,
Толбосту толтурушат эмне менен?!
Күн дале, чоптор дале чыгып атат
Бул экөө бир учурда чыкпайт деген.

Жазмыштын жасаганы кандай кереӊ,
Жартыны бүтүн кылат эмне менен?!
Суу дале, өмүр дале агып атат
Ал экөө а кезекте акпайт деген.

Сайраса чабалекей таӊдан тынбай,
Чал, кемпир угат аны, угат ырдай.
Алты жыл айтса дагы азайбаган
Арманын аларга айтып баласындай.

Байралган балапандар өз жерине,
Топтолуп тоону тоолой кайткан кезде.
Жолуна бата берип узатышат
Чөбөрөсү бараткандай мектебине.

Чыйралып жоокер мисал турган чекте,
Үн катпай дулдуюшуп бир-бирине.
Муштумдай эки кары маңдай жарат
Бир гана чабалекей келген кезде...

Келбесең кемпир-чалга аба жетпей,
Саргайып сагынарын элестетпей.
Сен эмне быйыл мынча кечигесиң,
Сергегим чабалекей, чабалекей.

Басышың балага окшош копту сезбей,
Калтырып бизди, аларды жетимсинтпей...
Кетпечи — силер барда алар алдуу,
Кетпечи — чабалекей, чабалекей...

## ЧОЛПОНБАЙ

Чолпонбай, Чолпонбайым, жан курдашым,
Ок тиет, башыңды кат, жашын, жашын...
Сен эмне колуктуңа кучак жазбай,
Мупмуздак пулемётко кучак жаздың?!

Ок тешкен жүрогүңдо ойноп шамал,
Дарман жок, желмогузга жетип барар.
Куладың: «Апакеме, Мекениме
Кадалчу окту тошүм тосуп калар...»

Өлбөчү, кайратыңды берчи мага,
Желектей же атышта аткан октой —
Заматта озүм сендей баатыр болуп,
Шырылдап жоого учайын кызыл чоктой.

Өлбөчү, Чолпонбайым, козүңдү аччы,
Өлбөчү, кирпигиңди кыймылдатчы.
Жүрокто шыгыраган огуң менен
Калчылдап качкан жоону кайра атчы.

Сен олсоң сокур согуш бир олчүдой,
Сен олсоң мылтык оозу бүтолчүдой,
Сен олсоң тийген огуң чыгарбастан
Дүйнодо атылчу ок түгончүдой...



Кеттиңби?! Кетсең дагы күйүп-жанып,
Согуштан жүросүңбү сурак алып —
Кайрадан октор тышка атыларда,
Кайрадан тошүң тосуп тура калып?!

Же кокус кордон чыкса болуп дайра,
Согуш ок каптайбы деп жерди кайра —
Чыгарбай жүрогүңдон жатасыңбы,
Карышып жылдан жылга, айдан айга?!

Ок бизге тиймек кайда сени тешип!
Өзүңдү коргон сезип, баатыр сезип —
Келебиз балабызды Чолпонбай деп,
Баладай элесиңди эркелетип...

## БАЙКЕЛЕРИМ

Байкелерим тоого окшотом,
Жатып, туруп ар дайым.
Жылга-жыбыт, кокту-колот —
Бырыш жүзү, маңдайы.

Тирүү болсо байкелерим,
Адам болмок керилген.
Тоодой болуп бүт дүйного,
Адам болмок корүнгон.

Жатса алар корүнбостон,
Жатат тоолор созулуп.
Байкеме мен барган элем,
Балдар менен кошулуп.

Сүйкүм беттер таманымды,
Куйкалаган отуна —
Чымыраган бүткон боюм,
Чыкканымда чокуга.

Ай-ааламды коргонсүгом,
Кубанч ойноп канымда:
«Мындан бийик котормок ээ,
алар болсо жанымда».

Байкелерим, байкелерим,
Жан берсе да алыстан,
Жат кирбесин конушка деп,
Коргон болуп калышкан.

## АКЫНДАР СОГУШТА

Жан аябай, эл, жер үчүн күйүп-жанып,
Калем сабын каңырсыган канга малып
Ырлар жазды...
Эгер ыры начар чыкса
Ошол замат чыккынчыдай атып салып...

«Жеңиш, Жеңиш — болбосо олүм» — болуп кырдаал,
Керек кезде Чолпонбайдай баатыр ырлар —
Жүрөгүнө тийген октон жайчы мисал,
Кан агызбай ыр агызган жакшы акындар.

...Ошол ырлар — жомоктогу жоокерге окшоп,
Жарадарга жанын берип, күчүн топтоп.
Манас болуп — кайраттарга кайрат кошуп,
Эне болуп — уулдарын алга коштоп...

Биздикине мейли күндүз, мейли таңда,
Ок жаңылса...
Ошол ырлар ошол жанга —
Канын берип, жанын берип керек кезде,
Октон күчтүү ок болушкан атышарга.

## ТҮБӨЛҮК ОТ ЖАНЫНДА

Болгон максат өзүн эмес, өлкө сакташ,
Кармаш менен канды төгүш кайра качпас...
Ай-ааламды алты айланып чыккан менен,
Силерге тең эл эрлерин эч ким таппас.

Оопасыз күн эстен чыкпас, эстен кетпес,
От курагы отко айланган оо, мекендеш.



Бул дүйнөдө баары болор, бирок, бирок
Баатыр болбос өзүңөргө чеңдер, теңдеш.

Эрдиктерсиз жарык дүйнө кандай болбош,
Кунары жок, куурап калган даракка окшош.
Мекен үчүн кетпесеңер бизден мурда,
Тууган жер — деп, кан кагылбас, жүрөк сокпос.

Дайра сымал эч азайбас, такыр соолбос,
Өмүрсүңөр оңү очпос, азбас, тозбос.
Силер окшош эмессиңер табиятка,
Түбөлүктүү жаратылыш силерге окшош.

## БЕЛГИСИЗ ЖООКЕРЛЕР

Каармандыкты калтырышкан билем мен,
Калса дагы калкка даңкы айтылбай.
Мекенинин өлүмүнө өлүшкөн
Жалтанышпай, калтарышпай, тартынбай.

Баатырдыкты көрсөтүшкөн билем мен,
Баарыбызга жүрсө да ысмы билинбей.
Жеңиш күнгө салымы бар алардын,
Жааган жамгыр тамчысынын бириндей.

Биз көгөрчү тамырларга айланып,
Белгисиздер бел болушуп турушат.
Биригишип аба, сууга, атагын
Каныбыздын кагышынан угушат.

...Сен аларды билбейт дебе билишет,
Сен аларды көрбөйт дебе көрүшөт.
Өлөрүндө тарпын жанга көрсөтпөй,
Бүркүттөр да көздөн кайым өлүшөт.

Тоолор, тоолор томсорбочу аларга,
Кезегинде тоодой эрдик көрсөткөн!
Мелмилдеген Мекен барда алар бар,
Менде, сенде жашап келет өлбөстөн!

## БЕРЛИНДЕН КАЙТЫШКАН ЖООКЕРЛЕР

Мас кылып жаздын жыты, каттын жыты,
майдандан маңдай жарып келатышты...
Жеринде түтүнү учуп замбиректин
Аз-аздан тарап жаткан сиңип кокко —
Чыкпай калган осколкалар ошол күнү,
чыгышты орден болуп көкүрөккө...

... Кызыл кыргын, сары сүргүн, түтүн-булут,
калганда ок түгөнүп, амал куруп —
гранаттай түшкөн жерин жарсын үчүн
жоокерлер жоого ыргыткан бутун жулуп.

Ок колун жулуп кетсе колун жоктоп,
калбастан катарынан ыйлап-боздоп —
Ураалап улам алга чуркай берген,
кан куюлган каруусу желекке окшоп!

...Жоокерлер кан агызып, канын жуткан,
жоокерлер жоону сүрүп чаалыгышкан.
элине эми кайтып келатышат
энеден төрөлгөндөй кайра жаңы,
бардыгы ажырабай колдон-буттан...

## ЖЕТИМДЕР МОНОЛОГУ

Аталардын сүрөттөрүн колубузга,
Кармап алып караганда көңүл түндөй...
Жер көрө элек бул кыргындын болгонуна,
Өзүбүздү ойлоп коюп күнөөлүүдөй.

Тырмактайдан майнабы бар максат коюп,
Өжөр өстүк алдаганга такыр көнбөй —
Аталарга тийген октон бала болуп
Бул өмүргө кектүү болуп төрөлгөндөй...

Биз аларды ар башкача элестетип,
Уктап жүрдүк жайдыр-кыштыр эшик жаппай...
Каркыралар кетет, келет мөлт-мөлт этип
Көздөн аккан сагынычтуу ысык жаштай.



* * *

Даңктан сүрдөп, бийликтерден жазганбай,
Дайра агат миң жыл мурун аккандай,
Колго куйбай кумурскадай куюлуп,
Жерге кирип кайра чыгып жаткандай.

Жашыл өзөн, жашыл тоолор — ак маңдай,
Чыңгызхандан же Гитлерден сактанбай,
Жаралганда кандай болсо ошондой
Жыргап-куунап балкаймактап жаткандай.

Бир-бирине окшош түшкөн ак кардай —
Бир-бирине окшош адам көп кандай.
Жаннат кеткен жаткан көрүн жара тээп
Жамбашын күүп, кайра келип жаткандай.

## АТА СӨЗҮ

Ичирдим, кийинттим, кастарлап,
Өстүрдүм, окуттум, ардактап.
Үйлөнттүм, үй болдум, эми уулум,
Бизди кой, өзүңдү өзүң бак.

Ойлорум жалгыз сен жөнүндө,
Кандайың көрөмүн көрүмдө.
Атаңдан болунсоң болунгун,
Элиңден, жериңден болунбо.

Жаштыкка, сүйүүгө эсирбе,
Койроңдой, коңдойдой сезилбе.
Дүнүйөң жок болсо жок болсун,
Уятың бар болсун бетиңде.

Басасың түздөрдө, тоолордо,
Бактылуу боло гөр чоң жолдо.
Атанын, эненин кадырын,
Билесиң балалуу болгондо.

## ШАРКЫРАТМА

Күздө, кышта, жазда, жайда,
Мас болгонсуп махабатка
Токтоо билбей, тынбай азга
Тийип тийбей таштан ташка
Ар мезгилде ар башкача,
Албууттанып бардык чакта
Кубанышып кулаганга
Куюлушуп шаркыратма
Шапатасы туш-туш жакта
Кыл чокудан түшүп жатса
Оюм учат алыс жакка…
Келбегендер келип кайра
Кайталанбас кайталанса
Эки келбес адамзатка
Так өзүндөй ырлар акса,
Шаркыраган шаркыратма
Шаң учурган шаркыратма,
Шаркыратма…

* * *

Жаз, жай, күз, кыш — балдарым,
Баарына барам маалдап.
Барбалаңдап тапканын,
Алып чыгат мага арнап.

Ар кимиси айтат: — Өт…
Баткын эми кызыкка —
Көрбөгөндү көрсөтөт
Төрт уулум — төрт убакта.

Бири ысык биринен,
Көккө учурат көңүлдү.
Үйдөн-үйгө жүгүрөм,
Ойлоп койбой өлүмдү.

Дөңгөлөктөй айлана,
Кирип-чыгып айына.
Балдарымдын айлында,
Жүрө берсем дайыма!



## ЖАМГЫР БИЙИ

Жакшы ырдагы уйкаштыктай…
Жаап жатат жамгыр тынбай —
Такыр түшпой таш калканы,
Тажаткандай таш баканы.
Тажатышты мени дагы,
Адамзаттын аз жашары…

Жаа, жаа, жамгырым жаа,
Мен кайылмын бардыгына.
Сендей жаркын бийим калсын,
Балдарымдын балдарына.

Жаа, жаа, жамгырым жаа,
Жакшы ырлар жаан алдында —
Билдиң жүрөк кайрыктарын,
Билесиңби же кыргызча?.

Кантип келдиң, кайдан келдиң,
Кабарчысы асман-жердин?
Сенин үнүң кептериби,
Келбестикке кеткендердин?

… «Бул өмүргө, бул турмушка,
Бир келесиң, бир келесиң»…
Бака чөөттөн балп секирип,
Пайда кылат күн желесин…

## ТАМГАЛАР

Тоолор, суулар, тал, тамдар,
Табышмактуу — тамгалар.
Таанып-билсең аларда,
Таң калтырчу маани бар.

Тамылжыган булут да,
Тамга экенин унутпа.
Тарыхтардын талашын,
Даяр айтып чыгышка.

Нур жетпеген жактардан,
Кабар келет ак кардан.
Кызык сырын окуп ал,
Кылым бою сакталган.

Эмне болсун, ааламда,
Мейли Күн, Ай, же аба —
Айлангандай ун нанга,
Айланышат тамгага.

Кумга сиңген суу сымал,
Жоголушпайт тамгалар.
Ошолордун огунда,
Дөңгөлөнөт тарыхтар.

## АСКАДАГЫ СҮРӨТТӨР

Крейсерлер суу астында сүзүүчү —
Жоголушуп кайра чыга калгандай.
Аскалардан чыга келет сүрөттөр
Арбактардай алда кимге байкалбай.
Кара аскадан жерди коздоп эрбеңдей,
Кайып болуп кайрылышкан мергендей,
Каршы аламын Ата-Бабам —
болбосо
Кан майданга кеткен абам келгендей.
Түштөрүмдү көк түтүндөй булатып,
Көргөнүмдү көз алдымдан чубатып,
Келатамын
бүтүрбөйүн эмнени
Аскадагы сүрөттөргө сынатып.
Кеткендерден бизге калган армандай,
Кыяндан да, ташкындан да, тайманбай,
Качан болсун мени тосуп турушат
Жолугууну макулдашып алгандай.
Салыштырар теңи жоктой теңерге,
Аскада эмес алар менде — денемде.
Жоготпосту жоготмокмун ушулар
Аскалардан кетип калса эгерде.



## ТАЖИК ЧАЛЫ

Азиз достук — очкон отту тутантып,
Ийрини түз, жакын кылат ыраакты.
Кыргыз десе фамилямды укансып,
Памир десе — Талас деген сыяктуу.
Тажик десе жалт каранам, сүйүнөм,
Мага бирдей — жок биринчи, экинчи.
Түндо жолдо, түноп калсам үйүнө,
Тажик чалы абакемдей сезилчү.
Дилдеги урмат, зыйнат, ызат — турмушта,
Олуянын олуясы сыйынчу.
Тоолор тоого, суу кошулуп сууларга,
Достук бардан — тогүп турат күн нурду.
Тоолоруңда элигиңдей — ыр айдап
Жүргүм келет куштарлыктан, сүйгондон.
Достук жокто — Жер башкача айланмак,
Башкача омүр окүм сүрмок дүйнодо…
Алатоонун адырынан карасам
Азыр деле андагылар дапдаана.
Зырп дейт жүрок сени коздой баратса
Сагынычтай тизилишип каркыра.

## КАР

Балалыктын кереметтүү түшүндой,
Бир-биринен үзүлүп да үзүлбой
Түпсүз асман түпкүрүнон самсаалап,
Түшүп жатат түшконүно түшүнбой
Балбалактайт, байыр алып, басылбай,
Борошолоп, же шамалдап, шашылбай
Бир нерсени билдирчүдой шыбырайт,
Жылдыздардын бизге келген катындай.

Ушул катта эмнелер бар, кимдер бар?!
Таанылабы таштарда жок тарыхтар?!
Айтпас сырын айтпай айтып жатабы,
Жааган кардай эсеби жок ай-жылдар?!

Же мезгилдин канатында аркырап,
Кайгы менен кара жанды камчылап,

Күндөрдүн бир күндөрүндө өмүргө,
Келбестиктен келебизби кар сымак?!

Жерден чыккан обон сымал карт дарак,
Даркан дайра, чалкайган тоо, чар тарап.
Дем чыгарбай кулак түрүп күүлөргө,
Чалкыгандан чайпалышпай чайпалат.

Балалыктын кереметтүү түшүндөй,
Бир-биринен үзүлүп да үзүлбөй,
Түпсүз асман түпкүрүнөн самсаалап
Түшүп жатат түшкөнүнө түшүнбөй...

## ЧАБАНДЫН АЯЛЫ

Тотуккан тоолордо, жолдордо,
Кыштоо жок, жайлоо жок, барбаган —
Кечинде жаанда, бороондо
Отто ойноп, казанда кайнаган.

Кыйналса анысын жашырат,
Түшүнүп иш, үйдүн жүйөөсүн...
Көңүлүм чайыттай ачылат,
Көргөндө чабандын бүлөсүн.

Жаралган сыяктуу жалындан,
Тоолорду, Мекенин жылытат.
Көк муштум аязда оозунан,
Буу чыкпай ыпысык ыр учат.

Салт көргөн сарамжал ападан,
Өлүмдөн уят күч сезилип —
Күйөөсүн албаган жакадан,
Кечирбес иштерин кечирип.

Алдына өңөрүп баласын,
Атына эркектей чап минет.
Ат чабым алыстан караанын,
Кой эмес, корголдор так билет.

Аялын көрсөтсө көз тийбес,
Чабандар айылдаш консо экен.
Аларды бир көрүп аялым,
Алардай быпбышык болсо экен.



* * *

Кимге айтамын ыр жазалбай калдым — деп,
Жазылбаса ошонусу жакшыдыр.
Ансыз деле атак алып кете элек,
Апта эмес саат сайын чыккан ыр.

Ар кимдин бар өзүнчө беш жылдыгы,
Анда максат сапатты алга жылдыруу.
Беш жылдыкта менин асыл максатым:
Жазып калуу беш том эмес — беш ырды.

Кап самандын кадыры жок бир данча,
Кажар жүрөк карап санды кыйналба.
Бактылуумун кеткенимде артымда,
Беш жылдыздай балбылдап беш ыр калса...

* * *

Мага ыйык кыргыздын сөздөрүн
Угууга кусадар болгондо —
Шамалдай шашылгым келет эх,
Кыргызча сүйлөгөн тоолорго.

Жакшына салтымды танбоого
Жакшы ырды журтума арноого —
Куюндай куюлгуп кетсем дейм
Кыргызча ырдаган жайлоого.

Белчемен тунууга жыргалга,
Кошулуп ак чардак кууларга —
Балыктай ойноктоп сүзсөм дейм,
Кыргыз деп кыйкырган сууларда.

## ӨМҮР

Жарык дүйнө, жарын, досун-баарын таштап,
Билген билет бир күнү өзү кетерлигин.
Бир кубантып, бир кубартып өтүп жаткан,
Жети күндүн бири өлүм экендигин.

Кан дүргүткөн, кан кайнаткан кайран убак,
Кайра дагы кайрылбасы билингени —

Кандай ыйык, биздер баркын билбей жуткан,
Ушу абанын бир жутуму, бир ирмеми...

...Кимден кана калбаган ушул калаа —
Ушул дарак, ушул күн, ушул талаа.
Кимдер кеткен, кимдер кетет, кимдер келет,
Так ушинтип өмүрлөр кайталана...

А өзүмө дайыма эмес кээ бир кезде,
Бир ажайып сезим келет өзүнчө эле:
Менден баштап бир да адам өлбөчүдөй,
Бул дүйнөнүн кургагында, сууда, эч жеринде.

## КОШ БОЙЛУУ АЯЛ

Челкейтип ак кемедей дене боюн,
Жай эстеп досторунун бешик тоюн.
Дзержин атындагы бульвар менен,
Кош кабат аял келет ичке моюн.

Балпайып балжуурандай басып-баспай,
Фрунзе көчөсүнөн өтөт шашпай.
Көрүнөт көздөрүнө жайган шейшеп
Наристе булгап койгон жалаяктай.

Бакчада мойтоңдогон бөбөктөрдү,
Балкайтып өзү төрөп алган оңдуу —
Быйтыйган колдорун өөп, эңсеп кетет,
Бооруна бекем кысып көтөргөндү.

Күйүгө дем чыгарып бачым-бачым,
Күчүнө айран калып табияттын.
Күн жүздүү балканактай болчусуна,
Күбүрөйт көңүлүнө жаккан атын.

— Майполпоч силер менен ойнойт шашпа —
Дейт дагы үйүндөгү оюнчукка,
Алдейге алпештеген кийимдерин
Алпчыгып бешик ырын ырдайт аста.

Ишенбей ишенет да төрөрүнө,
Кыйкырчак кыймылдаса күйөөсүнө:
— Колуңду апкелсең — деп баса коет,
Жүзүндө ойноп турат күлүмсүрөө...



## СЕН ДЕГЕН СЕЗИМ

Адам дагы, айбан дагы көп келбей,
Калган көлгө канаттууга эстелбей —
Капысынан таш «чулп» этип, чыбырчык,
Толкундарды жыбыратып кеткендей.

Эргийм, толкуйм, кобуромун, чайпалам,
Жиндиби деп айтат көргөн, байкаган...
Мен бирөөгө сенден башка сүйбөйм деп,
Мен бирөөнү сүйүп калдым кайтадан.

* * *

Бул өмүрдөн ким өтпөгөн сүйүү деп,
Кардыкканча кайра ырдаймын сүйүүнү.
Күн жакшысы эртең менен билинет,
Мага эрте жакшы экениң билинди.

Ырга айлантып ыйлап турган кезимди,
Сергектенттиң сенектенген сезимди.
Сенин ар бир сезимталдык мамилең,
Селт этпеген сепилимдей сезилди.

Кубанычтуу куттуу күндөр, ай-жылдар,
Купулума толгон Айдай өзүң бар.
Деңизге деп дегдеңдеген дайрадай,
Агылышат сен тарапка бул ырлар...

* * *

Кадамыңды сан кадамдан таанып угам,
Кабылганда карегимди ылдый кылам.
Бир жыл бою жолуксам деп жүргөн элем,
Билип алчы, сага эмне деген турам?!

Түнү бою түштө сени көрүп чыгам,
Учурашсам тирүүлүккө алымсынам.
Билбейсиң го, эркетайым, азабымды,
Билсең айтчы, сага эмне деген турам?!

* * *

Сенби деп улам карап өткөндөргө,
Өзүңдү күтүп туруп күтчү жерде.
— Айткандай айткан жерге неге келбейт,
Мындай кыз бу дүйнөдө жокпу, эмне?!

Дедим да мен өзүмчө туталанып,
Баратсам ыйлачудай ызаланып,
Көрүндүң... кайра өзүңө калдаңдадым,
Алыстап ат чабымдай узап алып...

* * *

Мен мындай болбогонмун көптөн бери,
Башкамын, башым ың-жың, эңги-деңги.
Уктасам уйкум сонун, күлсөм — күлкүм,
Билбеймин кандай аян, кандай белги?!
Өзүмдү көккө учуруп жиберчүдөй,
Сыйкыр күч делөөрүтөт делебемди.
Эмнеге астыртадан карашабыз
Алчадай албырышкан эриндерди?!
Жаз менен кошо келген карлыгачтай
Сен менен сүйүүм кошо келгенденби?!
Болбосо бойго сыйбай алкындырган
Ажайып сергек сезим кайдан келди?!
Колуман азыр баары келүүчүдөй
Жасаймда деп ойлобоюн эмнелерди...

* * *

Эринимде эриниңдин ысыгы,
Жалын болуп жана сага тартылам.
Кетип барам... а баарынан кызыгы
Же жанымдан, же болбосо артымдан
Сен келаткан сыяктанып туюлат.
Дүрүлдөктү кулак укпай бир гана
Сенин уяң шыбыштарың угулат.
Сенде менмин, менде сенсиң абадан
Сыйпаласам сыйдам жүзүң урунат.
Сен да ушинтип барасыңбы үйүңө,
Таң калып да, таңыркап да сүйүүгө?!



* * *

Сенби деп алыпмын башканы,
Өзүңдөй турганы, басканы.
Анын да көйнөгү сен кийген
Көйнөктөй апаппак, жапжаңы.

Түрсүлдөйт, лакылдайт жүрөгүм,
Тээ мурда эч нерсе тоготпос.
Айтсаңчы, бүт кыздар эмне үчүн
Сага окшош, сага окшош, сага окшош?!

* * *

Бир карасаң бүткөн боюм билинбей,
Өзүнчө эле дирт-дирт этет дирилдей, —
Сендик эңсөөм эч түгөнбөйт комуздун
Черткен менен түгөнбөгөн үнүңдөй.

Алыстасаң — кабак салмай, кайгырмай,
Жанда болсоң маңдай жармай, жан жыргай...
Сага деген махабаттын чеги жок
Суудан чыгып суугa келген жамгырдай.

* * *

Бироону ойлоп жүрүү кандай сонун!
Мен сени өзүмдөн көп ойлономун —
Негедир кечээ күнү бирдей эле
Мен үчүн бу дүйнөдө бары-жогуң.
А азыр мага тийсин деп тилеймин
Каргыштын сага тиер ажал-огун.
Бироону сүйүп жүрүү кандай сонун!

## БҮГҮН ДА ЖАМГЫР ЖААДЫ ТҮНҮ МЕНЕН

Бирөөгө ызаланган үнү менен,
Бүгүн да жамгыр жаады түнү менен.
Ойлонуп: «Жаандай кайра жаабайбыз»—деп
Олтурам олтургандай сени менен.

Тамчылар жазып жатат жалбыракка,
Булбулдар сайрасын деп жаңы нота.
Булуттар — үшкүрүгүң — кетип барат
Төштөрүн тилдиришип кара аскага.

Жандуудан жаап жаткан махаббатпы?!
Жатабы жаратам деп жаралбасты?!
Сыйкырдын сыйкырынан дагы сыйкыр
Ар тамчы — ар тамгадай сага жазчу.

Тирүүлүк тили аккан албуут дайра,
Керемет обон конуп капчыгайга,
Келбеске кеткендердин керээзиндей,
Кеп кылат күндү улам кайра.

Бирөөгө буулуккандай үнү менен,
Бүгүн да жамгыр жаады түнү менен.
Өмүрүм өчпөчүдөй сыяктанды,
Эгерде бирге болсом сени менен.

* * *

Жаан — тоого, а түн житип токойго,
Арманымдай өзөн гана аркырап —
Көрөр көзүм көз артты — деп бозойго,
Көңүл ушул суудай ташка жанчылат.

Саат сайын сарыккансып санаадан,
Сага деген сары убайым жоголбой —
Кызганычтуу үшкүрүгүм — бадалдан,
Булт көрүнүп кайра житкен коендой...

* * *

Келчи экөөбүз бир гүлдөйлү
Алма-өрүктөй кыйыштырган.
Сен көрүндүң күзгүдөн мен
Өзүмдү өзүм карап турсам.
Жалбырактай болбойм дечи
Кетпейм дечи — ырларыңдан.
Тапканыма бактылуумун



Бир өзүңдү бул турмуштан!
Сен көрүндүң күзгүдөн мен
Өзүмдү өзүм карап турсам.
Келчи экөөбүз бир гүлдөйлү
Алма-өрүктөй кыйыштырган.

## ЖАШЫЛ ЖАЙЫК

Жашыл жайык...
Жатабыз чалкабыздан,
Жаш өтөрүн же сен сезбей, же мен сезбей,
Жан жагыма «бизди көр» деп жайнап турам
Жакшы акындын ырындагы эпитеттей.

Айлана тынч,
билинип чөп өскөнү,
Ала булут агып барат алыс жакка.
Аттиганат! Жаш өмүрдүн ар бир күнү
Так ушундай өтсө сулуу, өтсө таза...

Бизди көрүп түзөлөт ийри дарак,
Бизди көрүп сулууланат тоолор дагы.
Сен, мен — дешип, сереңдешчү көңүл канап
Күн болбостой күнүбүздө алдыдагы.

Алдыдагы оюбуз октой түптүз,
Түптүз, түптүз! Түбөлүккө колуң колдо!
Керек болсо биз өмүрдөн кетпестейбиз
Кетсек дагы келчүдөйбүз керек болсо...

## ЭКӨӨБҮЗГӨ БОЛООР ЭЛЕ КАНДАЙ ЖАКШЫ

Бийлегенсип, башкаргансып дүйнө жүзүн,
Билбей такыр кызыл, сары, караны, акты.
Өзүң менен өрттөй күйүп жүрүү үчүн,
Бу мезгилдин өзгөсүнөн жазы жакшы.

Канткенде чыксын ойдон, чыксын эстен,
Ошол күндөр мага жакчу, сага жакчу —

Азыр дагы ошол күндү элестетсем,
Маа көрүнөт мезгилдердин жайы жакшы.

Ошол күндө ажайып бир сыйкыр бардай, —
Берет мага күч-кубатты, ырахатты —
Кайра ойлоймун, кайра ойлосом кайра канбай
Сен дегенде сергилеңим күз да жакшы.

Кышта дагы жолдош кылып махабатты,
Түркүн түстүү альбом мисал табиятты —
Көрө берсек,
Көрө берсек,
Көрө берсек
Экөөбүзгө болор эле кандай жакшы!

* * *

Билбейм качан кан кайнатчу күн келет?!
Кадамыңды тыңшап угуп ардагым —
Сагынычым чагылгандай чиймелеп
Жазып жатат кара түнгө арманын.

Колуң тийбес кандайсың деп келишке,
Коргон тоонун коктусунан жанамын.
Телевизор — көздөрү бар чегиртке,
Билдиришет бүт дүйнөнүн кабарын…

Үшкүрүгүң сыяктанып төмөндөп,
Туман жылып, дыбыраса жаан жай —
Көөдөй түндө көңүлүмдү көтөрөт,
Сенден мага чарчап келген кабардай.

* * *

Жазалбай жүргөнүмдө ырдай ырды,
Табышмак кимдер бизди тааныштырды?!
Колуңду кармап өткүм келди жаным,
Колуңа бере салып тагдырымды.

Кызыкпай кылыктуу кыз күлкү, үнүнө
Кызыкпай кылыктуу кыз түркүмүнө.
Көзүңөн жаным секет болоюнум,
Көтөрүп алгым келди кирпигиме.



Тулкумда туйлап турган кубат барда,
Турмушта туум бүп деп адамдарга —
Өзүмдү ырга айлантким келди-келди,
Өзүңдү коюп алып алаканга.

## ТҮНДӨР МАГА СҮЙҮҮ БЕРЕТ, ЫР БЕРЕТ

Түндөр мага сүйүү берет, ыр берет,
Коптор айтат, андай учур бир келет.
Дүйнөм түгөл — жадырайсың жанымда:
— Жаным, болгон жаңылыктан сүйлө — деп.

Шаар оту жылдыз мисал бийиктен,
Жүрөк согуп кездегидей күйүккөн,
Сүйлөйүн деп келатканда сүйлөйсүң:
— Ысыккөлдөн кечээ келдим «күйүп» мен…

Колум тийсе сенин «күйгөн» саныңа,
Дирт-дирт этип от тийгенсип каныңа,
Калтырайсың эриндериң эринде:
— Табылганым таалайыма, багыма…

Эзил күндөр эстен кантип жоголот?!
Жүрөгүмдөн мен чачамын сага от.
Бетин тилип тунуп турган тынчтыктын
Үстүбүздөн улам учат самолет.

Баары уктап… жада калса жел келбей,
Дарак гана бизди тиктейт термелбей.
«Күйбөй»калган көкүрөгүң жаркырайт,
Көмкөрүлгөн аппак эки керндендей.

Чыкты сөздөр ичте жүргөн бекилип,
Сен экөөбүз болүнбөстөй сезилип…
«Уктабаган ушулардан күйдүм! — деп,
Бизди узатып бака калат секирип.

Ар-ар кимдин жакшына өтсүн жаш күнү,
Адамдардын ансыз деле аз күнү.

Автобустар жүрбөй калган кезекте,
Кармап кайттык жашыл көздүү таксини.

Жолукканда күндөр өтүп ырааттуу,
Мурдагыңдай сен абийирдүү, уяттуу.
Чырайыңдын чыпчыргасы коробой,
Ортобуздан от өтпөгөн сыяктуу...

## ЭГЕР СЕН

Эгер сен мен узаган жакты карап,
Жолугууну жүргөн болсоң ичтен самап,
Көрсөтпөй тур көздөрүңдөн сагынычты
Булут минип, сени издеген катым барат.

Эгер сен күн жааганда чачың тарап,
Аруулансаң, — кечикти деп — атаганат —
Тыңшай отур тып-тып тамган жаш тамчыны,
Тамчы менен сен деп аккан жашым тамат.

Эгер сен күйүт тартсаң жүрөк канап,
Эриниңди ачканга да араң жарап —
Анда дагы арманыңды бирөөгө айтпа,
Арманыңды алыстатпай сүйүүм барат.

Алмадан такыр чыкпас данекке окшоп,
Күлкүң жүрөт менден чыкпай, мени коштоп...

* * *

Кум кайра таш болууну каалагандай,
Муз кайра суу болууну сагынгандай —
Мен сени кайрадан бир көргүм келет.

Көргүм келет мен сени кайрадан бир,
Көрүүнү сокур кайра эңсегендей,—
Эңсегендей жыгач жашыл жалбырагын
Мен сени кайрадан бир көргүм келет.



Өмүрдүн оторүндо ага канбай,
Жашоону кайра дагы самагандай, —
Билбестен анткениме эмне себеп —
Мен сени кайрадан бир көргүм келет.

* * *

Караңгыда, жалгыздыкта, туманда,
Күчтөн тайып, алдан кетип куларда —
Сүлдөрүңдү кайра ордуна келтирер,
Сүйгөн жардын сөзү болсо угарга.

Кубат келбей бутту тартып сунарга,
Куу дүйнөдөн түбөлүк көз жумарда —
Тирүүлүктүн таттуулугун сездирген,
Жолдош болсо колун кармап турарга.

Өмүрүмдү өткөрбөскө, уларга,
Далбасалап таппаганда бир арга —
Эч ким билбес жүрөктөгү жан эркем,
Тартылып өт, тамшандырган кумарда.

* * *

Катпачы кан дүргүткөн сырларыңды,
Ойлогон ойлоруңду — карлыгачым —
Жашырсаң жашыр мейли, мурдагыңды
Мени эмне жактырганың жашырасың?!

Тил барбы махаббаттын тилдериндей,
Алдыртан айтып турат көздөр гана...
Белгисиз планеттер белгисиндей,
Бир белги карегиңден келди мага.

Мас болсун махаббатка ар бир пенде,
Бото көз, бой балкыткан болду сезим.
Экөөбүз аны кийин эстегенде,
Эт жүрөк колкулдосун, элжиресин,

Мейлиби?!

* * *

Максатымдай мен жеталбай бараткан,
Саруулантып саматканың саматкан.
Өзгө менен өбүшкөнчө сен менен
Кандай жыргал кылгырыша карашкан.

Сендик деген сезим эчак ойгонгон,
Мага майрам жолукканың жолдордон.
Башка менен бир баскыча өзүңдү,
Кандай жыргал жалгыз жүрүп ойлонгон.

* * *

Бек сүйгөн белгимди билгизип,
Бетиме бетиңди тийгизип,
Элжирейм эч нерсе айталбай
Өбүшкөн чопулдак үндү үзүп.

Көздөрүң айнектей жаркырап
Көрүнөт көзүмө шам чырак,
Өзүмдү унуттум, өзүңөн
Таптакыр бөлүнбөс жан сымак...

Мас кылып сендеги эркелик,
Магдырап турамын теңселип.
Түбөлүк түшүрбөй жүрүүгө,
Жүрөктө болсо орун сенчелик.

Дүйнөдө өзүңдөй эч ким жок,
Өзүңдү жүргүм бар жомоктоп.
Күндү эстей калганда ырактаар,
Ыйлагым келет ов шолоктоп...

* * *

Кафеден вино ичип өзүм жалгыз,
колокомду ээрчитип чыгып кеттим —
калп айтпаган жолдошумдун айтымында,
ким бирөөгө «сүйөмүн» деп эркелепсиң...



Уйгу-туйгу ойлордун кучагында,
ызаланып аллеяда басып копко —
унутам деп озүңдү келе жаттым
Сага арналган ырларымды орттомокко.

Ыр орттолду — озум дагы күйүп жаттым,
акканын араң сезип аккан жаштын —
ыр жазууга столума кайра олтуруп,
озүңо арнап кайрадан ырлар жаздым!..

## КОШУНА КЫЗ

Кечке чейин тең жарышып жел менен,
Чарчаганда уктап калсаң мен менен,
«Аныкында кызым коркпойт, мейли» — деп,
Апаң издеп биздикине келбеген.

Ууртумду, кулагымды чойгулап,
«Турбайсыңбы ойноі турган болду убак».
Дегениңди жактырганысып жатсам да
Тиртеңдечүм, тийбечилеп, болдулап.

Эгер сени бироо айтса жаман деп,
Оозуман октой ушчу жаман кеп.
Жооп берчү элек сураганга тартынбай,
Сен тием деп, а мен болсо алам деп.

Анда деле тоо ушинтип жатчу эле,
Анда деле суу ушундай акчу эле.
А бирок да сеникинен чыккан Күн
Алоолонуп биздикинен батчу эле...

Анда деле кар асмандан түшчү эле,
Анда деле жерден түшүм күтчү эле.
А бирок да сеникинен чыккан Жол
Жүрүп-жүрүп биздикинен бүтчү эле...

Баягыдай келгиндердин учканы,
Суу акканы, Күндүн баткан-чыкканы.
Ар кай жакка алып барып таштады,
Тагдыр биздин эркибизден тышкары.

## БАЙКАЛБАГАН ГҮЛДӨРДҮН ЖЫТЫ ЖАКШЫ

Кол тийбеген коңулунда Алатоонун,
Гүл деген көп, байкалбаган жыты сонун.
Таалим билбес тастандаган кээ бир кыздан
Кыздар жакшы байкалбаган — жоош, момун.

Билгеним бул келгенимче ушул жашка:
Бир адамга билинбеген булак таза.
Ойсоңдогон сулуулардан
 ойлуу, токтоо —
Билинбеген кыздар бекем махабатка.

Асмандагы жымыңдашкан жылдыздардын,
Көрүнгөндөн көрүнбөгөнүнүн сырлары арбын.
Көп жигиттин көңлүн эзген кыздан коро,
Көп көздөргө көрүнбөгөн кыздар алтын.

* * *

Жаркыным, жаңы ырым, жарыгым,
Алтыным, айдыңым, ардагым,
Шат күнүм, таттуы үнүм, тарыхым,
Шаарым, майданым, майрамым,
Максатым, мамырым, берекем,
Жылдызым, жыргалым, аппагым,
Барысыңбы, жоксуңбу, — дүйнөдө
Бар болсоң мен неге таппадым?!

# «АЛТЫН ӨЗӨН»

## ырлар жыйнагынан

*«Кыргызстан» басмасы, Фрунзе — 1980*

## МУГАЛИМ СЕН

Өсүүсү өсүмдүктүн Айдан, Күндөн,
Өлкөнүн өсүү жагы мугалимден.
Жер тыңшаар Мамыт мисал кылым мурун
Турмуштун канча өсөрүн туя билген,
Билимдүү жана акылдуу жана сезгич
Жашоонун каккан каны,
 мугалим сен!

Өмүргө жаралсаң да ата-энеңден
Турмушка тууласың мугалимден.
Бир сүйлөш бир доорго бийиктешет
Биликтей ичке, жапыз, алсыз дүйнөң.
Өрчүтүп өксүгүңдү өргө сүрөр
Өмүрдүн өлбөс жаны,
 мугалим сен!

Тектирден текей терген бала кезде,
Теңирден тескери бир тентек элем.
Мугалим мээр төгүп, тамга үйрөтүп
Көтөрүп кирпигине алдейлеген.
Көзүмө ушунча ысык көрүнгөндөн
Бизчилеп алар тамак ичпейт дегем.

Оо, алар маа көрүнчү башкачараак,
Калдайып келатканда китеп кармап.
Жылмайып жыргап гана турар эле,
Күн чыгып келаткандай бардык тарап.
Так бүгүн таасын ошол агайлардай
Агайлар арбын болсо атаганат.

Мугалим деген атты апа деген
Тазанын тазасына теңеп келем.
Даражам канча бийик чоңойбосун
Көрүнсө бала кездей сүрдөп кетем.
Тумагым аларыма аз-аз калып
Өзүмдү окуучуңдай элестетем.

## АЙЫЛДА

Белгилүү болгондой суу ылдый агары,
Белгилүү айылда ар кимдин талабы.
Белгилүү ар кимдин күйүтү, күлкүсү
Жана да базарлап кай жакка барары.

Белгилүү болгондой жазда чоп осору,
Белгилүү айылда аракеч-безери.
Белгилүү ар кимдин билими жана да
Байлыгы, айлыгы эче сом экени.

Белгилүү болгондой күн чыгып, батары,
Белгилүү айылда ар кимдин катары.
Белгилүү кайсы кыз кай жакка кайындуу
Жана да кайсы кыз кимге кат жазары.

Бейпилдик — акчага алмашкыс, бергисиз,
Ар убак айылдап келет жаз, келет күз.
Бүт баары белгилүү, бир гана уруусу
Жана да ким качан кетери белгисиз.

## АЙЫЛГА БАРГАНДА

Мейли күздө, мейли кышта, мейли жазда,
Эс алууга камданганда айыл жакка —
Салабыз белек делген буюмдарды
Чемоданга кагазга ороп калыңдата.

Чоң сумкада бир кил токоч арзан, начар,
Капустадай «кийим» кийип катар-катар...
Шуу-шуу этип биз шамдагай кыймылдайбыз,
Эрди-катын эргулга окшоп алып-сатар.



— Чоң калаадан баласы анын келиптир — деп,
Айылдагы кемпир-кезек «басып» калат.
Кырк кабат койнок кийген момпосуйлар,
Шаңданышып чыга келет ишке жарап.

Бет албырып кызарганда алма болуп,
Апам анда апкелгенди мындай коюп —
Чай берип келгендерди ыраазы кылат,
Катып койгон шоколадын, майын оюп...

Андан да кайтканыбыз абдан кызык,
Андай кезде мен да бышык, жарым бышык.
Сумканы кемшейтебиз, чулчуйтабыз,
Чучук-этти улам шыкап, улам кысып.

Атакем да: ала-кет — дейт куру кетпей,
А апакем: ала бер — дейт эсептешпей.
Андайда биздин араан ачылат да
Артынабыз сүтүн-сүттой, этин-эттей...

Казына го Ата деген, Эне деген,
Алсаң дагы-алдың ай — деп кебелбеген.
Кызарып азырынча келатабыз
«Ме» эмес,«барбы» менен «келе» менен.

Эсте убадам өзүңордү багам деген,
Ооруңарды колуңардан алам деген.
Убадам аткарылса атаганат,
Убадага татый турган жакшы ыр менен...

## АЙЫЛДЫК КЕЛИНДЕР

Кимдер мындай козго сүйкүм сезилмек?!
Кечке чейин талаада иштеп безилдеп.
Келер менен үй жумушун бүтүрүп,
Этеги элек, жеңи желек лепилдеп.

Улууларды, карыларды барк алып,
Урмат менен, ызаат менен жалтанып.
Айлымдагы Апа коргон келиндер,
Салт келатпай келатышат салтты алып.

Бүгүнкүнү эртең бүтөм жок мында,
Аны билбес адыр да жок, жок жылга.
Маңдайынан жылдыз жанып, күн күйүп
Мал гана эмес, билет тилин оттун да.

...Ушуларда Каныкейдин куту бар,
Ушуларда Айчүрөктүн жыты бар.
Көч жаңыртып, көчтүн отун өчүрбөй
Көчө көркүн чыгарган да ушулар...

## АЙЫЛ КЕЧИ

Жайыттан кой келет жай,
Жошодой жон, там дагы.
Сары куюн аарыдай —
Таранчылар талдагы.

Чиет көктү, уй үстүн,
Чиркей үнү зыңылдай,
Кабелдеги ар түркүн
Телефондун зымындай.

Мордон түтүн, жолдон чаң,
Көтөрүлөт куюндай.
Кой бөлүшкөн жаш балдар,
Оттук ташта — уюлдай.

Чакмак канттай чатыр там,
Чагылтып чоң кетменин —
Чалап бүтүп сугаттан
Чаңкап келет топ келин.

Чабалекей ылдыйлап,
Чачып барат көө түндү.
Жашаргансып миң жылга,
Жардан издейм күлкүмдү.

*Турат баары — татына,*
*Тартылчудай сүрөткө.*
*Талаа жактан даракка,*
*Таан конот түнөккө.*



## КАТ

Мен кат ташып жүргөн кыздар карыптыр,
— Кандайсыңар? — десем кечээ шоктонуп
Өмүрүнүн базары өткөн сыяктуу
Өңдөрүндө жалаң гана токтоолук.
Болбогон иш болгон өңдүү бир кезде,
Болгон ишти жанын таштап билбеске
Бээ кордуңбу, тоо кордуңбу — «мыёо» — деп,
Баш ийкешип, араң жарап —«ии» — дешке
Балпайышкан байбиче алар коноктой,
Камаарыбай карайт мени болоктой.
«Тиги, тиги, тигинден жооп барбылап» —
Тегеректеп калышчу эле жонотпой
Каттарды алып мен кетчүдөй көрсөтпөй,
Адаты эле мен көрүнсөм селт этмей —
Аларда азыр андайлардан бири жок
Эңгирешет эч нерсени эңсешпей.
Бир кезекте баары бирдей ырчы эле,
Каректери күйүп-күйүп турчу эле.
Чоочун бала кошулса эгер класска
Чоктой катты жазып анан тынчу эле.
Чынын айтсам тырмактайдан, жашыман,
Мен тамганы каттан улам тааныгам.
Кийинчерээк оңдоп кээ бир катасын,
Жакшы ырларын жазып жүргөм баарынан.
Кер мур айтып калптан, кара күчкө эле,
Алар мени кудайындай күтчү эле.
Мен көрүнсөм күн көрүнгөн шекилдүү
Кабактары жарк-журк этө түшчү эле.
Канча катты кимдер кимден алганын,
Жатка билип «алтынымын, ардагым...»
Тил апкелген жоокерге окшоп сүйүнүп,
Далай-далай алкыштарды алгамын.
Кимге кимдер кат аркылуу жүрөгүн,
Чапкандыгын жана канча сүйөрүн,
Чөнтөктөгү тыйынымды билгендей
Анык эле, дайын эле билерим...
...А күйөөсү күрс жөтөлүп мулуңдайт,
Беш баласы беш жагынан чуулдайт,
Кат баянын мен байкабай айтчудай
Бүт бардыгы күнөөлүүдөй жер карайт.
Өз жашынан кары тартат жүздөрү
Коргошундай уюйт анда түнөрүү.
Алар билбейт өзүнөбү, магабы —
Кимге коюш керектигин күнөөнү.

## КОМБАЙЫНЧЫ

Аппак булут, ак баш тоолор,
                    анан ылдый —
Ымырт талаа, ыңкып жаткан буудай аңыз.
Комбайындын көлөкөсү —
                    комбайнчынын
Булчуңдары будур-будур.
                    Уктайт жалгыз.
Табак бопбош. Желген дарбыз, желген жүзүм
Желген алма. Жыйылбаган дасторкону —
Кайра өзүнө кайруучудай кеткен күчүн
Бураманы мыкчып алган туурук колу.

Белден өйдө жыпжылаңач. Тер аралаш
Чаң уюган далысына күнгө күйгөн
Комбайндагы ураанындай ачык, даан
Күйүп турат «Сени сүйөм» деген сүйлөм.

Сагынычтай сары талаада топ-топ болуп,
Сайран курат таранчылар учуп-конуп.
Кыткылыктап кыйла жерде узап барат
Кыр боорунан кылак эткен кызыл жоолук.

## ТАЯНЕМ

Күлгүн жүзү алма кактай бырышкан,
Күлкүсү да адашчудай бырыштан —
Шимирилген колу шилби таякка
Бирге бүтүп калган өңдүү тырышкан.
Жаман тилди, жаман сөздү билбеген,
Жамак айтып, жомок айтып сүйлөгөн.
Болот бол — деп көкүл шүйгөн таянем
Жүндөй жумшак, гүлдөй назик дил менен.
Жакшы адамдан калат тура жакшы элес,
Жан адамды жаман көрүп какчу эмес.
Бүт айылдын жаш-карысы алпечтеп
Сый тамагын таянемсиз татчу эмес.
Талас суусу түгөнбөгөн сыяктуу
Түгөнчү эмес санжырасы, ырлары.



Күтүрөтүп таятам экөө айдаптыр
Жылгалардан жылкы эмес, жылдарды.
Уламышты улам айтып кеп салчу,
Улуу тоодо улар кезин эске алчу.
Карыганда бирин-бири калтырбай
Чал-кемпирлер бир кетсечи — деп калчу.
Таятама багыш кылып дуба окуп,
Ойгонгондо келме айтып ойгончу.
Таятаңды түштө көрүп келдим деп
Ойго келбес ойлорду айтып ойлончу.
… Төрткүл чөбү купкуу чачтай кубарат,
Таяне мага мээриң, жытың жыттанат.
Таятамды таптыңызбы же жокпу?
Эч үн бербейт, тыноо какпайт туш тарап…
Күлгүн жүзү алма кактай бырышкан,
Күлкүсү да адашчудай бырыштан —
Күйпүл тарткан бүкүр Бүнар таянем,
Бүтконсүчү жалаң таалай, ырыстан.

* * *

Жамгыр кайра көк асманга кетеби,
Кетким келет балалыкка мен кайра.
Адресин айтпай кеткен ал чунак,
Же телефон номери жок чалганга.

Шашып-бушуп шарт ачкандай эшикти,
Сагынганда түшкө кирип келбейт ал.
Кайып-учуп кайсы жакта жүрдү экен
Кулун-тайдай кубалашкан кургурлар?!

Жаңырыктай кээде менден жаңырып,
Жан дүйнөмдү азан-казан сапырат.
Эх, балалык, келбес жолуң караймын
Эки көзүм түнкү фардай чачырап.

* * *

Ар бир жаздын майында,
Болгум келет айылда.
Булбул мисал тил бүткөн
Терек, талга, кайыңга.

Кандай гана жакшы убак,
Кан кайнатып мас кылат.
Кайтар күнүм эстесем
Карегимден жаш чыгат.

Кечтен кечке жайнаган,
Керемет гүл айланам.
Келтирчүдөй жашоого,
Кеткендерди кайрадан...

Ар бир жаздын майында,
Болгум келет айылда.
Булбул мисал тил бүткөн
Терек, талга, кайыңга.

* * *

Тешкен тоо — сезгендей боорунан
Поезддин шакылдап өткөнүн
Сеземин өзүмдөн керемет
Кезимдин келбеске кеткенин.

Укмуш үн угулуп угулбай,
Сыйкыр сыр туюлуп туюлбай,
Заматта көл кылды кошулгон
Кечээги кезимди куюндай.

Кандыра каткыртпай, күлгүзбөй,
Кадырын сездирбей, билгизбей,
Кайран күн кайдадыр кайыды
Канатын шамалга тийгизбей.

* * *

Чакырган күкүктүн үнүнөн,
Чагылат бул жалган шум дүйнөң.
Чыккан жан кирбесин ойлонуп
Чыйрыгып чыгам да үйүмөн,
Сүйүнөм, жашоого жаралып
Калганга ушунча сүйүнөм.
Алп турмуш, айтсаңчы, ким кетпейт
Айланган Айыңан, Күнүңөн?!



Кетерим билсем да кейибей
Керсейип каткырып жүгүрөм.
Кетер күн келерин эстесем
Келмеңди унутам сүрүңөн.
...Укмуш ээ, өмүргө бир келип
Өмүрдү өткөрүү бири кем...

* * *

Сабыр кылбай, аярлабай азыраак,
Жалбыракты шамал көккө сапырат.
Теректердин тармал көрпө бутагы
Уялчаак кыз балтырындай ачылат.

Жалбырактар азайышса, менден да,
Көп нерселер азайгансып көрүнөт.
Көңүлүмдү сары шамал, ак жаан,
Суу жээкти жемиргендей жемирет.

Жалбырактар кайда кетти не болду?!
Кайыптанган сыяктанып жоголду.
Бүткөн боюм селт дей түшөт бир күнү,
Ойлой калсам жалбырактай болорду...

* * *

Бал жалатып, суу ичирген өмүрдөн,
Күнү бүтүп түбөлүккө бөлүнгөн.
Адамдардын армандарын ойлосом
Кайгы аралаш кан аккансыйт көңүлдөн.

Бир чака суу чөл-талаага төгүлгөн,
Келбегендей келбейт адам көмүлгөн.
Кызык кыял, эрке элесин эстесем
Кырк кабыргам кыйрагансып сөгүлгөн.

Асыл ойго, ар кыл ойго чөмүлгөн,
Алтын күндөр айтып койбой төрүмдөн,
Өмүрүмдү алып кетип баратат
Арты өкүнүч, алды кызык көрүнгөн...

* * *

Былтыркы кыйылган бүрдойт тал,
Ай өтпөй соолорун билбейт ал.
Эртеси эмнелер болорун
Билбеген, сезбеген биз сымал.
Сыяктуу баланын күлгөнү,
Жадырап жарылды бүрлөрү.
Не деген керемет бир көрүү
Бул жарык, бул укмуш дүйнөнү...

## АЙЫЛ КӨРҮСТӨНҮНДӨ

Күндөрдүн бир күнүндө,
Айлардын бир айында.
Кышында же жазында,
Же болбосо жайында,
Билинип да билинбей
Келгендердин бириндей
Келебиз бул айылга.

Тоолор тоого жөлөнүп,
Асман турар көгөрүп,
Жашай берер жалбырак
Жашыл нурга бөлөнүп, —
Жоктон кайра бар болуп
Бардан кайра жок болуп
Жаңыланып кайра өнүп, —
Азайбастан уланып,
Адам ата тукуму —
Келгенине кубанып
Келе берер утуру, —
Акыр бир күн кетем — деп
Арткысына асемдеп
Ар кими ар учурду...

* * *

Кубанчым менен кайгым да,
Кут даарып кеткен айлымда.
Керемет күчкө ээ болом
Келип мында ай-жылда.
Жан менен бирдей сезилет
Жапжашыл өзөн сай-жылга.



Көзүмдү албай чокудан,
Колкулдоп эрип отурам.
Жалыны келет азайып
Жалп өчкөн жаштык отунан.
Сабырдуу карайт мен жакты
Карылык аттуу кошунам.

Балалык кезги абаны,
Тоо, сууну жана талааны,
Карасам көңүл кубантып
Көрүнгөн достор карааны —
Азайып барат ай сайын
Кеткенди кеткен табабы?!

...Аздан соң билем жамгыр жаайт,
Аруулап бардык жан жыргайт.
Атадан калган бир чындык
Азыркы анан кайрылбайт.
Айтылбай жүргөн арманды
Артымда калган тамга ырдайт.

* * *

Көк көлдүн аппак түшүндөй,
Көктө кайыйт ак чардак.
Кызындай кардын үшүбөй
Байчечекей каш кагат.

Ак карлуу тоолор алыстан,
Аруулук чачып шаңкаят.
Секунддар желдей жарышкан
Сезилбей жылып картаят.

Токтобой такыр тыйылбай,
Суунун учкан бууңдай
Дайыма болот кубулмай
Кетмей кайра туулмай...

* * *

Сапардан түшөрдө,
Коноктон кетерде,
Калгансыйт бир нерсем
Отурган жеримде.

Аӊтарып жанымды,
Караймын артымды.
Каякта кечээгим,
Бүгүнкүм барсыӊбы?!

Дал болгон адамдай,
Жанагым табалбай,
Изиме чөп салып,
Кызыл өң — самандай.

Мен жүргөн жерлерде,
Мерчем от жангансыйт.
Санаалуу өмүрдүн
Сааты калгансыйт.

* * *

Тоого кетип жоголушкан жолдордой,
Же эскирип урап бүткөн коргондой.
Мен кетермин, кеткениме келечек
Кейип койбос кылы кыйшык болгондой.

Калар менден кайран тойлор тойлонбой,
Кайран күлкү, кайран ойлор ойлонбой.
Кара таштай каткан бойдон жатармын
Кайгырбай да, каткырбай да, ойгонбой...

А бул турмуш өтө берер жайма-жай,
Алмашылып күзү-кышка, жазга-жай.
Кадимкидей кыз өбүшүп, бала ыйлап,
Кайра чыгып баткан Күндөр, баткан Ай.

А бул турмуш өтө берер бөксорбой,
Кылым мурун, миң жыл мурун өткөндөй.
Бир гана мен сыйпаласаң таптырбай
Жоголормун эч кайрылбай, эч келбей...

Мен өмүргө... далбасалап, ак уруп,
Киргизе албайм кичине бир жаңылык.
Жатсам жатам, Сени жана Жеримди
Сөөгүм сопот болгучакты сагынып.



## ТҮШТӨН ЧООЧУУ

Кайгынын кадамын угамын,
Калтырап уйкуман турамын.
Бардыгы эсен соо элеби,
Эсен соо болсо экен ылайым.

Бир кырсык болчудай күтпөгөн,
Кансырайт жүрөгүм, бүт денем.
Кетеби келбеске бир карек
Кебетем мээримдүү тиктеген?!

Теңирге тоболоп жалынам,
Жаш алам, кайышат кабыргам.
Кырсык сен кызыкпай өзүмө
Өткүндөй өтүп кет жанымдан.

Мүнөттөп жыл жылып, ай жылып,
Мүр сынып, канатым кайрылып.
Чымын жан чыкчудай чыркырап,
Калбайын кан кусуп кайгырып.

Дүйнөмдү тумандай чылк басып,
Кырсык сен денемди муздатып.
Кетпечи бөтөдой боздотуп,
Кетпечи кулундай сыздатып...

Кайгынын кадамын угамын,
Калтырап уйкуман турамын.
Бардыгы эсен соо турабы,
Эсен соо болсо экен ылайым...

* * *

Атадан балага мураапы,
Айтылган бир жомок:
Ким болбо — келесиң, кетесиң
Бүгүнкүң — эртең жок.

Бипбирдей бөлүнүп баарыга,
Кемибей келаткан.

Керемет мен билген бир гана —
Күн, Аба, Жер, Асман.

Адамдар, Замандар алмашат,
Алмашат бардыгы.
Сан жеткис кылымдын, жылыңдын
Калдыбы калдыгы?

Келүүчү, кетүүчү жылдардын
Кимдерде эсеби?
Эмне үчүн бүгүнкү эртең жок,
Кайрылбайт кечээги?

Дөңгөлөк айланып заматта,
Орунду бошотот.
Жоктон бар болгон соң из ташта
Болбогун бардан жок.

Ар күнүң бир көргөн сонун түш
Кайрылбайт экинчи.
Андыктан өткөргүн кейүүсүз
Керемет кезиңди.

* * *

Эл топтолуп калышса
Элең этем: — Карачы...
Эт жүрөгүм зырп этет,
Чарчап... — десе баласы.

Очорулуп тулпардай,
Отту ичиме каталбайм.
Оюм көчүп тумандай
Ооналактап жаталбайм.

Элден эчак бөлүнгөн,
Эркем келет эсиме.
Эч кимге эч үгүзбай
Эчкирем да өзүмчө,

Эмнегедир эс алып,
Анан келип акылга —
Келгендердин баарысы
Кетпесе дейм жашында...



## МАШИНАДАГЫ АТТАР

Калаа кечи. Машиналап аттарды
Каяккадыр алып кетип баратат.
Кансыраган карек менен адамды
Кайтпас жолго бараткандай карашат.

Төрт аягы төрт тарапта — термелип,
Тер куюлуп куйрук, жалын чаң баскан.
Темир тордо баратса да кейкейип,
Тешет көзү бак, чөп, тоону — кар баскан.

Жарыктыктар кишенешип жиберди,
Жашоо күнү, ырыскысы бүткөндөй, —
Дирт дей түштүм кан майданда — кечээги,
Туткундалган байкелерим көргөндөй.

Көзү ачык деп коюшчу эле аттарды,
Көрүп, билип турушабы бардыгын —
Көрчү — асман, биз чагылган көз жаштын
Батар күндөй бал-бал этип тамганын...

— Аттарды алар кайда алпарат?
— Алыска.
— Эмнеге — деп уулум кыйнайт — айтчы бат.
— Мингизишип эли сүйгөн баатырга
кайра мында эстеликке коюшат.

## АКЧА

Жан кашайтып жоголосуң каякка,
Каалаганым каалашымча табылбай?!
Кадырлуусуң замандардан заманга,
Тирүүлүктүн соогуп турган канындай.

Жер жердиктен чыкпай турат огунан,
Багындырдың башка билген-көргөндү.
Каалаганың келбей койбойт колуңан
Бир гана сен тирилтпейсиң өлгөндү.

Өссө өсөт балдар ата билишпей,
Сени билбей өскөн бирөө бар бекен?!

Сүйсө сүйөт сүйүү өртүнө күйүшпөй
Азабына күйбөй жүргөн кайда экен?!

Сен — деп куурап эрин эчен кезерген,
Кайырчы да, хан да сага кекенген.
Жамгыр болуп жаасаң дагы адамзат
Сага тойбойт, тойбой келген эзелтен...

Сенин баркың бирөө билбей жыргалда,
Бирөөгө сен табылбастан суу, нанга —
Уйкаштыктай ырдан келген ырларга
Келатасың аталардан балдарга.

## ДЖОКОНДА

Супсулуу эмессиң,
Бирок да сендей жок.
Келбетиң дүйнөнүн,
Керемет нуру окшоп,
Көзүңөн көрүнүү;
Жоголуу, табылуу
Тамшануу, таарынуу,
Жалбаруу, жаңылуу.

Кеткендин бириндей,
Кетермин билинбей
Кайрадан каларсың,
Жашоонун үнүндөй
Угулбай, сезилбей,
Мурунку кезиңдей,
Сыр бойдон жүрөрсүң,
Турмуштун өзүндөй.

## ДУДУКТАР

Кимдер билет сүйлөп жатат алар нени,
Колдорун койкоңдотуп ушул кезде. —
Билишеби биз баамдап билбегенди,
Же жатабы аны айтууга тили жетпей?!



Жазмышына жазылганбы өмүрдөгү,
Кетпеген кектүү кейиш, кектүү кайгы?!
Бир саатча, бир мүнөтчө тил бүтсүнчү —
Айтчудай биздер даап айталбасты!

Сай-соогүмдөн өтүп кетет дудуктардын
Кээ бирде кеп чыгарбай кейигени.
Ушуларга
адамча эле тили бардын,
Бардыгынын тептегиздей телегейи...

Биз билелек планеттер элчисиндей,
Адамча ырды билбей, тилди билбей —
Ушунчалык мукактанып, буулугушат,
Акыр бир күн шыдыр сүйлөп кетүүчүдөй.

## ИЧИМДИККАНА

Коңүлү булардын бүтүнбү,
Көп тартат көк жашыл түтүндү.
Эмне үчүн ушулар көп ичет,
Ичкиси келгени үчүнбү?!

Ичкенге ушунча кумарбы,
Ичкин деп ким кыйнайт буларды.
Ичишкен арагы ичинен
Билбейт го шор болуп чыгарды.

Ылжып мас, сөз укпайт, согүшөт,
Абийрин айрандай төгүшөт.
Аракеч ургандар эң алгач
Адамча үшерден өлүшөт.

Ичишип түгөнбөс арагын,
Бардыгын баштaшып балаанын,
Сезбейт го беш сааттык мастыгы,
Беш жылдык өмүрүн аларын.

Үйлөр көп калайык, калкымда,
Карк кылып койсоң да алтынга —
Кудайым бар болсоң бу жерге,
Бир мүнөт ичирип калтырба.

* * *

Темасы жок ырларды жакшы көрөм,
Жакшы көрөм, алар кыздай сойкосу жок.
Дилге жакын, чынчыл, таза, ыйманы ысык
Аты али коюла элек наристе окшоп.

Аттары жок ырларды жакшы көрөм,
Алар төкмө акындардай дипломy жок.
Жарышкандын төрт аягын тыпыратып
Ээр токумсуз чыгып келген күлүккө окшош.

## СҮРӨТ

*Кыргыз эл сүрөтчүсү Шакен Мамбетаиповага*

Асман көпкөк, булут аппак, тоо жашыл,
Айыл четтеп экөө барат тоого азыр.
Мордон чыккан түтүн кокко жазылат:
«Эки жакшы бир баш кошпойт таптакыр».

Сүрөт турат, а сүрөттө ким болбойт…
Сүрткөн гана сүйүү, күлкү оңдолбойт.
Ал экөөнүн артындагы издери
Сүйлөп турат:«Эки жакшы бир болбойт».

Карагандай өткөн өмүр мүнөтүн,
Карап турам сүрөтчүнүн сүрөтүн.
Көлөкөмдөй кетпейт менден бир суроо:
«Эки жакшы баш кошушпайт эмне үчүн?»

А сүрөттөн кайың ыйлайт, тал ыйлайт:
«Кеткен келбейт, а жоголгон табылбайт,
Тагдыр башка салганына кайыл бол,
Эч убакта эки жакшы кабылбайт».

## РАКЫЯ

Ойгонсом мен үндөн чочуп кобураган,
— Ракыяны аперели — деди атам.
Улуураак го, анан калса уккан элем,
Башын байлап кетишти деп алда качан.



Апам болбойт. А мен тартып ичке демим,
Ачык билбей «аперели» эмне экенин.
Аперсе эле Ракыяны аперсе деп,
Сүйүнгөндөн алка-шалка тердегемин.

Ал оюмду уккан оңдуу жандын баары,
Эртесинде карай албайм Ракыяны.
Кыз карайбы бозой озү бой салбаса
Эрге тийди сегиз класс бүттү дагы.

Мен томсордум — эмнеге — деп айтпады эч ким,
Торпок минип тогузунчу окуп кеттим.
Онду бүттүм бир капталым жылыбады,
Эч убакта жылыбасын кийин сездим.

* * *

Булбулдар жалгыздап сайрашат,
Сайрашат жалгыздап булбулдар, —
Акындын ырлары сыяктуу
Анда да сүйүү бар, ый-муң бар.

Булбулдар сайрашат жалгыздап,
Жалгыздап булбулдар сайрашат, —
Акындар сыяктуу алар да
Ырларын бироого арнашат.

Жалгыздап сайрашат булбулдар,
Булбулдар сайрашат жалгыздап, —
Сүйөмүн алардын ырларын
От болуп жалындап, жалбырттап…

## ЭСКЕРМЕ

Татыктуу бол таккан шакек-алтынга,
Күн өмүрдө — күлгүн, каткыр, жаркылда.
Күлкү ордуна күйүт келген күн болот
Дүйнө калсын — а көңүлдү калтырба.

Калган коңул көчкү сымал калыңдайт,
Карайт, күтөт оңой менен жарылбайт.
Бул дүйнөдө табылбаган жок дешет
А менимче калган коңул табылбайт.

Сүйүү, жаштык — белек ушул экооңо,
Бириңерди бириң сыйла, бополо.
Эчен-эчен ойго келбес иш болот
Бул дүйнөдөн бул өмүрдү өтөөдө...

* * *

Тааныш эле жаздын жагым түндөрү,
Жанды эриткен булбул куштун үндөрү.
Өзүбүздөй сулуулантып жүрчүбүз,
Ушул жарык, ушул кербез дүйнөнү.

Сага деген арзуу аздап тыйылбай,
Анан кеттиң көрүнбөй да, угулбай.
Кечиксе да келип турду кабарың
Жылдыздардын жылдап келген нуруңдай.

Кайсы күнү кайсы жерге барганың,
Каткырганың жана кабак салганың,
Бирин-бири билип жүргөн эгиздей
Ар убакта билип жүрдүм ардагым.

Кээ бир түндө жарк дей түшсө чагылган,
Сен каткырып жибергендей жанымдан.
Далбасалап таппай калам дайнымды
Кандай жыргал, сүйүп анан сагынган.

Тааныш эле жаздын жагым түндөрү,
Жанды эриткен булбул куштун үндөрү.
Өзүбүздөй сулуулантып жүрчүбүз,
Ушул жарык, ушул кербез дүнөнү.



## ӨТҮНҮҮ

Сеңирден чыгып келаткан,
Сен күнүм жана сен айым.
Башыма конгон бакыттай
Балбылдап турчу ылайым.

Ыйласам кээде кайгырып,
Ырысым болуп кайрылып,
Жоодурап коңул көтөрчү
Жогумду кайра бар кылып.

Кол керек мага ынаган,
Чачымды, беттен сылаган, —
Жакшымды жайып жалпыга
Жаманым жаап чыдаган.

Караңгы үйүм жарыткан,
Кайгыдан башым арылткан.
Өзүмө келчү кырсыкты,
Өткөрүп ийип жаңылткан...

* * *

Сенин күлкүң уюп калса,
Болор эле жарым чака
Алтын алса...

Сенин жытың уюп калса,
Болор эле мончок кылып
Моюнга тагып алса...

Турпатыңды айландырып музыкага,
Кыска өмүрдү узартып
Угуп алса...

* * *

Өрүктүн гүлү кызыл, ак,
Өңдүүгө оңдүү кызыгат.

Өлбөстөй азыр өмүрүм
Өзүмө өзүң учурап.

Күн тийсе күлгүн оңобу ой,
Күлкүсүз жаштык болобу ой.
Күн жүзүң күндөй нур чачса
Күлкүгө күнүм толодой.

Келбетиң көрсөм жүзүмдөй,
Кейишим болот түшүмдөй.
Кеңейе түшөт жан дүйном,
Кемкарчым жоктой, бүтүндөй.

Албыра тиктей калышып,
Ар кимдин сүйгөн жары ысык.
Арзышкан көздөр дүйнөнү
Ар убак турат жарытып.

# «КҮН ЖОЛ»
## ырлар жыйнагынан
*«Кыргызстан» басмасы, Фрунзе — 1983*

### КӨРГӨНДӨ КЫРГЫЗ ЧАЛЫН ШААРЫМДАН

Көргөндө кыргыз чалын шаарымдан,
— Ассалому алейкум, — деп өткүм келет.
Күн нуру агып турган сакалынан
Жана бырыш бетинен өпкүм келет.

Жон кетпей, жай олтуруп, жай сурашып,
Кол алышып, кобурашып кетким келет.
А алар мен таанымбас уулун айтып:
— Үйү кайсы жерде? — деп сурай берет.

Же базар, же дүкөндө жолукканда:
— Тил билесиң тигини алып бер, — дейт.
Энеңди жашартайын карыганда,
Мындай гөлөш айылга келет, келбейт.

Орусча бир кишиче билүүчү элем,
Очорулуп кайтканымды Прагадан.
Оо, анда ушул сөздөр башка беле
Дүкөнчүңдүн сөздөрүн билбей барам.

Шадылуу колдо куржун, ак калпакчан,
Чепкенинин эки этеги асфальт чиет.
Өзүнүн атын айтып жолуккандан,
— Фамилиясы, — деп коюп сүйлөп жүрөт.

— Каты бул, үй алыптыр жалгыз балам,
Аты — Асан. Иштейт тиги завод жактан...
Көргөндө кыргыз чалын шаарымдан,
Атакемди көргөндөй кубаттанам...

## НАН

Картайбаган канча-канча кылымдар,
Замандардын заманында айтылар.
Уйкашында кудай менен буудайдын
Биз билбеген кереметтүү бир сыр бар.

Артык делип асыл таштан, алтындан,
Алмустактан ардакталган ушул нан.
Куттуу элдин кудуреттүү жана ыйык
Куранынан бийигирээк тура алган.

Тиштем нанга так кулаган, кан аккан,
«Тиштем нан» — дейт келген жана бараткан.
Мээнет менен жеген билет баркыңды,
Сен бир күнсүң колдон-колго таралган!

Нарк да жетпейт, баа да жетпейт кунуңа,
Дасторконго кут төгүлтүп жадыра.
«Нан көп болсун...» Үйдүн ээси бүлөгө,
Карыя айлын, ойлойт элин падыша.

Алмашкандай кыш, күз жылып, жаз жайга,
Алмашылат падыша да, заман да.
Даам-түстүн көп түрлөрү алмашат,
О, ыйык нан! Кайда, качан болбосун
Алмашылбас азык сенсиң адамга.

Адамзат да аянбастан ал-күчүн,
Алдас урат түшүрбөскө күкүмүң...
Саат санап өскөн адам санындай
Саат санап өссө экен дейм түшүмүң!

## БАЛАПАН УЧУРГАН КУШТАР ЫРЫ

Канат кагып чыгышка,
Каткыргыла булутка.
Тунук көктө жүргүлө
Тунуп бакыт, ырыска.

Жашоо чиркин аз мына...
Сүйүүңөрдү жакшына —



Канат менен биз көккө
Жазган оңдуу жазгыла.

Көккө нурдай сызгыла,
Учургула балапан.
Ата-энебиз бизди да
Так ушинтип учурган.

Энең менен атаңын,
Алпечтеген азабын.
Унуткула — унутпай,
Улант өмүр сапарын...

Жерде кулап жатсам да,
Козум болуп асманда
Тийбей калсын деп тилейм
Силерге ок атканда.

Алдыңардан күн нуру,
Артыңардан ай нуру
Тийип турсун, таптакыр
Корбогүло кайгыны.

Арбып канат какканың,
Аман болсун жаш жаның.
Учкан ушул уяңдай
Жылуу болсун асманың...

## ЭНЕ ТИЛ

Күлүктүн күн көздөп чабышы,
Кыраандын канатын кагышы.
Кылымдан кылымга кыргыздын
Кыйшайбай келаткан намысы.
Эне тил — азизим, ыйыгым,
Эңкейүүм, кулдугум, сыйынуум.
Багытым, бараткан максатым,
Башталуум жана да тыйылуум.
Комуздун кайрыгы каныңда,
Атпай журт жаны бар жаныңда.
Кыргызга бак берип тура көр
Жашоонун ай жылы барында.

Чалкыган мухиттей «Манасың»,
Чамынып Ай беттеп агасың.
«Алсыз» деп бирөөнүн айтканы
Арбытат жүрөктүн жарасын.
«Окшош ал соолчу кудукка».
Дегенди угузба, угузба.
Диниңди унутсаң унуткун,
Тилиңди эч качан унутпа.
Ар дайым Ай-Күнгө теңебей,
Аркырап учкун дейм жебедей!..
Тагдырың ойлоном оорулуу
Баласын ойлогон энедей.

## ОО, АСЫЛ КҮҮ...

Оо, асыл күү, созул, жаңыр,
Жайнап гүлдүн өңүндөй,
Кечээ, бүгүн жана дагы
Эртең болчу өмүрдөй.

Арбагындай туулган жердин,
Ар убакта, дайыма —
Ал-күч берип тaбериксиң
Аталардан балдарга.

Кыргызымдын кылычынын,
Кыңгырашын...
бир кезек...
Жан соогалап жалынышын
Жаңшап келдиң үн безеп.

Көл болмокчу суугa айлантса —
Сенин ар бир кайрыгың.
Тоо болмокчу ташка айлантса
Сенин ар бир кайрыгың.

Замандарга замандардын,
Ыйын, ырын жашырбай —
Кебин айтып ар бир жандын
Келатасың басылбай.

Бактылуу дейт ар бир адам,
Бу жарыкка келгенге,



Сени уккан, кана уккан
Бактылуу дейм эки эсе.

Шайыга эмес төрөлгөндө,
Мен өзүңө оронгом.
Ажал жетип күн бүткөндө,
Боздоп калгын көрөөмдөн...

Көрүстөндөн күңгүрөнүп,
Үн чыккандай туюлар.
Өлгөндөрдүн өлбөс күүсү
Кайрыгыңа куюлар.

Оо, асыл күү, жаңыр, созул,
Созул кыргыз жанындай.
Токсон тогуз тоскоолдукка,
Токтобой да, багынбай!

## БАЙДЫКЕМЕ

Ырларың кыргыз жыттанып,
Ырыстуу үйгө кут жагып.
Жашартып келет уккaнды
Витамин болуп мыкты анык.
— Эчеге агай келди,— дейт
Элеттик келин суктанып.
— Элүүгө,— десем ишенбейт,
Элүүдөн Сизди кызганып...

Күдүргө Күнүн түнөтүп,
Күркүрөк суудай күн өтүп.
Айдыңга Айын түнөтүп,
Агылган суудай күн өтүп.
Алы жок кээ бир акынды
Аңтарып барат жүдөтүп...
Каржалып койбой келесиң
Калемиң Күнгө бүлөтүп..

Байдылда деген булактан,
Баарыбызга ыр аккан.

Кымыздай жагым сөздөрү
Кыргызын дайым кубанткан.
Туйлаган Талас суусундай
Тулпарсың куйрук чубалткан.
Окусам оттуу ырларың
Дыйкандын көром кырманын.
Кашарда койго жем берип
Калкыңа кызмат кылганың.
Кылкылдап өтчү кылымга
Кыярбас ырды сунганың...
Оорутат, бирок жүрөктү
Оромпой тепкен жылдарың.
Ошону, Баке, ойлосом
Ой-бойлоп келет ыйлагым.

Билесиң жакшы-жаманды,
Баркыңды жана чамаңды.
Сүйгөндөй уул-кызыңды
Сүйөсүң тоо-талааңды.
Көңүлгө жаккан ыр жазып
Көмүрдөй чачың агарды.
Тулпарың күнгө туйлатып
Аша бер дагы дабанды,
Колумдан келсе өзүңө
Көк жөтөлдү мындай кой
Тийгизгим келбейт шамалды.
Жазма десем төкмө акын,
Төкмө десем жазма акын,
Алакандан алдырсам
Ааламдан издеп таппасым.
Элиңдин сенсиң сыймыгы
Эгиздей берсин жакшы атың.
Жаза тайбай ишке ашсын
Жазамын деген максатың.
Элүүгө чыккан кишилер
Билебиз эки айтпасын.
Таңдайы шекер, тили бал,
Таланттуу сендей аз акын.
Жараткан эгем жар болуп
Жаныңды кудай сактасын.



## ТООДОГУ ТОГОШУУ

Силер тоого эми чыгып жатсаңар,
А биз тоодон түшүп келе жатабыз.
Алды жакта күлкүңөр көп... а биздин
Күлкүбүздөн арбынырак капабыз.

Базарыңар баштала элек силердин,
Биздин базар тарайын деп баратат.
Балдан таттуу кызыгыңар алдыда
Биздин кызык кеткен эчак алыстап.

Жол шыр болсун,
кыдыр болсун жолдошуң.
Каткыргыла, сан кызыкка баткыла...
Көзүң ачып жумганыңча тартылат
Карылыктын кой күрөңү астыңа.

Учсуз, түпсүз, кенен нерсе кайда бар?!
Ушул дүйнө жаралганы ушундай.
Бирөөлөрү тоого чыгып баратса,
Бирөөлөрү түшүп турат кышын, жай.

Аман болсун тоого чыгып бараткан,
Тоодон түшүп келаткан да бар болсун.
Экөөсү тең элге деген карызын
Эртели-кеч жатып-туруп ойлонсун.

## АВТОВОКЗАЛДАГЫ ЖОЛБУН ИТТЕР

Жүргүнчүгө жүрөгүнөн шыйпаңдап,
Жүз жыл көрбөй көрүшкөндөй кубанат.
Алар болсо жинин көргөн сыяктуу
Жийиркене тапберишет кубалап.

Үрөйү учуп, куйрук кыса жалтанып,
Тапканын жейт алыс-алыс алпарып...
Ит аларга жакынындай сезилбейт,
Жанын жанга урса дагы канчалык.

Автобустан автобусту аралап,
Түшкөндөрдүн оңун тиктеп, дааналап,

Эртели-кеч ээрчитип кетүүчү,
Ээсин издеп эки көзү чакчаят.

Чоң автобус коюп кеткен капталын,
Чолтолоңдойт карап турсаң басканын.
Унута элек эркелейм деп баратса,
Мас уйчунун камчы менен чапканын.

Кээ бир кезде көрүп калса баланы,
Ошол замат ал унутуп санааны.
Буктан чыга булгактатат куйругун,
Дегделеңдеп деги калбай жан-алы.

Кетип баары, басылганда чуулдак,
Кеч киргенде заманасы куурулат.
Космос жакка код жиберип жаткандай
Айды карап алмак-салмак улушат.

Жолбун иттер жолдошсунтуп үргөнүн,
Жолдо өткөрөт жоболоңдуу түндөрүн.
Өздөрүнө окшоп үргөн бир иттин,
Алар билбейт космосто учуп жүргөнүн.

Байкоосуздан же болбосо атайы,
Мас автобус асфальтка аны басабы?
Доңголокко тапталышкан иттердей,
Да бир күнү көчөдө өлүп жатабы?..

Жүргүнчүлөр жеп бүткөнүн ыргытат,
Илип алат, кызыл тили салаңдап.
Учкан жылдыз сыяктанып молт этип
Жерге кулайт көздөрүнөн ысык жаш.

## КУРБУЧУЛУК

*Досум Райымбекке*

Кээ бирде кейиткендей кептен куруп,
Керекте тирилтчүдөй жардам кылып —
Бир-бирин сыйлай жүргөн, кыйнай жүргөн,
Жашасын жаны бирге жолдошчулук!
Даңктаймын жаны бирге досчулукту,



Курбулукту, жолдоштукту, теңтуштукту.
Бирине бири шыбаа болгон кезде,
Жүрөгүн Данко мисал сууруп чыкчу.

Дос күтпөс адам дагы адам бекен?!
Досу жок жарык дүйнө түрмөгө тең!
Байлыкты билүү керек, дүйнө эмес
Дос, курбу, теңтуштардын эсебинен.

Бармактай балалыктан баар кошкон,
Ар-ар ким ажырабай курбу, достон.
Өмүрдүн өтөсүнө чыгышса дейм,
Бир-бирин ойдо-ылдыйда жоготпостон…

Чарчасаң чарк айланып көңүл буруп,
Чардайсың чардайганың алган жулуп.
Жашоонун жанып келбес күнүндөгү
Жашасын жолдошчулук, курбучулук!

* * *

Оюну көп, майрамы көп, тою көп,
Отуз жашка жетиш кыйын көрүнөт.
Отуз жаштан кийинки жаш тим эле,
Доңдон ылдый кулатылган доңголок.

Эч билинбей, эч байкалбай, саналбай,
Көзгө илешпей, учкан куштай, шамалдай.
Калдалаңдап кете берет экенсиң
Кайран күндү кана тиктеп калалбай.

Токтоо кайда?! Токтолбостон доңголоп,
Зуу эткиче кабак болок, оң болок.
Улам алыс кеткен сайын балалык,
Улам жакын боло берет оңдонот.

Дайым мага күндөй тийген чачырап,
Оо, балалык, балжуурандай таза убак.
Сендей сергек, сендей аруу дос таппай,
Сага учуп кетким келет батырак.

Сен өзүмө өмүр берген тамырдай,
Келем сага, келем, келем жаңылбай.
Саябанда боорум бүтүн, баш эсен,
Жадыраймын жазгы күндүн табындай.

Түйшүк тартпас ага, буга жетпейт деп,
Оо, балалык баео кезек, жаш кезек.
Кайра жаңы төрөлгөндөй жашарам
Кейиш тарткан кээ бир кезде сени эстеп.

* * *

— Айткан өңдүү улуу дастан,
Аркыраган албуут дайрам,
Эмнени эстеп күрпүлдөйсүң?
— Башталганды көк башаттан.

— Оо, карыя, тоо тараптан
Тору ат минип келе жаткан.
Эмнени эстеп күлүңдөйсүң?
— Эңсегенди балалыктан.

— Жээктен чыгып күр-шар этип,
Күнгө чейин агам дегем...
— Элим үчүн эмгек этип,
Тоо томкоруп салам дегем...

— Эми билдим күнгө кайда,
Илкип барам ийри сайда.
— Эми билдим тоого кайда,
Калжаңдаймын капчыгайда...

## НУРАКТЫН ДАРГА АСЫЛЫШЫ

Намыска кир жолотпой,
Күйүп турган чок эле.
Качырганын мындай кой,
Караганы ок эле.

Салды десе зордугун,
Арыстанга жүгүрчү.
Көкжалдыгы курусун,
Көргөн жандан түңүлчү.
«Бир жеңден кол чыксын да,
Баш чыксын бир жакадан.
Баш ийбейбиз хандыкка,
Эркин адам — атадан!»



Аруу антын кайталап,
Ар күн сайын намаздай.
Кудаярханга ал барат,
Жоо жарагы шарактай.

«...Эркин жашайт эзелтен,
Манас Ата тукуму.
Эл атынан эзилген:
«Бүтсүн хандык кутуруу...»

Жигиттериң даңгыттай,
Жортуп элге келбесин.
Келсе Кокон кайрылбайт,
Кыя чабам келдесин!

Билсең баатыр Нуракмын,
Күйүп турган чыракмын.
Эми келди мүчөлүм,
Эби болот чыдаштын!»

Ырчыларын ырдатып,
Хан жаткан жан жыргатып
Оозу ачылат аңырдай...
Нурак козү жалындай
Айтканынан кайтпастан
Жүрүп кетет шамалдай
Кок жоргосун туйлатып...

«Балтыр битти төпеме,
Чыгардымбы, ээ ботом?
Чыйкан чыкты чекеме
Кантип бачым жоготом?»

Вазир айтты: «Карма да,
Тарттырып ий даргага»...

Ээн капка кабланын
Түшүрүшүп капканга,
Чакыртышат апасын
Уулун дарга асканда.

«Жаш алба, — дейт келинин —
Айтар сөздү мен айтам!»

Көк жоргону теминип
Келет экөө таң азан.

Олуя-Ата калаасы,
Камыштай эле — казганак.
Даргада өз баласы
Көйнөгүнөн эти ак.

Оомийин деп дубалап,
Эне айтат бул сөздү:
«Кудайга миң ырахмат
Ушундай уул көргөздү.

Байлыгы жок жер болбойт,
Баатыры жок эл болбойт.
Элдин камын ойлогон,
Эч убакта кем болбойт.

Кудай эркек козуну,
Курмандыкка жараткан.
Теңир эркек уулду,
Ушундай ишке жараткан!

Эч нерсени аябай,
Бердиң элге күчүңдү.
Кагылайын балам ай,
Кечтим эмчек сүтүмдү!

Жаткан жериң жай болсун,
Торко болсун турпагың!
Өйдө башың ийгенден,
Дарга асылып турганың…»

Көк жоргосун туйлатып,
Жөнөй берет шамалдай…
Кээ бирөөлөр ыйлашып,
Дарга ээлери алаңдай
Кантер айла табалбай…
Казганак эл дуулдайт:
«Уулуңа да ыракмат»
Ушундай уул өстүргөн
Энеңе да ыракмат!
Мындай эне барында,



Мындай уул барында,
Сел да — ал эл каптаган,
Ал эл — күйгөн жалын да!..»

Батадан соң солкулдап
Ырдайт сокур календер:
«Койногунон эти ак,
А этинен койногу ак.
Кербез жигит өлбөй кал
Дарга асылып салбырап…

Эмне таза дүйнөдө? —
Суу арыкта агылган.
Эмне ыйык өмүрдө? —
Жүрөк эл деп кагылган.

Болбойт такыр кейишке,
Дуба түшүр шейитке.
Оо дүйнөдө эли үчүн
Өлгөн чыгат бейишке!..»

* * *

Жалама аскадан,
Жамбашын тарталбай.
Мумия жалаган
Жарадар аркардай
Жалаймын ырларды
Жүрөктү канаткан —
Арылтып аз-аздан
Армандуу кайгыдан.

## АТА

Бою кыска, ою нуска кары эле,
Жомок сөзгө жорголугу бар эле.
Апта жатып акыретке жол алды
Атын издеп жонду ашкандай жаңы эле…

Алыстагы уулуман кат барбылап,
Амандыгым тилеп турчу ар убак.
Атакемден айрылганга үй эмес,
Айыл дагы калгансыды аңгырап.

Айыл десе атам мага элестеп,
Апдастачум бүгүн-эртең барам деп.
Ата деген атыңа мен садага,
Атасы бар деген канча каниет.

Өксүп айткам айга, учкан күндөргө,
Өмүр кошкун атам көрөр өмүргө.
Айтканыңан акыл тамып, бал тамып,
Жашай турсун ушул жарык дүйнөдө…

Эми мына зор жетимдик сезилди,
Эч убакта ата дебейм эч кимди.
Айылымдын аксакалын көргөндө
Жүрөк болк дээр көргөн өңдүү өзүңдү.

Жаңылса да балдарынын атынан,
Жаңылбаган беш убаккы намаздан.
Сакалынан санжырасы куюлган
Адамда жок алтын сака, жан атам…

Ата барда бала көөнү ток болот,
Ал кеткен соң анан дүйнөң козголот.
Атаң жүзгө чыгып ээк какса да
Ата орду ар убакта жоктолот.

Ата кетет, «ата» деген сөз өлбөйт,
Ата карзы айтып, берип өтөлбөйт.
Алчаңдаган эркелигиң дүйнөдө
Атаң өңдүү эч бир адам көтөрбөйт…

Кайгы мага катуу тийип камчыдай,
Жан кейитип жашым акты тамчыдай.
Карай бердим атам калган сеңирди
Атын минип азыр түшө калчудай…

* * *

Атам түндө караган,
Асмандагы ай аман.
Ай жарыгын бел кылып,
Алды-артымды каранам.

«Ар убакта ал иштейт…»
Күн чыгат да аны издейт
Таппай чарчап батат ал:
«Неге бүгүн кезикпейт…»



Айылымдын суулары,
Айтып атам тууралу, —
Кейийт келбес сапарга,
Кеткен өңдүү курбалы.

Канагансып жүрөгү,
Кетмен менен күрөгү.
Көрүн казды билбестен
Кимге айтарын күнөөнү.

Өксүп аккан жаш сымак,
Өрүк, талдан жалбырак,
Кош айтышып жаткандай
Турду тынбай тамчылап…

## АТАМДЫН КЕРЭЭЗИ

Дөңгө чыгар күү менен,
Атам коштоп комузун.
Мына минтип сүйлөгөн:
«Өмүр кыска жол узун,
Керек угуп коюшуң.
Угуп эле тим болбой,
Айтканымдай болушуң.

Оро-оро дан бербейм,
Короо-короо мал бербейм.
Чоң атамдан калган сөз
Муну сага белектейм.
Атакем деп сыйласаң,
Сөзүм эки кылба эч.
Бешенеңе жазылган,
Жашың бар жан өзгөртпөс,
Ошол жашың өткөнчө,
Көзүң жуумп кеткенче
Үйрөт ырды балаңа,
Билсин ичер суундай.
Анан келчү муунга,
Калсын аба, булуттай…»

* * *

Бул талаа, суу, аба,
Баарыга шыбага.
Атадан балага
Калсын деп дубала.

Жандуунун улугу,
Адамзат уругу—
Билгиле бириңдин
Баркыңды, кунуңду.

* * *

Оо, дүйнө кеткен көп,
Ким кайда жүрү экен?
Кеткенде дарек жок
Ай аман, Күн эсен...

Урукту улаган,
Көч келип чубаган,
Буу мисал жоголот
Жер эсен, суу аман..

* * *

Жалжылдап таранып,
Жашоого жаралып,
Калганың бир бакыт
Кишиге саналып.

Өмүрүң кайгы деп,
Өкүнүч кылбай кет.
Түбү жок дүйнөгө
Келгениң каниет.

* * *

Жериңди жаттарга
Эч качан бастырба,
Тепселип калбасын
Тебетей башыңда...



Кылыч бол жаркылда,
Мылтык бол тарсылда.
Өлсөң өл, соо калсын,
Эл журтуң артыңда...

* * *

Табылат бурадар,
Бала да табылат.
Бир гана ата-эне
Бир тууган табылбайт.

Ата-энең сыйлап кал,
Көзү өтсө ыйлап кал.
Бир тууган өлгүчө
Бел болчу кубат ал.

* * *

Дос болбо, дос болсоң,
Досуңдан дайыма —
Дүнүйөң мындай кой,
Жаныңды аяба.

Зарыл деп өзүңө,
Зар уруп келсе эгер.
Балаңа таппаган
Нерсени таап бер.

* * *

Жаманды жакшы жар
Ортого апарар,
Ортону баш кылып
А башты хан кылар.

Жаман жар ханыңды,
Кылат да кайырчы,
Ортону бастатып
Өлтүрөт жаманды.

* * *

А дагы бир кызык
Күч алып жалындан,
Күрпүлдөп дайрадай
Сүйүүгө кабылган.

А дагы бир кызык,
Жанга уруп жанынды.
Сан ойдо саргайып
Сагынган жарынды.

* * *

Айры бут пендеде,
Айыкпас жара бар.
Жакшылык жасасаң
Сом албай соол ал.

Пейилиң кенендет,
Тилегиң тереңдет.
Барыңды жесирге,
Жетимге бере кет.

* * *

Ай чапчып жатсаң да,
Дөөлөткө мактанба.
Тыйынга арзыбайт
Көр турмуш басканда.

Күн чапчып жатсаң да
Бийликке мактанба.
Оозго алынбайт
Оо дүйнө жатканда.

## ИНИМ КАНЫБЕКТИН ЭСТЕЛИГИНЕ

Күбүлүп күлөр убагым,
Күңгүрөп укпай кулагым,
Күкүрттү жакса күйчүдөй
Күйүттө түтөп турамын.



Өткөндүн баарын эскерип,
Өзөгүм барат өрттөнүп.
Каректен кара кан агат
Калдайган иним деп келип…

Ойлорум онго бөлүнөт,
Он салаа жашым төгүлөт.
Аз жылдын ары жагынан
Айдай бир жүзүң көрүнөт.

Жамандык мага кыйбаган,
Жан боорум элең сыйлаган.
Кымындай кезден бир өскөн
Кыялың эстеп кыйналам.

Кабырга, белим майышып,
Кайгыны жутам, кан ысып.
Артыңда калган балдарың
Аталайт мага жабышып.

Өөбүз кызың, баланды,
Өрттөдүң апа, аганды.
Отузга жетпей өмүрүң,
Оопасыз неге жаралды?!

Күңгүрөп сүйлөп басынып,
Күлкүмө күйүт катылып.
Жүз жылы жүрөт окшоймун
Жүрөккө музду жашырып…

Өзүңдөй сүйбөйм эч кимди,
Өткөрдүм ыйлап көп күндү.
Жүралбай калдым алсырап,
Жүрөгүм сууруп кеттиңби?!

## СЕН УЛУУСУҢ…

Кайрат айттың өзүңдү өзүң карма деп,
Жаман-жакшы ырыңды элге арна деп.
Азыр мага жердин үстү тайгалак
Араң эле басып жүрөм темселеп.

Азыр мага жердин үстү караңгы,
Арман арбып, санга учурат санаамды.
Жаным чыкпай жүргөнү эле болбосо
Жазым-кыштай, күнүм-түндөй караңгы.

Жеген-желим, ирим болуп ичкеним,
Оо, улуу күн, кайра сени тиктедим.
Боорукерсиң, мурункудай сонунсуң,
Балбылдай тур, бүтпө, бүтпө, бүтпөгүн...

Эмне болуп, эмне болбойт алдыңда,
Пенде байкуш туш болбойт кай тагдырга, —
Не болбосун, кандай күндө калбасын,
Оңолорун ойлоп жашайт дайыма.

Сен улуусуң жоктон барды табасың,
Жүрөктөргө үмүт отун жагасың.
Артын бер деп тилек кылат жакшыга,
Карган ата көөмп жатып баласын.

Сен улуусуң, албууттанып агасың,
Алмуздактан ар бир адам баласын,
Бир каткырсаң, эки жолу кайгыртып
Кайырыңды чайыр кылып аласың.

Сен улуусуң, сенде сыйкыр, керемет!
Кимдер кетти, кимдер дагы келелек.
Ким болбосун мунжу болуп калса да
Карааныңды көрүү — топук, каниет.

Кечээгиден бүгүн менде оң болок...
Кейиштерди, күйүттөрдү келбелеп,
Ажырабас кымбатынан айрылып,
Адам чиркин өтө берет оңдонот...

Бири бийик,бир ылдый жөрмөлөп,
Жашагандын колу сага сермелет.
Көпөлөктөй чырагданга урунган
Көйгөйүңдө адам бышат оңдонот...

Кайгы-муңум чачып ийип ай, жылга,
Маңдай жарып жашайм сенин алдыңда.
Менин сага таарынганым кеп эмес,
Оо, улуу күн, сен өзүмө таарынба.



## БАЛДАР ҮЙҮ

Балдар үйү... балдарды сен айтасың:
«Жыргал мында,
Эне жогун, Ата жогун сезишпейт»...
Баары бир сен баксаң дагы бал менен,
А балдарга бир каниет жетишпейт...

Болок болот Ата-Ененин мээрими,
Ата-Ененин аты канча дем берет.
Сен канчалык кирпигиңе көтөрбө
Аларга аның желпинген жел оңдонот.

Эркелеткин, жакшы кийим кийгизгин,
Эртели-кеч эсте калар акыл айт.
Мунун баары Эне-Атанын бир жолку
Маңдайынан сылаганга татыбайт.

Аргасыздан калаада өскөн арчалар
Тоону эңсеп, томсорушат, жабыгат.
Так ошондой жер бетинде жетимдер
Ата жытын, Эне жытын сагынат.

Айланайын Ата-Энелер балаңдын
Баш-аягын бөлөсө да алтынга —
Каткырышкан күлкүсүнөн кайгы угуп
Ушул үйгө жалдыратып калтырба...

## ТАҢКЫ ТАБЫНУУ

Жашап жүрөм күнүмдү,
Эң акыркы күнүмдөй.
Жашата көр, Жараткан
Көп пенденин бириндей.

Баары колдун кириндей,
Өтөт, кетет билинбей —
Сайрасам дейм өткүчө
Каткан булбул үнүндөй.

Тобо деймин абаңа,
Тоолоруңа, талааңа.

Күлкүнү көп, күйүттүү
Кем-кем көрсөт балаңа.

Билбейм; кечке — не күтөт,
Кубанчыңбы, ызаңбы?!
Түшкө чейин бал ичип,
Кечинде уу жутамбы?!

Досум бычак мизденип
Көрсөтөбү ырайды?!
Же болбосо сүйгөнүм
Маңдайымдан сылайбы?!

Ачык калган дептерим
Анан барып көрөмбү?!
Учсуз, түпсүз көлүңдө
Же жеттигип чөгөмбү?!

Калды күчүм үрөлбөй,
Тие турсун жарыгың,—
Жерге деген үрөндөй
Элге деген бир ырым...

Колдо, таңым кырсыктан,
Ая, тапта, бөпөлө.
Жамандыкка баштабай
Жакшылыкка жетеле!

* * *

Өлбөгөндүн өтөт оокаты,
Жуксузданып, дайым жаланып —
Тилебестен акча, алтынды
Тиле өмүр, тиле амандык.

Өкүндүрүп келет канчаны,
Көз ирмемдей өмүр жылт коюп.
Тилебестен бийлик мансапты,
Тиле күлкү, тиле ден соолук.

Бардыгы өтөт, өтөт билинбей,
Көр оокат деп күйүп жүгүрбө.
Булбул куштун мукам үнүндөй,
Амандыкка жетпейт эч нерсе.



## ЖАМАН ЖАРГА ТУШ БОЛУШКАН ЖИГИТТЕР

Жаман жарга туш болушкан жигиттер,
Жайдыр-кыштыр кар жаагансып кабагы, —
Жалгыз эле ушуларда жүргөндөй
Бул турмуштун жамандыгы, залалы.

Жаман жарга туш болушкан жигиттер,
Жашыргандай айыкпаган оорусун, —
Каткырыктан жаа бою качышып,
Жактырышпайт жолдошторудун чогуусун.

Жаман жарга туш болушкан жигиттер,
Досун көрсө жүр үйгө деп айталбай.
Үй түрмөдө жүргөн өңдүү үңкүйүп,
Үшкүрүнөт шылтоо менен ар кандай.

Жаман жарга туш болушкан жигиттер,
Жагалданып бир каткырган эместей.
Жалгызданып, жабыккансып сороет
Тамырынан соолуган жаш теректей.

## ЖАШООНУН ӨЧПӨС КӨЗҮ МЕН

Жарыкты алган өзүңөн,
Жашоонун өчпөс көзү мен.
Жамалың эңсеп келгемин,
Жаралган бала кезимен.

Айдайым жана Күндөйүм,
Ажайып арген үндөйүм.
Жаркылдап жүрчү жанымда,
Жамандык жагың билбейин.

Казылып бүтпөс кендейим,
Кайыптан бүткөн көлдөйүм.
Бактылуу ушул өмүрдө,
Башкага көңүл болбойун.

Жүргүзүп үйөр каныма,
Бак кошуп менин багыма.
Бараткан жолум жарытып
Балбылдап турчу дайыма!

* * *

Көңүлдөргө кылдай кирди жолоткуз,
Бу дүйнөгө биз бир келген конокпуз.
А конокту «Кудай» дагы сыйлаптыр,
Сыйлашалы. Коз ирмемде болот күз.

Күлкүсүнөн күйүтү көп өмүрдүн,
Күндөрү өтөт. Көрөр көзүм, төгүлгүн...
Бир көл соолуп, бир тоо кулап кеткендей —
Шагы сынып бир калганы көңүлдүн.

## ЖЫЙЫРМАДАСЫҢ

Жыйырмадасың — жыргалдасың,
Жылдыз жытың искеген.
Күн өзүнүн портретин
Көздөрүңдөн издеген.

Жыйырмадасың — жыргалдасың,
Гүл гүлдобойт, сен келбей,
Бүт дүйнөнүн сулуулугун
Бир өзүңө бергендей.

Каткырасың каткырыгың,
Канда ойнойт нур болуп,
Карегиңе кадалышкан
Карек калат ыр болуп.

Жыйырмадасың — жыргалдасың,
Окшоп учкан куштарга —
Коколой бер, коргондордун
Койнөгүнө суктанба.

Жыйырмадасың — жыргалдасың,
Эч кимде жок бул жыргал.
Анын кайра эч убакта,
Кайрылбасын билип ал...

## ЖЫЛМАЙ МАГА

Күлөр күлкүм, Күнүм, Айым
Кандай бакыт, кандай жыргал,
Тагдырыма табылганың!

Өзүңдү мен көргөн сайын,
Өмүрүмдө болбогондой



Өкүнүчүм жана кайгым —
Кубанамын канат байлап
Кербездентет көңүлүмдү
Кереметтей көзүң жайнап.
Оо, алтыным, атар таңым.
Сенин барың — менин багым,
Сепилимдей тургун дайым!

Ушул күндү жылдырбаска
Жылдырбаска тап айла, —
Жылдан-жылга, айдан-айга
Жыргал чачып жылмай мага.

Жылмай мага
азайбасын,
Сенин жашың — менин жашым,
Жаш го мейли негизгиси
Махабатың, махабатым.

## ӨТҮНҮЧ

Күлүңдөп күн да кубансын.
Күкүшүм, кутум, кубанчым,
Жылдызым, бүтпөс жыргалым,
Өтүнчүм жана суранчым:
Уудай таза сезимдер
Уланысын дагы улансын.

Жабыккан кезде жалынчым,
Жарыгым, жаным, сагынчым.
Жүрөктөр арнап сүйүүсүн
Жүз жылдар бою кагылсын.
Жаштыктын жашыл обону
Жаңырсын улам жаңырсын.

Жамандык бизди күтпөсүн.
Жалжылдап мени «Сиз» дешиң.
Кыялды көккө көтөрүп
Кылгыра карап тиктешиң,
Кыярбай кыйла кылымга
Бүтпөсүн эч бир бүтпөсүн!

8—1951

## ӨЗҮҢДҮ СҮЙМӨКМҮН КАЙРАДАН

Жаныма жан кошуп жанынан,
Жалп өчөр өмүрүм улаган.
Жан биргем! Таш боор тагдырдан
Жарым саат болбо деп суранам,
болбо деп суранам.

Ай-Күндөн алгандай жарыкты,
Аламын ал-күчтү өзүңөн.
Бир мүнөт болбо деп жарымды
Жаңылгыч жазмыштан отүном,
жалынып отүном.

Ооба биз жашоонун коногу,
Кан-жаны бир жаштар ОболУ.
Коп болсун — биз дагы жанында
Жадырап эсен-соо бололу,
дайым бир бололу.

Жүрөккө жүрөктү арнашып,
Жибербей кол колду кармашып.
Сүйүүгө жаралган өмүрдү
Өтөлү булбулдай сайратып,
булбулдай сайратып.

Көрүнгөн чагылып ай-аалам,
Көзүңдөн болоюн жайнаган...
Кайрадан жашоого жаралсам,
Өзүңдү сүймөкмүн кайрадан!
сүймөкмүн кайрадан!

* * *

Дем чыгарып жана дем алып,
Олтурамын алаканга сени алып.
Эгер ажал келсе алам деп
Сени коюп, кетсин мени алып.

Оо, асылым, аруу берекем,
Гүлдөй күлүп жаша сен эсен...
Жердин жети кабатында болбоюн
Сендик сүйүүм тынбай жонотом.



Корүнбостон коруп ыраңың,
Үшкүрүгүң, ыйың угамын.
Үйго кирген оңдуу кирем түшүңө
Түгонгондо бардык чыдамың...

* * *

Уйкусунан ойгонушкан дарактар да,
Учуп-конуп кубанышкан келгин куш да
Таң калышат таңкы туштой жумшак, таза
Балбалактап жаап жаткан жазгы карга.

Куштар сайрайт жааган карга маани бербей,
Барик чачып дарак бүрдойт эч кейибей.
Кар артында аяз жогун билет алар
Урушуңда каар жогун билген мендей...

* * *

Өмүрүн отоп салган кылымдардай,
Аскалар аскаларга мелтирешет.
Булуттар улуу тоонун арбагындай,
Буулугуп быдыр тоого эркелешет.

Сагызган чыккан үнүн баса калат,
Бу тоонун кереметин кимдер уккан?..
Соксойгон суур башын тартып алат,
Поршендей кайра артына бир тартылган.

Ак балык олук колдон жарк деп чыгат,
Тынчтыкты тилип откон жапайы үндой.
Жашоонун таттуулугун укпай угат,
Жашоонун соолорун билип-билбей...

Таарыныч таң калуудан тарайт экен
Заматта унутулуп коргон-уккан.
Тоо шаардай шаардыктар таштап кеткен
Туңгуюк обон келет туңгуюктан...

* * *

Өзүң ким болбогун,
Бүгүндү, эртеңди ойлогун.

Санаанда кир болсо кир болсун
Заманга кылдай кир койбогун.

Жаштыктын илебин,
Мекенге берет деп жүромүн.
Жүрөгүң токтолсо токтолсун,
Токтотпо замандын жүрөгүн.

* * *

Бороондорго буюгуп, калың карда,
Болсоң дагы ачка-ток алыс кара.
Бир жан чыдап чыкпаган кыйындыкка
Бир чыдатса чыдатат намыс гана.

Бүтөр иштер коңүлдо күйүп-жана,
Биз жүрөбүз каткырып кыйындыкта.
Балбан даап котөрбос оордукту
Бир котөрсө котөрөт жаштык гана.

* * *

Ыр жараткан күндор кандай, ай кандай,
Ар сааты, ар мүнөтү майрамдай.
Кеткен ырым кайра келет кейитип
Окууга өтпөй кайра келген балдардай.

Же басмадан, же журналдан, гезиттен,
«Ырың начар» деген сөздү эшиткен
Күндөрүмдө жоо-жалаңдап, тызылдап
Чуркап түшүп келгим келчү Памирден.

«Начар» деген киши менен кызаңдап,
Урушууга кыял менен учам бат.
Акырында жоошутамын өзүмдү:
«Начар, начар... а болбосо чыгармак».

Ачуумду чыгарууга өзүмдөн,
Ырды тытып мага сонун сезилген,
Анан аңдыйм өзүмдү өзүм
мурдагы
Кемчиликти кетирбөөгө кетирген...



## ПАМИРДИН АҢЫЗ КЕБИ

Жатып-туруп тобо кылган жаратканга,
Жаш жарлуу жигит жашайт Бадахшанда.
Жолоочу жолду сурап кирип келет
Таң жээк таштап, тамылжып таң атканда...

...Үйдүн ээси козго атар кыл мерген экен,
Бүт тукуму мерген болуп келген экен.
Өз атасы олорүндо «багып ал» — деп
Бир күчүктү мурасына берген экен:

«Арам санаар аялың кыйгач карап,
А бул ит арам ойсуз сени багат.
Арам санаар досуң да, тууганың да,
А бул ит адал иштеп сага жагат...»

Күн өтөт, айлар өтөт, жылга толот,
А күчүк күрс-күрс үргөн добот болот.
Ал жигит аял албай ити менен
Этине кайберендин күндө тоёт.

Ал жигит тойдо болсун ичи түтөп,
Доботун ойлоп жатып тамак ичет.
Доботу кожоюну келгичекти
Добого чыгып улуп, күтөт, күтөт.

Агайындар «үйлонгүн» — деп жыйын курат,
«Акмак болбо... артыңда калсын туяк...»
Акыры бир сулууга үйлонтүшот
Чекеден кызды чертип бирден сынап.

... Жатып туруп тобо кылып жаратканга,
Жаш жарлар жашап турат Бадахшанда.
Жол сурап бир жолоочу кирип келет
Таң жээк таштап, тамылжып таң атканда...

Ах, деги сүйүү чиркин тилиң кандай!
Жолоочуну жары тиктейт көзүн албай.
Кыңшылап эшикте ити үрүп жатат
Кылмыштуу бир кишини коргон жандай.

Эх, сүйүү дилиң кандай, үнүң кандай!
Жаш сулуу болгон эмес мурун андай…
Жолоочу кечикkенге ит чыркырайт
Чынжырын үзө чайнап кутургандай.

Сөз бүтөт: «Иттен чыгар!» Жары чыгат,
Күйөөсү «келет го» — деп күтүп турат.
Итинин чырылдашы мээсине
Кадалып октой атып эшикке чыгат.

…Суу тургандай чайкалып төгүлө албай,
Гүл тургандай атырды себине албай.
Турушуптур бирин-бири теше тиктеп
Турушуптур бир-биринен бөлүнө албай.

«Бул эмне? Эмне болуп баратамын?
Таштары ооп барат таразамын.
Оо, менин алоолонуп чыккан күнүм,
Оо, менин ажарланып аткан таңым…»

Итинин ичи күйүп үрө берет,
Кожоюн жолбунга ачуун үйө берет.
«Ак нике, ак тузумду бузуп шүмшүк,
Айылга уят кылды мени демек…»
Тиштерин кычыратып, көзүн жумуп,
Жолбунду бөрктөй жерге атып уруп.
Бычакты саярында… аялы ыйлап
Жолоочуга күйөөсүн берет жыгып…

Жолоочунун бетинен чыгып түгү,
Бычагын шилтеринде иттин жиби.
Үзүлүп… жолоочуну жара тартат,
Ошентип, жолоочунун бүтөт күнү.

Жигиттин үйү толо арман экен,
Жыл жылып, бел мекчейип карган экен.
Атанын сөзүн эстеп «аттиң ай» деп
Ити менен бирге туруп калган экен.



## КАГЫЛЫШ

*(поэма)*

1. Жаман жүрүшүм менен,
Жаман жумушум менен,
Эч убакта,
Эч качан мен
Элим, сени уят кылбайм,
Жерим, сага шек келтирбейм!
Эч убакта,
Эч качан мен
Булгатпастан башкаларга
Чырпыгыңды чынар кылам.
Чымчыгыңды тынар кылам!
Кирпигиңе кир жугузбай,
Сени айланып учам куштай.
Кыйшыгыңды түзөп, чыңап,
Үзүлгөнүң турам улап…
Жаман жүрүшүм менен,
Жаман жумушум менен,
Эч убакта,
эч качан мен
Элим, сени уят кылбайм.
Жерим, сага шек келтирбейм,
Эч убакта,
Эч качан мен.
Кокус учуп туруунан,
Түбөлүккө көзүм жумсам.
Көз жумулар
Бирок карек,
Качан болсун турпагыңдан
Кандайыңды карап турат
Карап турат жумулбастан…
Элим, сени уят кылбайм
Жерим, сага шек келтирбейм!
Эч убакта, эч качан мен
Жаман жүрүшүм менен,
Жаман жумушум менен,
Эч убакта,
эч качан мен
Элим, сени уят кылбайм,
Жерим, сага шек келтирбейм!

2. Күндүн тынчы жок жаштары,
Тоо бузуп, ГЭС кура баштады…
Тоо ылдый чуркаган аюудай,
Дөңкөңдөйт кулаган таштары.

Болбостон аламын ызы-чуу,
Бозой-кыз иш кылат ыраттуу
Бардыгы ырыстуу Советтик
Бүлөнүн бүлөсү сыяктуу.

Калтырап аскалар жарылат,
Куш учуп, суурлар чаңырат.
Тордогу жыландай ышкырып
Тосулуп карт Нарын чамынат.

Асканын боорунан машина
Асталап ылдыйга жылышса.
Алыстан көрүнөт тим эле
Кибиңдеп келаткан кумурска.

Карт Нарын кайгылуу күңгүрөп,
А жаштар жер жарып дүңгүрөп.
Жаңсашып түшүнтүп сөздөрдү
Жаңсашып бир-бирин күлдүрөт.

Чарчоону, чаңкоону билбестен,
Чамынчу күч алат ишинен.
Кыйынды жеңүүнү үйрөнүп
Келишет кеменгер Ильичтен.

Керемет кезеги жаш убак,
Керемет иштерге чакырат.
Жаштардын көздөрү жалжылдайт
Лампочка сыңары чачырап…

…Тетиги кийимин май баскан,
Таңдан-кеч рулга жармашкан.
Өзү да трактор сыяктуу
Шашылбай, салмактуу жай баскан.

Сибирден бүтүргөн беш ГЭСти,
Сүйүнөт көргөндө мелдешти.
Ит капса ай дебес Сережа
Ишине үйрөтөт Эргешти.



Альпинист Акмерген казактан,
Альнадзе грузин таш аткан.
Крандан кылактайт Клара
Калтардай корунгон башаттан.

Белорус, чех, немис, түркмөн,
Бир тууган сырларын билишкен.
Бир окуп, бир жүрүп, туннелге
Киришсе биргелеп киришкен.

Ар кимдин ар башка кесиби,
Бирок да бипбирдей сезими:
«Азырды ананга калтырба,
Бүгүндү эртең деш — кечигүү»…

Жигиттер жарышып жел менен,
Жигиттер суу болуп тердеген.
Карасаң жигит көп, кыз аздай,
Карасаң жигит-кыз теңме-тең.

Карашы каныңды аралар,
Коргондо болорлук жарадар.
Тиктесең кыздар көп, жигит аз,
Тиктесең кыз-жигит барабар.

Бүт баары бир ишке ынанат,
Кайратын ошондон чыгарат.
Билишет лампочка күйүүгө
Күч керек экенин киловатт.

Чеги жок баатырдык иштердин,
Күч бергин, күч бергин, күч бергин.
Эрдиктер өзү эле жаралбайт
Эринди дагы бек тиштегин.

Жигиттер коркокко, баатырга,
Болүнөт кыйындык кабылса.
Оорду оор деп билбестен
Оо, жаштар, күчтөнгүн дайыма.

Кузовго толтуруп шагылдан,
Өткөндөй жарк этип чагылган.
Өтүшөт өрөөндү жаратып
Өңчөй кыз машина айдаган.

Каалгыйт абада ыр учуп,
Шанданып, күлкүдөн шыңгытып.
Кабина ачышып ал кыздар
Каткырат мандалак ыргытып.

Жигиттер тоо жарса тарсылдайт,
Учкан чаң чокуда калкылдайт
Машина күрүлдөп кыздардын
Жоолугу желектей жаркылдайт.

Жүздөрүн нурларга жаркытып,
Жумуштан келатса кайтышып —
Алкаган өңдөнөт аларды
Асмандан бүркүттөр шаңшышып.

Ой кайда кыйындан жүдошко,
Кан согуп үйөрлөйт күн өтсө —
Жеңиштүү улуу элдин уулу
Экени ырдалат жүрөктө.

Татаалды чекмелеп чечишкен,
Мекенге милдетин сезишкен
«Меники» дегенди билишпей,
«Биздики» деп алар өсүшкөн.

Көнүшкөн бироодон күтпөөгө,
Жок болсо табууга издөөгө,
Ар убак, ар качан даппдаяр
Бүгүндөн эртең көп иштөөгө!

Карабай кошуна айылда,
Эски актив, ишенбейт жаштарга.
— Узун чач, кыска акыл, кобу ак кол…
— Койгун, — дейт Жумабай карыя.
— Биз көргөн турмушка бу жаштар,
Чыдабайт, а азыр бүт даяр.
Анда да окушпай… батышты…
— Токто, — дейт Жумакең, — курган чал…

3. Бу кишинин кылычынан,
Басмачылар башын жуткан.
Алар камгак эмес эле
Жел айдаса желип учкан?!
Кыр аркага кылыч тайган



Кармаштарда кылчайнашкан.
Анан айлап айыкканда
Барган Финдер согушуна
Таан болуп тарап алар
Такат бербей качышканда.
Очорулткан Жумакеңди
Ок жаңылып оң бутуна.
Анан эптеп айыкканда,
Атамекендик согуш жаңы
Башталганда барган ага
Канга кан деп күйүп жана,
Торт жыл жүрүп акырында
Коп күттүргөн жеңиш менен
Келген Жукең оз айлына.

Буурул кирпик, буурул сакал,
Буура мисал кебетеси.
Карыгандай карыбастан
Кайнап турат бүркүт козү.
Жалын чагы жексен кылган,
Жалындаган согуш өрттү.
Тиктеши укмуш ушул чалдын,
Тиштеринен медалы арбын,
Сүмбо сымал, узун, арык, —
Этек-жеңин кымтыланып,
— Кырк жыл кыргын болсо дагы
Чымын олбойт ажалы жок —
Бопуросун порумолоп
Муштоктонтүп тартат ороп.
— Менден туяк токтогон жок
Бешенеме бүткон перзент
Үч согуштан жеген беш ок…

4. — Токтоткун, болду эми! — Кыйкырды Жумабай.
Сакалы бириндеп энтигет чыдабай, —
Байыртан бардык эле жашашып бала үчүн,
Бапестеп келатат. Сенде эс чала үчүн
Билбейсиң. Сен эмес сойлогон курт дагы
Тукумун калтырып үзүлөт мүрт жаны.
Атын да, затың да капкара Карабай
Жаштардын чачтарын, этегин карабай,
Жолдойбу же жокпу атанын жолдорун
Жүрөгүн, максатын, ойлорун ойлогун.

Эли үчүн күй десе ойлонбой күйүшөт,
Жери үчүн өл десе тайманбай өлүшөт.
Индиде кырсыктан, эл толкуп Ирандан
Эл өлсө өзүнөн өлгөндөй кубарган.
Пиночет кан колун Кытайга сунганга,
АКШы Жапанга ок сунуп турганга,
Самостор Никарагуага жакса өрт,
Тиштери кычырап, муштуму түйүлөт.
Эл эмес чегиртке онтоосун түшүнөт.
Ырына сүйүнөт, ыйына күйүнөт.
Дүйнөнүн бүт бардык ысыгы, суугу
Булардын жүрөгүн аралап өтүшөт.
Бепбекем кармашып аталар желегин,
Күчтөнөт, гүлдөтөт күн жүздүү мекенин.
Буудай да ыраазы аларга дыңда өскөн.
Ай дагы, Чолпон да тирүү жыт көрбөгөн,
Жол дагы кылымдан кылымга созулган,
Үйлөр да жаралган алардын колунан.
Ушулар замандын жүрөгү, кубаты,
Аталар ар дайым аларга ыраазы...
Жашыңда не кылып бердиң сен заманга?!
Карабай, бетиң жок мени тик карарга,
Сен менден улуусуң, табакка келгенде,
Жашыңды кичиртип согушка кетерде
Калгансың. Сен эмес ошенткен агаң да,
Илимпоз имиш ал кайсы бир калаада,
Басалбай калса да элүүгө чыга элек,
Эл анын иттигин эмгиче уга элек.
Согуштан согушка согушуп барыпмын,
Сен болсоң солдоюп үч аял алыпсың,
Оңолду тартышып, журт зыян, эл зыян,
Билбеймин эмнеге менден көп пенсияң?
Ал чындык менден көп жек-жаатың, таанышың,
Бир кезде сугарып тургансың баарысын.
Калктыкы, көптүкү карабай ыйманга,
Даярсың кызарган жер болсо жулганга.
Арамдан май алып, суурдай карарып,
Турасың дагы эле оозуңду жаланып.
Турасың балээдей сынтагып жаштарга
Айтчы азыр бүтүрүп не бердиң заманга?!
Замандан не алдың, не бердиң кайтарып,
Не бердиң айтчы анык!
Не бердиң айтчы анык!



Көп тамга биригип бир сөздү түшүнтөт.
Көп өмүр биригип Мекенин сүйүшөт
Желекти көтөргөн бардыгын көтөрөт.
Каралар агарат, ийрилер түзөлөт.
Баспасты басышат, таппасты табышат.
Жылдыздан жылдызга нур минип жарышат.
Колдорун, ойлорун күн көздөп созушат.
Космостук дүйнөнүн каттарын окушат.
Кокустан кол булгап керексиң десе эл
Бардыгы Чолпонбай, Павлик, Павелдер!
Иштешет, бийлешет, ырдашат, жыргашат,
Батышты туурабай мезгилди туурашат.
Дайыма эл-жерин, Мекенин жылытат,
Жүрөгүн Кремлде курантка тууралап!

**5.** Сүйлөдү Карабай оолуга:
— Мен коно калайын жооруңа.
Санаса кемчилик кимде жок,
Сазайың берейин колуңа.
Төңкөрүш, төңкөрүш деп жүрүп,
Дөңкөндөп, оозуңду көптүрүп.
Тууроңа тапанча байланып,
Тууганың куугансың кестирип.
Бөкөндөй чөлдөгү килеңдеп
Бөрк албай баш алып эсирип —
Жүргөнүң жүрөгүң эзеби
Жоголбой ал күнөөң бекинип?!
Арт жактан келаткан ар бир жаш
Өлөрдө суу десең суу бербес
Жыланга таш десең таш бербес.
Тууганга туугандай карабас
Сага окшоп өспөсүн боору таш...
Карабай анчалык карайба,
Калп жатат сөзүңдө абайла...
Сен уксаң төңкөрүш шамалын
Сезмексиң мезгилдин талабын.
Мылтыктар «кеңеш» деп октолчу,
«Тууганым» деген сөз жок болчу,
Бар болчу деген сөз: «Бай, Кедей»...
Кеп экөө жөнүндө козголчу.
Билесиң Кеңешке каршылар
Заматта айдалып, соттолчу.
Басмачы... кылычтан баш учуп...

Тууганым тутулса атышып
Акым жок!
Салышка маңдайдан,
Андайды кестирип айдагам
Душманды тууган деп айтпагам!
Баштаса чоң жолду партиям,
Такалбай баскамын артынан.
Мындайда мурунун чүйрүгөн
Мага айтчы кайсы жан, кайсы жан?!
Кылычым кынынан эч качан,
Бейчеки суурулуп чыкпаган.
Бий болуп «кан ичер» аталган
Бирөөнүн сообуна калбаган.
Атаңды Оогангa бу кылыч
Жарадар аюудай качырган.
Сүйлөгөн уу сөзүң карачы
Ит болбойт бөрүнүн баласы.
Чоңураак ачып жүр көзүңдү,
Күнөөлүү сезбейм мен өзүмдү.
Тазамын заманам алдында
Сүйүнөм туш болгон тагдырга.
Жергени түндөрдөн арылтып,
Биз элди алганбыз жаңыртып.
Сүйөсүң эт-челдин ортосун,
Кемчилди айткандан коркосуң
Максатың — курсагым ток болсун…
Максатым — сендейлер жок болсун.
Бул күндү бооруман айрылып,
Апкелсем айтасың боору таш,
Өкмөт деп бир өлүп көргөн жок,
Башкасын бүт көргөн ушул баш.
Арт жактан келаткан ар бир жаш,
Болсун дейм тууганга боорукер,
Душманга дайыма боору таш.
«Жыгачтын жумшагын курт жейт» — дейт,
Өсүшсүн баары эр жалтанбас.
Казыр мен кан менен жаралган
Жыргал күн көркүнө суктанам…
Жүрөгүм элирип сүйүнөт.
Мылтыктар тарсылдап,
Кылычтар жаркылдап.
Жер көчүп, ай-аалам дүңгүрөп,
Жер чапчып күлүктөр кишенеп,



Жаңы таң жарчысы биз элек.
Төңкөрүш бүттү деп ойлобо
Бүтүшкө каякта… бүтө элек…
— Жамандык жүрөккө батканда,
Жан кейип жапжалгыз жатканда
Жолдоштор жолобой, карабай,
Бардыгы басканда талаалай,
Тууганың алдыңа келишет,
Тууганча жардамын беришет.
Жашырып койгонго жарабай
Кестиргем деп коет жаман ай…
Тууганың коргондо кордукту
Жардамы тийбеген чоңдукпу?!
Тууганы корбогон убайын
Ошондой чоңдугун урайын…
— Өлгөнүм оң менин атылып,
Душманды койгончо жашырып.
Тууган деп аны айтпайм эч качан,
Туурадан казылса ок аткан.
Туугандык башталат алдыда
Уруу эмес идея боюнча.
Максат деп бардык эл дос болот.
Көмөчкө күл тарткан жок болот.
Бардыгы бирөө деп термелеп,
Бирөөсү жан берип баары деп.
Ортодон жел өтпөс бир тууган
Болушуп калайык биригет.
Бир кайгы бардыгын кубартат,
Бир шаттык бардыгын кубантат.
Бирөөсү бүтпөгөн максатты
Бирөөсү жоготпой улантат.
«Бийликтин убайы тууганды
Туйтунуп туруууда жыргалга».
Дегениң бекер сөз, жалган кеп,
Эч качан кошулбайм андайга.
Командир болгондо аскерге
Тууган деп тартпагам эч кимге:
Бардык эл болуучу тууганым,
Баарына таза эле ыйманым.
Бийликтин убайы менимче,
Ар дайым эмгегин элине
Аянбай астейдил сиңирип,
Бер десе өмүрүн берүүдө.

Бийлик да, чоңдук да элдики,
Кыл жарган калыс дейт эл киши,
Калыстык кылалбай тууганга
Жан тарткан жамандын белгиси.
Эх, мурун ушинтип кабылсаң,
Жоопту алмаксың кылычтан.
Сендейдин барынан жогу дейт,
Сендейден эл деген кемибейт.
— Эл үчүн деп коюп жең ичтен,
Кишиби тойгончо жебеген.
Тууганга жакшылык кылбаган
Элин да жарытпайт мен билем.
Же жатты, же өздү жарытпай,
Киши эмес экениң аныктай,
Солдоюп жапжалгыз кайыктай.
Жууганда жоголгон билинбей
Бийлик не? Ал колдун кириндей...
Карашсаң тууганың карашат,
Кызматтан калсаң да кийиндей.
Май кармаган бармагың жалабай,
Дос, тааныш күткөнгө жарабай,
Жүрөсүң ИНКҮҮ аталып
Жүргөнүн жүдөгөн жаман ай...
Акесиз, жакесиз кылыгың,
Аягын чыгарды ырыңын.
Военком, парторг акыры
Кампага илинбей курудуң.
Болбосо колуңда турганда
(Ким турсун дайыма жыргалда)
Эсепсиз төгүлгөн дүйнөнү
Эсептеп чоңуңа урганда.
Оозуңан, мурдуңан чыгарып
Карк кылып койгондо сыйларга,
Коюндан төгүлсө кончко деп
Коюшмак майталкан кызматка.
Заправка, же бир складка,
Ашкана, сүт ферма, кырманга.
Азыркы убакта таанышсыз,
Байлыксыз жогору жылганга
Каякта?! Бар болсо бул экөө
Дагы эле жүрмөксүң жыргалда.
Жүрсөң да канча жыл кызматта,
Бул экөө жок окшойт колуңда,



Кароолчу болгонуң айткансыйт
Мазаңдын жоктугун ар жакта
Абалтан байыйм деп ок учкан,
Алтын деп, дүйнө деп согушкан.
Башканы мындай кой эч качан,
Пайгамбар дүйнөдөн качпаган.
Азыртан кадырлуу акса анда,
Мен перме кезекте башкарма.
Активдер айлыгын карматчу
Деп коюп: «Жогорку жактарга»...
Биз дагы жон жатпай жечүбүз,
Үчотчук, бригатка дечүбүз:
«Тырнактай ишиңди олчойтком
Таштайсың бияккa эки жүз»...
Турмуштун оошу-кыйышы,
Жана да алгалап жылышы,
Ушундай.
Бироодо бироонун
Жей турган жемиши, ырысы.
— Эл ишин эч качан ойлонбой,
Курсагы тойгонго коржоңдой.
Сүйлөсөң тилиңден чаң чыгат,
Тим эле от болуп соймоңдой.
Адамды барктайсың кийминен,
А үйдү тирелген килемден.
Ар кимди табалап жүрөсүң,
«Кишиси түшүптүр сүйөнгөн».
Айтасың тээ мурун чоңдордун,
Чогултуп бир үйдө болгонун.
Ким канча ичкенин, жегенин,
Жаңжалын, таарыныч кептерин.
Айтпайсың эч качан эч кимге
Бүтүрүп бергениң мезгилге.
Жок болсо эмнени айтасың
Кайра эле жегенге кайтасың.
Жашоону байыш деп түшүнүп,
Ич өсүп, акылың кичирип.
Мамилең мыктысын ким менен,
Сайрайсың бергениң миң менен,
Чоңдорго жагууну максат деп
Чордонун максаттын билбеген.
Алам деп башкарма коңулүн
Азаптуу агылган көп күнүң.

Ошо да өмүрбү дүйнө деп
Максаттан сая өткөн өмүрүң?!
Башкарма бөк десе бөгүүчү,
Чок десе доңкойуп чөгүүчү.
Кекиртек, кууракан курсак деп
Жашаган өмүрүң өмүрбү?!
Обу жок ооздон ириген,
Сен айткан кеп чыгат чириген.
Элиме дебестен жутунуп
Өзүмө дегенден түңүлөм.
Карабай — урган бай, курган бай,
Кебиңден жүрөгүм ууланды ай.
Жыйрылып турамын өзүңдөн
Жыландын жанында тургандай,
Өзүңдөй жоголсо батырак
Ойлонбой отоо чоп жулгандай.
Кылбайсың бирөөгө жакшылык,
Чыркырап жаш бала бакырып
Үй менен өрттөнүп баратса
Жалынга биринчи атылып,
Кирбестен турасың кайсалап
Жардамга эл-журтту чакырып.
Кассаны карактап жатышса,
Уурулар, милиция атышса,
Жардамдын ордуна жашынып
Сендейлер камданат качышка.
Өзгөлөр не болсо шо болсун,
Жамандык келбесин башыма.
Өзүмө дегенде жүгүрүп,
Өкмөткө дегенде бүгүлүп
Өңүңдөн алет жок кубарып
Өлүмүш болосуң күйүнүп.
Өткөргөн ушундай күндөрүң,
Күн эмес — жан сактоо, тирилик.
Бул сөзүң балаңа угузба,
Бул оору — аларга жугузба.
Эл деген азамат болушсун
Эртеңки келечек турмушта.

Булганыч тез жугат дечү эле,
Бул сөзүң айтпагын эч кимге.
Сүттөй ак, таптаза уул-кыз,
Өзүңдөй из салсын мезгилге.



Сендейди ошолор тазартат,
Заманды, мезгилди жашартат.
Өзүмө дегенди унутуп
Өлкөмө деп алар жашашат.

Бүгүнкү сыяктуу жаркырап,
Күн батат кайрадан ай чыгат.
Ошолор килемге байышпай,
Ошолор китепке байышат.

Ийрилер оңолот, түзөлөт.
Жүрөгүм миң жылга сүйүнөт.
Мылтыктар тарсылдап,
Кылычтар жаркылдап,
Жер кочүп, ай-алам дүңгүрөп,
Жер чапчып күлүктөр кишенеп,
Жаңы коч жарчысы биз элек,
Тоңкоруш бүттү деп ойлобо,
Бүтүшкө каякта… бүтө элек…

6. Тигине студенттик курулуш,
Отряд кыш коюп дагылап.
Кызыктуу кеп айтып каткырса
Кылымдан кылымга жаңырат.

Студенттик курулуш отряд,
Суу бурат, үй курат, жол курат,
Чабылган балкалар дабышы
Мезгилден мезгилге угулат.

Туу кылып намысты камчылап,
Турсун деп жылдыздай жаркырап.
Өздөрү жонүндө оздөрү
Өчпөгөн поэма жазышат.

Эртелеп келишип кеч кетип,
Эртеңки намысты эстешип,
Өздөрү тууралу кийинки
Муунга калтырат эстелик.

Курулбас курулуш курулуп,
Кургак сай кубанат күлпүнүп.

Толукшуп көрүнөт кылымдан
Тоолордо тоолордой сулуулук.

Тоо ашып күн батат кызара,
Жолдору, колдору узара.
Топтошкон кыз-жигит чиймени
Талашып талкуулайт өз ара.

Сагынып үн салат гитара,
Саамайы желге учкан кыз ага.
Жакындайт... жылдыздар шагырап
Жылгалап келишет аларга.

Айлана чөмүлүп ак нурга,
Аскадан ай чыгат албыра...
А жаштар түшүнөт бүгүндөн
Эртең көп экенин тапшырма...

# «БАР БОЛ»

## ырлар жыйнагынан

*«Кыргызстан» басмасы, Фрунзе— 1986*

### ШАМЫРАТ

Оттордон, октордон,
бомба үнү соккондон —
мээси чайпалган,
акылы козголгон.
Аарыдай жаш балдар
артында делбектеп...
Коргондо карылар
«кайран» деп кейишет:

«Башкача болуучу
сабакты бергени.
Үшүнтүп калды ал
согуштан келгени...»

Түшүрбөй миң курак,
ал аскер кийимин —
көчөдө, базарда
бий бийлейт миң түркүн.
Тажаса талаага
таштарды зуулатып, —
ок тийген сыяктуу
талымсып тим жатып,
огжалып оокумда
жер менен жер болуп
жылат да алдыга
чаңырат: «Силерге
багыныш каякта...»
Анан ал тызылдап

фрицти кубалайт
Жардаган жаш балдар
соңунан «ураалайт».

Балдарга тамаша,
балдарга бу кино.
Тигиге бүтпөгөн
миң азап, миң кыйноо.
Оштонот, шоктонот,
ый-бийи тыйылбайт.
ууртунан күнөөлүү
жылмаюу жыйылбайт.
— Гитлер ит колумду
кескилеп салган — дейт,
мен анын бооруна
бычагым малгам — дейт…

Бий бийлейт.
Токтоп лып
көздөрүн алайтып,
кайрадан башка үндө
кайгылуу каткырат…
Сөзгө алат:
— Кайдансың?
— Атымбы?
— Шамырат!
— А сенин ким атың?
Жообуңду укпастан
жобурайт балдарын
— Балдарым баары соо.
Мен жинди, дендароо.
Жамбылга барамын,
Жамбылдан келемин,
бир тыйын төлөбөйм
олуя нememин…

Алжаңдайт, келжеңдейт.
— Ажалдан келгем — дейт.
Төшүндө ар түрдүү
значок шагырайт,
ал аны: — Майданда
мен алган орден — дейт.
Каткырат.
Күлкүсү
ыйындай туюлат.



Жолуксаң миң ирет
укканын угулат:
— Каякка барасың,
не сатып аласың?
— Атымбы?
— Шамырат!
— А сенин ким атың?..

Атыңды унутуп
боор ачып турасың…

* * *

Кайра туулуп, кайра өлүп
Миң бир эки түрлөнүп —
Өтүп келген адамзат
Өтө берет күүлөнүп.

Учуп мезгил жаңылбай
Издегениң табылбай.
Унутулган коп заман
Өткөн жылдын карындай.

Күндөр артка бурулбай —
Күкүктөнүп куюндай
Күлгө айланды канча шаар
Аты-жыты угулбай.

Касиеттен бузулбай
Желе жорткон кышын-жай.
Болду бекен анда да
Ушул аба ушундай?!

Акчу бекен суу дагы
Ак булутту чагылтып.
Арзыгандын ырлары
Турганбы жаш тамылтып?!

Бу дүйнөгө кепкенен
Ким келип ким кетпеген.
Жер үстүндө адамдан
Жер астында коп белем?!

Ай менен Күн алаят
Көзүнө окшоп дүйнөнүн.

Кылымдардын ким айтат
Айтпай кеткен сүйлөмүн?!

Сапар тарткан Мезгил, ой
Сан кылымды сабалап —
Салып уруп токтобой
Кайда шашып баратат?!

Алмустакта аткан жаа,
Айланып ал башкага.
Азыр акыр заманды
Апкелчүдөй адамга...

Акыл кошуп акылга
Акыл токтот көр пенде.
Адамдыктан не пайда
Апабыз Жер өлгөндө?!

## ГАГАРИН

Тобокелдин,
ишеничтин элчисиндей
жарк-журк эттиң
учан-теңиз чалкарында,
жылдыздардан
жылдыздарга,
кылымдардан
кылымдарга.

...Кайдан, качан жерге келдиң,
оо, адамзат, ачык айт?
Эмне деген аян-белгиң
сенден башка бир жан көктү
карай албайт, карабайт?!
Кантип эле ушул чексиз;
чиеленген ааламда —
жан болбосун акыл-эси,
окшоп турган бүт сага.
Ушул учсуз, ушул түпсүз,
түмөн түйүн ааламда —
кантип эле жалгыз болсун
Күн, Жер, Адам жана да...



...Жети кабат
жердин сыйкыр нурунча,
баатыр элдин баатыр уулу
жалт-жулт этип,
бизди бир топ жакындаттың
жылдызга.

Жылан сойлойт,
балык сүзөт,
ат, төө чуркайт,
А сен болсо жаралыпсың
учууга!

Жылдыз үнү
бийиктикке
үндөчү эле
тынчтык бербей каныңда.
Самолёттуң күйүп бара жатканда
самол туң калем кылып,
окуп ал — деп жылдыздарга
пароль жаздың
Россия асманына.
Сени ошондо
Күн
асмандан
зор үмүттүү нуру күйүп
кеткен өңдүү
ак булутту ары түртүп
көз канатып караган...

...Кайран жигит каткырыгы,
жарык чачып
ай-ааламга —
түндү тилип спутниктей
сапар улайт алыстыкка.
Адамзаттын жылдыздарга
жиберилген акылындай,
жаркылдаган күлкүсүнөн
коммунисттик нур чачырай,
кайран жигит жүрөр эле
жердин жалгыз баласындай.

## АКЫРКЫ КИЙИКТИН ӨЛҮМҮ

«Укумдан тукум азайып барат...»
Жалынат кийик көздөрү канап.
Жалыныч кулак сыртынан кетип
Кожожаш айлын эт менен багат.

«Түктөн көп элек түгөндүк мына,
Тукумуң өскүр тукумсуз кылба...»
Чаарчык деген так ошол күнү
Так чекеге атылат кыйла.

Кумундай чөлдүн куюлган кийик,
Убалды мерген билбесин билип:
«Напсиси жокту урсун деп кусур...»
Уруктайт бийик зоокага кирип.

Санатсыз кийик саналуу калып,
Тукумдайт заңгел зоокага барып.
«Ынсабы жокту кудайым урсун
Эгерде келсе үйүрдү табып...»

Күн сайын мерген күдүргө оңот,
Күдүрдө жан жок күйүткө чогот.
Кожокең колун мурдуна тыгып
Жарына күндө куру кол келет.

Ай сайын мерген аскага оңот,
Аскада жан жок азапка чогот.
Шыралга турсун шыбага таппай,
Шылкыйып үйгө олжосуз келет.

...Зоокадан зоока, зоокага барат,
Жайылып жаткан кийикти табат.
Бардыгын атып бүтөрдө капыс
Сур эчки менен беттеше калат.

«Ушунум эле жан кызым, Кожо,
Ушунум эле жалгызым, Кожо.
Жан соога, жанын коё кор аман
Эненин укпа каргышын, Кожо.
Мени ат, аны аягын, Кожо.
Тукумдун арты, карагын, Кожо...»



Дегенди укпай атылат мылтык
Агылат анан кызыл кан жошо.

Сүйүнгөн мерген зооканы ашат,
Кийик — деп үйгө кабарга шашат.
Келатса учуп,
айкүнү жеткен
Аялы жолдо толготуп жатат.
Кубанган мерген коктуну ашат,
Айылга — ал — деп айтканга шашат
Келатса жолдон
кошкабат жары
Коймолжуп козу
этегин ачат.

«Теңирден болуп торосо экен,
Тукумду улар туйгунум десем...»
Бакырып түшкөн баланы алса
Бала эмес эле чаарчык экен.
Балкылдайт эне, чөмүлүп терге:
«Эркекпи, кызбы?
Окшошот кимге?...»
Мергенден мурда чаарчык-бала
Кайтарат жооп, маараган үндө:
«Түбүмө жеткен каргаган бата,
Эчкини маарап тирилтем, ата.
Анан мен аны эмемин, эне,
Силерди чандым,
тынч аман жаша!..»

## «КЫЗ-КҮЙӨӨ»

Карайган капчыгайга,
жигит-кыз качып келет,
сүйүүгө таппай айла.

От чыгып колдорунан,
сүйүнүч коодон орттоп, —
балбылдап каректери
баратат жылганы ордоп.

Мөлтүр кыз — манап кызы,
а жигит — жылкычысы.

Жеткенге жетине албай,
ырдашат мындай ырды:

... «Көрүүгө бул жарыкты,
күч калса ирмемчелик,
жан берем, жаркынтайым,
соңку ирет сени көрүп...»

... «Ал калса араң гана
эринди кыбыратар —
эриним кыбыратып
өзүңдү өбөмүн шар...»

Кучагын жалындатып
бетине бетин басып,
жамгырдын көлөкөсү
жан жыргал жытын чачып,
өчпөгөн кош жарыктай,
өлбөгөн үн сыяктуу,
айкалса; бир туруп Ай
бир туруп Күн сыяктуу...
Желаргы — куш түшүндөй,
желпинтет эки жашты.

Булбул куш ыр бүтүрбөй
даңкташат махабатты:
«Күү чертсең күүң чыкса,
күлүңдөп жарың укса,
тун сүйүү кош жүрөктө
тулпардай туйлап турса,
не арман бул турмушта...»

Кичине капчыгайда,
ак сүйүү болот дайра.
Экөөнүн атын айтып
ачылат гүлдөр таңда.

Эки жаш эзилишип,
көлкүлдөп эригенде,
куугундар кууп жетип
түшүрөт желесине.

«Бөлүнгүн!» дегенди укпай,
башына башын жөлөп,



кучактан кучак чыкпай
кылычтан экөө өлөт.

...Алардын мүрзөсүнө
ак куунун ыры тамат.
Ал ырды бир жолу уккан
сүйүүдөн бакыт табат...

Сулуунун сулуулугун
суранып элик алат,
ошондон ушул күнгө
супсулуу болуп калат.

Жигиттин көкжалдыгы
суктанган ссуда калат,
ошондон арман арзуу
айткандай албуут агат.

Буулуккан булуттардан
буурчактап төгүлгөн жаан,
экөөнүн жашына окшойт
кумарга канбай калган...

...Сүйүүдөн бакыт издеп,
угам деп аккуу ырды,
келгендер мүрзө тиктеп
күтүшөт укмуш сырды...

Сен курбум, аккуу ырды
бир жолу уктуң белең?
Бактылуу жашайсыңбы
ал ырдын күчү менен?

Же келип эчен курдай,
ал ырды бир угалбай,
айталбай жүрөсүңбү
арманың ат башындай?...

«Кыз-Күйөө» дешет аны,
билбеймин мурдагы атын.
Ырымдап алып кетет
келгендер мүрзө ташын...

## ЛЕРМОНТОВ

Сенсиң, сенсиң!
Күндөй жалбырттап
Күйүп берген ыйык Мекенге.
Кыска өмүрүң өлбөс табышмак
Жандырмагы жанбас чексизде.
Жаралгансың элдин каарынан,
Сенсиң духтун өлбөс баатыры.
Сенин ырың өткүр кылычтан
Кыя чабат канкор таажыны.
Сен мезгилдин сайып көзүнө
Көрбогөнүн чукуп көргөзүп,
Бүксүп кеткен коом мээсине
Жел жиберип, аны желдетип;
Сыйкырлантып анан ырдадың,
Зор бийликтен эч бир жазганбай,
Жүрөгүнө муңдуу замандын
Бек сайылып калдың канжардай!

Ажарланган, кээде көк даарып,
Албууттанган долу деңиздей —
Ырларыңсыз; ылхам жок калып
Дүйнө болмок муздак өлүктөй…
Дарактарды жазда куураган,
Жашың төгүп кайра тирилтип,
Эрдик менен эч жан кылбаган
Атажуртуң турдуң сүйүнтүп.
Офицери — сенсиң ырлардын,
Жарык кабак, жапжаш, мурутчан…
Аккан каның жерди жылытпай
Жазган ырың жерди жылыткан.
Тийип турган дайым жалбырттап,
Эркиндикке ырдын кароолу.
Падышадан акын ар убак
Болгон бийик, болгон жогору.



## ТАРЫХ АЖАЙЫПКАНАСЫНДАГЫ 2-КЫЛЫМДА КӨМҮЛГӨН КЫЗДЫН СӨӨГҮНӨ СОБОЛ

Самандай сапырылган замандардан,
Тарыхтын моорүнө окшоп өчпөй калган
Элчи кыз, элиң кайсы, жериң кайсы,
Эмне чын, бул дүйнөдө эмне жалган?
Түбөлүк эмне калат, эмне калбайт
Мезгилдин закымында куюндаган?
Аруу кыз: арзуу эмне, жан деген не?
Бул экөө кайда кетип, келет кайдан?
Жан сенден чыккан менен арзуу чыкпай
Мекчейип калгансыңбы сагынычтан?
Колуңа шакек салган жигитиңди
Сароолап сурайсыңбы ар бир таңдан?
Көрүнбөй бизди көрүп турасыңбы?..
Кеп башта, аксакал жок сенден карган.
Ушул күн шундай беле мурда деле?
Алмашып күлкү-күйүт келчү беле?
Жел гана азыркыдай бардыкка тең
Бирөөгө бирөө көзкор тирлик беле?
Кылымдан-кылымдарга кан өлбөйт дейт,
Сен бизди тааныдыңбы, көргөндө эле?
…Карасам табытыңдан бир керемет
Жылгансып, кут учурган шоорат келет.
Болмодон болмолорго закым учат
Мүнөтко кылымдарды өлчөп-ченеп.
…Бир жигит бир кезекте ушул кызды;
Мен сени тиктегендей тилсиз тиктеп
Ичинен Айга теңеп, Күнгө теңеп
Дудуктай көзү күйүп, ичи элжиреп,
Маңкайып өзүмө окшоп турса керек…

## ЧЫНДЫК

Моюн сунуп тагдырга
Капилет сынса бир бутак.
Ошол замат ордуна
Өрөлүп өсөт он бутак.

Бар болуп болбойт жоголгон.
Бир чака суу сен токкон —
Көрүнбөй кетип көптөн соң
Көл болуп чыгат бир жерден.

Булуттар тоого сүйөнбөй
Тытылып быт-чыт шамалга,
Түгөндү десең түгөнбөй
Көбөйүп келет а кайра.

Ажалга айдап ар убак
Азайтам десең азайбай,
Ан сайын күчөйт адамзат
Ай чапчып аккан дайрадай.

## ЖАРДАМ

Жардам сурап
жалдыраба
эч убакта
күнүң отпой калса да.
Жалдыраба,
жалдыраба!
Андан корө
намысыңды
түйүп алып муштумдай,
үмүтүңдү жарык кылып
уч тынбай…

Сен — Адамсың!
Ошондуктан
озүңо-озүң жардамсың»!
Өзүң үчүн,
бир курсактын камы үчүн,
элден ойдо жашаш үчүн
жанга уруп жаныңды;
эчкини эже,
теке корсоң жезде деп —
байкуш болуп
үлдүроп —
берип колдо
барыңды
жардам күтпо!
Жардам күтүп
жагалданып
тайкең эмес, жээниң эмес
машаякка жүгүнбө, —
андан коро эмгегиңди,
коктүгүңдү —
жолдош кылып
тырышып,
сууга тийген чылбыр окшоп чыйралып
кош колуңду канат кылып
миң бир эки кыйналып
оз киндигиң озүң кесип
бороондордон
осүп чык!
Козкор болуп,
жалган атак, даңк үчүн
жаның сатпа далбастап, —
антип алган ордендериң
күздо түшкон жалбырактай
түшот бир күн шыңгырап…
андан коро
каниет деп
маңдай терге
миң кылымдык эмендей
ос бакжайып
барга-жокко
кебелбей,
бийиктей да, тереңдей…
Суусап турган чоптү сугар,
журогүңдон ырда ыр.
Жардам күтпой
ким бироого
журогүңдон
жарым күлкү
жардам кыл!

## КҮЗГҮ ЖАМГЫР

Күйүтүнон күлкүсү коп кылымдын
Күкүртү жок күйдүргон бир ыйындай.
Күзгү жамгыр шолоктойт да, шолоктойт
Күн басылбай, түн басылбай, тыйылбай.

Коз байланып эшик-элең ийирдей,
Кайра тогот канча жаары билинбей.

Өлүү менен тирүүлөргө арналып
Бир айтылган айбаты зор гимндей.

Күзгү жамгыр кусалыкка ээбечи,
Күн жарыткан күлкүбүздү эстечи...
Сенин гана добушуңдан айыгат
Көңүлүмдүн толбой калган бөксөсү.

Жытың жыргал, жыпар гүлдөй таңдагы,
Жан билбеген кереметиң бар дагы.
Күкүктөгөн күүң уксам азаят
Көкүрөктүн көөнөрбөгөн арманы.

Күзгү жамгыр күчөп жааган коноктоп,
Жаа, жаа, тамчың күйүт күйгүзөт.
Жалт-жулт этип жерге түшкөн изиңден
Жалт-жулт этип көктү көздөп чөп өсөт.

Сени бирөө токтото албай жүгөндөп,
Эсептебейт саның санап түгөлдөп.
Кетип алып кайра келе бересиң
Мен кеткенде мендей болуп ким келет?!

Сен эмнеге акпай тамып калгансың,
Биз билгендей билесиңби жан баркын?!
Тып-тып тамган тамчыларың тыңшасам
Адам айтпас акыл айтат ар тамчың...

## БИР СОБОЛ

Толгон айдай балбылдап,
кирген суудай шарылдап
жүргөн кезде: — Батырак
онунчуну бүтүрүп
окуу жайга тапшырсак...
дээр элек ар убак.

Жай чилдесинин күнүндө,
окшош тоонун гүлүнө
жыргал студенттикти
шаштык эрте бүтүүгө.



Байыс кылбай азырак
дедик: — Бачым, батырак..
бизге гана зарыгып
турган оңдуу туш тарап.

Кындан жаңы суурган
кылыч мисал жаркылдап,
кирип кеттик турмушка:
— бачым, бачым, бачымдап...

Көздөн учкан алды жак
ойлогондой жаркырак
эместигин биз билдик
калган кезде шалдырап.

Шаң учурган убактан
бирөө бизди кубалап
келаткандай эмнеге
шаштык экен далбастап?

Корккон оңдуу аскадан
ылдый жакты бир карап
коркуп азыр турабыз
ылдамдыктан калтырап...

Онунчуда октолуп
отурсак не токтолуп.
Студенттик куракта
турсак гана шашылбай
жок дегенде бир апта.

Алдыргандай оозунан
аңыраят туш тарап.
Шаң учурган убактан
шаштык экен эмне бат?!

## ЖҮРӨК СӨЗҮ

Иттин мурду сыяктанган нымдуу түн
мээ айныткан аркырап
машина үнүн муунтат.

А сен үйдө
ак чүштөдөй ак шейшепте
нур балкытып маңдайыңдан
түш көрөсүң...
Үстүңдөгү жибек жууркан
шыпырылып
ич көйнөгүң ак денеңде
көлкүйт суудай
боюң ылдый куюлган.
Көкүрөгүң айырмасыз көктөгү Айдан
шоолалантат сүттөй жарык
акактанып уюган.
Суй жыгылып сулк жатасың
ишиң кечээ бүтпөй калган,
жамалыңа бырыш салып кеткен окшойт
жетпес арман
менин кулак-мээмди жеп
эс тандырган:
«Окууга өтүп тааныш менен,
көтөрүлүп тааныш менен,
жылда үч үй алмаштырып
жыргап жүрөт тааныш менен...
А сен үйдө
бир ыптасы жаракадан
кулайын деп араң турган
балаң менен армияга бара турган,
дагы уул, кызың менен
энең менен араң баскан
үй алганга жарабастан
жүрөсүң болуп жазган.
Жазганыңдын пайдасы эмне,
кереги не?!
мени койгун өз балаңа,
өз энеңе
жок дегенде эки бөлмө
үйгө күчү жетпегенде.
Же бир тааныш күтө албасаң
кишиге окшоп
бере албасаң тыйының ага топтоп
жүрө бергин кулар үйдө
цыган окшоп...
...барсаң боло
өйдө жакка
чапаныңды чечип алып калса да...»



...Кан басымы катуу эле
каны үйөрлөп кеттиби же?!
Ырым жазып мен далисте
карайм аны;
ак шейшепте —
жерге түшүп жибек жууркан
балкып жатат балжуурандай аппак дене.
Тили ачуу, дили аруу алтын жарым
бирден санайм бырыштарың,
биз да бир күн жок болобуз
унутабыз жоктун баарын.
Мезгил келет жулуп салат
тааныштыктын тамырларын.
Ишенемин акыр бир күн
бир үй тиет,
карган энем сүйүнгөндөн бийлеп иет.
Ишенемин,
өкүнүп айтканыңа
суктанасың
улам гүлдөп
бара жаткан калаабызга,—
келсе дейсиң жаштык кайра...

Кап-кап алтын, кап-кап акча
жана «Волга» жана дача
аныктайбы адам баркын
же мезгилге болобу оопа?!
Эч убакта...
мен алардын көр дүйнөсүн
теңебеймин бир сабыма,
мээни сыгып
туулган жердин
көгөртүүгө жалбырагын
арнайм жаным!
Башкалардын каткырыгы
сокур тыйын
сен турганда мага карап,
өбүш самап...
Күмүш чалган чачың Айдын
шооласына шоокумданат.
«Күнөөм менен агарттымбы
ушул чачты?!»
Жүрөк канап
турам карап,

бул өмүрдө —
саатына күн жетпеген жаштык күндө
бир кейитпей
бир кабагың түйдүрбөй
каалаганың ошол замат
так аткарып
жүралбадым
атаганат..
Апаппак Айдын нуру
төшүңдөн жупжумуру
апкаарый сылагылап
үлбүрөп өөп туру.
Уктагын, ууздайым,
эч качан бактылуу болбогондой
Анатайың
бактылуу ушул азыр,
көркүңө көзү тойбой
эртең жана бүрсүгүнү
ушундай болууңду ойлой
бактылуу ушул азыр...
Укта,
укта
түшүңдөн эч чочуба,
көңүл бурбай көр оокатка
бололу ден-соолукта,
кыйындыкты
күтүп турган алдыбызда
жеңели тазалыкта.
Кан буугандай токтотулат
жолдор барчу тааныштыкка,
кичине үйдө жашаш керек
чоң ойлордо,
чоң максатта...
Ага чейин
укта,
укта,
кабак түйбө, капаланба,
ойгонгончо апкелемин
дүйнөдөгү гүл тазасын,
өзүңө деп жазып коём
дүйнөдөгү ыр жакшысын,
мойнуңа мончок кылам
ак жаандын ак тамчысын



жана дагы жан эриткен
жаш булбулдун жаш кайрыгын...
Ага чейин
укта,
укта,
аппак моюн карлыгачым
укта,
укта...

* * *

Бирдеме деп сүйлөчүлөп
такыбачы,
Жүрөк сүйлөп турган кезде сөздүн азы
кандай жакшы!
кандай жакшы!
Жүрөгүм бир сүйүнүп согуп турат,
Жашасын ар-ар кимдин махабаты!
Сыйкыр карек,
сыйдам жүзүң,
сымбат денең
жуурулушуп турат мына
мени менен,
сөз сүйлөөгө болобу ушундай бир
ушундай бир мүнөттөрдө көлкүлдөгөн?!
Дем чыгарбай тыңшайлычы
жүрөк сөзүн
жүрөктөшүм —
ар-ар кимдин ушундай күнү өтпөсүн!
Мындай кезде
сүйлө дебе
бүткүл дебе
ансыз деле
сөзгө айланып «Сүйөм» деген
коргошундай
көлкүлдөп эригенде.
Сөздүн күчү жетпейт буга
андан көрө
жүрөктөрдүн кагышына
көңүл бөлө
тынч туралы...
эч качан түгөнбөгөн
эч качан азайбаган
ээлки ырды угалы...

## ЫЙЛАГЫМ КЕЛЕТ ДЕСЕҢ

Ыйлагым келет десең,
өкүргүм келип турат…
Ортобузда ок жыландай,
окторулуп ушак жылат,
албарстыдай
коңулду эзип
азезилдей муундурат.
Келбетиңе
кемпайлардын өчү бардай
берет сага ууну чылап.
Чикирттеген аппак гүлдөй,
жүрсүң күлбөй
күнүң түндөй
оо жарыгым,
Ыйлагым келет десең
өкүргүм келип турат…

Аруулугуң ууз сүттой,
коңур күздой,
сулуулугуң — он сегизде коргон түштой,
жаман сөздү мындай койгун
жаман көзгө көңүл түшпой, —
жүргөн кезде ок жаңылган чаарыктай,
жараланган карлыгачтай,
жан коёрго айла таппай…
оо, секетим,
сергилеңим.
Ыйлагым келет десең,
өкүргүм келип турат…
Эзелтеден эстүүгө өч эссиз неме,
билем дейсиң
гүлгө дайым
чогойно кас.
Эгиздей экөөбүздүн ээрчишкенди
коралбай ичи тардын жаны чыгат,
сөздөрүн укпай ак кой,
укчу болсоң тим эле
жинди кылат.

Күн күч алат
сүйүшкөн көз
нурларынан



Күн күч алат…
билем дейсиң…
Келем дейсиң
ушактардын мойнун бурап,
өзүмдү-өзүм
бир сүйүүгө бүлөп-чыңап…
……………………………
Жаным кубат,
Ыйлагым келет десең,
өкүргүм келип турат…

## СЕНИ КӨРБӨЙ КАЛГАНЫМА

Сени көрбөй калганыма
бир күн болду.
Дагы-дагы күндөр учат,
тоголонот,
андан кийин
бир ай болот,
бир жыл болот.
Күзгү уядай бош жүрөктү
күндө кучөп
зилге айланган
сагынч оёт.

Сени көрбөй калганыма
бир күн болду.
Бир кылымдай
бир күн болду,
болдум оору —
эч убакта эч качан айыкпастай,
күйүттөн чыккан арсыз
каткырыктай,
калган каттай
адресин таба албай,
жапа жалгыз
ай талаада жаткан таштай…
Өзүмө-өзүм ишенгенден —

үч уктсам түшүмө кирген эмес
өзүңдү көрбөйм деген
сенсиз күнүм өтпөйт дегем,
бирок дагы өтөт экен
өттү бир күн
өтөт дагы —
кулагынан
кулаган
суу сыңары
аздай берет
махабаттын соккон каны...

Сени көрбөй калганыма
бир күн болду.
Мүмкүн дагы
бир жыл болор,
мүмкүн дагы
миң жыл болор,
өлбөчүдөй көрүнгөн
өмүр соолор,
эки жерде мүрзөбүз
жексен болор...
Бирок мен ишенбеймин —
өзүм билип турсам дагы
ишенбеймин
сени такыр көрбөй-билбей
каларыма
Мен жашоонун көзү болуп,
тиктеп турам сени дайым!
Тиктеп турам сени дайым!
жердин жети кабатында
жексен болуп
күлботого айланбайын...
Тиктеп турам сени дайым!
.........................................
Сени көрбөй калганыма
мына бүгүн
бир күн болду...



## ЧОЛПОНБАЙ

*поэма*

— Сен эрдик, келдиң кайдан?
— Энелердин көз жашынан.
— Ысмың ким?
— Туулган жер.
— Күчүң кайда?
— Намысымда.
— Сапар алдың эми кайда?
— Келечек муундарга.
— Мүдөөң кандай?
— Дагы күчөп
киреm урпак кан-жанына.
*(ырдан)*

Жоо жакалап, бөрү этектеп,
Турган кезде
кары — бала
Чымын жанын Атажурт деп,
Бекем байлап канжыгага,—
Кек артынан кете берип
Көп кемиген ушул айыл,
Чок баскандай чурр дей түшөт
Кара кагаз алган сайын.
Кут учурат кунарсыз кеп,
Күн кылдырайт эптеп-септеп.
Иңирлентип көңүлдөрдү
Ириң мисал булут келет.
Эркектерден аялдар көп,
Эңсөө эзген ырын төгөт.
Чалгы тартып, соко кармап,
Жакшылыкка үрөн себет.
Кыл кыяктай абышкалар
Чылк кайгыда
үлүңдөшүп
Майып болгон уулун карайт
Ак сакалын дирилдетип:

— Өчпөсүн өч, кетпесин кек,
Өлүмгө өлүм, канга кан — деп
Кумсарышкан карыялар
Кыбыла карап чыйт түкүрөт, —
Түгөнбөстөн көбөй түтөп,
Күргүчтөнүп жоо сүр күчөп!..
Чакан айыл баш жагында,

Чал Эргештин чарбагында,
Күндө бир маал айланга:
— Чымын жаным, калтыр, ата…
Деген жалынч угулат да
Анан пастайт.
Өткөн жайда
Эргеш чалдын жалгыз уулу
Кан майдандан качып келген.
Аны угуп өз уулунан
Укканына ишенбестен —
Карт аюудай ок жаңылган
Очорулуп бир чаңырган.
Анан туруп таяк менен
Эргеш уулун берип калат.

Ит жыгылыш,
Экөө кулап…
Таймашуунун акырында
Баласынын бети айрылып,
Жоон сандан буту сынат.

Эргеш али тың абышка.
Күндө келип баласына
Козгоп коёт бутун кайра.
— Жан таттуубу?
Ушул жанды
Сага берген Кудай таала.
Эл башына күн түшкөндө
Качпасын деп кайра артына…

— Чырагыңмын бул жалганда
Ошол жаным, калтыр ата…
— Жан таттуубу? Сенден көрө
Кара кагаз алганымда
Жүзүм жарык болбойт беле
Эл алдында…

— Жалгызыңмын,
Жан соога, ата,
Жан соога ата…

— Жан таттуубу? Ушул жаның
Мен бергемин.



Мен бергемин.
Намыс-арга
Жарасын деп!
Жарабадың,
Андан аяп келген жаның
Мен аламын. Курган бала,
Келме келтир. Тез бол, кана…

— Туягыңмын бул жалганда
Жаным аман калтыр, ата…

Күндө бир маал айланага,
Ушул жалыныч угулат да,
Аралашып үшкүрүккө
Сиңип кетет капчыгайга…

…Мордон түтүн,
көкүрөктөн
Күйүт булап.
Чакан айыл.
Уулдарын кан майданга
Узатышат ар күн сайын.
Мына бүгүн Чолпонбайдын
Энекеси ысык чайын
Элге берип,
Армияга
Бара жаткан баласынын
Ак жолуна тилейт бата.
Камыштай эл ыркалата
Жайган бойдон алаканын
Жүз тигишет,
Бата сурап
Турган чийикл Сурма апага:
…Чолпонбайдын көз алдында;
Аппак чоку. Анан ылдый
Кыркаар тоолор, жыбыт-жылга
Анан мектеп, анан дайра,
Анан элес келген кайра.

Караңгыда бал-бал жанган,
Карегинен каухар тамган.
Кагелес бой, камыш кирпик,
Айырмасыз мандалактан —

Чыйбыл кыздын жылмайганы
Жылт дей түшкөн жылдыз мисал
Жыргал чачат улам жаңы.
Ошол кызга — аты Гүлнар,
Кат бергизип эчен курдай,
Жолукканда жооп сурабай,
Жоготконун таап алгандай
Жоодур карап жүргөн күнү
Көз алдына келет тынбай…
Анан үйдө
Сандыктагы
Кызыл аскер атасынын
Гимнастерка, буденовка
Келе калат көз алдына.
Буденовка беш жылдызы
Жалт-жулт этчү
Азыр эле
Атасы аны чече коюп
Чыккан оңдүү шашып эшке.
Гимнастерка…
жүрөк тушу
Тешик эле оңурайган,
Сурмаке апа алып чыгып
Мунажаттап окуп куран,
Анан тошкү чөнтөгүнөн
Катты алып үч бүктөлгөн
Калч-калч сунуп «Оку» — дечү,
Аны окуп бүткүчөктү
Жашы он салаа агып кетчү…
Гимнастерка, буденовка
Ата болгон Чолпонбайга,
Сагынганда алмак-салмак
Жытын жыттап, боорго басып,
Анан коюп баштарына
Аруу түндө уктап калса;
Бир алп караан олбур, сүрдүү
Каттан чыгып, басып калбаат,
Башында бар буденовка
Чолпобайды беттен сылап,
Керээз кебин айтчу кыйла —
Тоолор кулап кетчүүдөй
Колдураган жаңырыкта:



«Жан кулактын учунда,
Жана кылыч мизинде,
Турган кезде,
Акыркы
Керээзим бул силерге:
Ленин берген теңдик күн,
Узун болсун өмүрүң.
Өмүрүңдү чексизге
Улап кетсин өлүмүм.
Кашык каным калганча
Кылычыңды мен чабам.

Аталары атамдын
Келериңди эңсеген.
Балдарына баламдын
Барктап өткүн деп кетем.

Эртең өзүң эрки зор
Болгонунда комсомол.
Заманага ар дайым
Аккан суудай таза бол.

Чымын жаның, туягым,
Заман керек десе эгер,
Өзүмө окшоп аянбай
Өмүрүңдү сен да бер…

Кийип жүргөн тонуңду,
Минип жүргөн атыңды,
Оозуңдагы сөзүңдү,
Алдырганча душманга,
Алдырган оң башыңды.

Заманыңды атадай,
Сыйлап өткүн, Чолпонбай,
Атаң ага кубулуп
Айланат да эч тынбай
Актыгыңды заманга
Тиктеп турат кышын-жай»…

…Селт дей түшсө
ойлуу, сүрдүү
кыркаар тартып олтургандар

Сурданышат уккан сыңар
Укпай турган суук кабар.
Тыноо какпас тынчтык бузуп
Каргылдашат Маматумар:
— Эл башына мүшкүл түшсө
Эр азамат чекте турар.
Атаң намыс кишиси эле
Жүрөгүндө жалыны бар.
Өкмөт менен кошо чыгып
Бай-манапты кууп, кырып,
Ушул күндүн өмүрү үчүн
Өз өмүрүн берген кыйып.
Сен тулпардан калган туяк
Ата жолун ула чыңап.
Келбестердин кегин кайры,
Өткөндөрдүн өчүн кайры.
«Чамынгын» де жолуктурсаң,
Сенден мурда баргандарды.
Жеңбей келбе! Жок дегенде
Өз жаздыгың ала жаткын.
Ошо менен көздөн учкан
Жеңиш күндү жакындаткын.
Баргын уулум! Кезек келсе
Биз барабыз!

Жеңилгенден
Канча жеңил кармаш менен
Канды төгүп тууган жер деп,
Кан майданда жанды берген!
Баргын, уулум! Атаң Манас
Арбагында колдоп жүрсүн.
Жигит деген жоо келгенде
Аткарышкан эл үмүтүн.
Оомийин!..


Кемпир-кесек
Өздөрүнчө кемшеңдешет:
— Эр жалгыздын жалгызы эле
Аскер албай койсо эмне...
— Шумпай кемпир, андай дебе,
Оодуктан суу ичет дейт
Ат башына күн түшкөндө!
Андан кийин аман барып,
Аманатты так аткарып,







Алтымышынчы жылдардагы студенттик күндөр.



Солдо кыргыз эл мугалими Бектур Исаков, оңдо Анатай Өмүрканов.



Акындын карындашы Жыпар жана апасы Шаршенкүл.

Анатай Өмүрканов атасы Өмүркан менен.
1967 - жыл.






Акындын үй бүлөсү: сол жакта аялы Бурул, туруп тургандар уулу Руслан, кызы Айсалкын жана уулу Нурлан.



Анатай Өмүрканов жубайы
Бурул менен,
жанында досу ОңолбекКекеев.



Акын Анатай Өмүрканов 1980 - жылдарда.

Аман келсин жүзү жарык!
— Ак жол сага! Баргын уулум
Жортконуңда жолуң болсун.
Жан жолдошуң кыдыр болсун.
Мүдөөң келсин, иш оңолсун
Оомийин!..
Казганак эл
Алаканын бетке тартып,
Асман жара чурулдашып,
Кол жайышат: — Оомийин,
Эзелтеден эр азамат,
Элин коргоп жоого аттанат,
Аттанганын колко кылбай
Канкордон калк өчүн алат...

Тоолор менен кумсаң кумай
Ушул добуш жаңырыктай —
Күрр дей түшүп чоң дайрага
Күргүчтөнүп, чыгып кайра
Кайрат кошуп кайраттарга
Кайрак болот намыс-арга.

... «Денең чеп кыл!» Жоо жолун тос!
Чегинүүгө жол жок башка.
Артыбызда жандан кымбат
Жандан артык жан Москва!..

Бул кыйкырык көк асманга
Атып чыгып жел шамалга
Аралашып,
Жери күйүп,
Адам көрбөс кордук-ыза,
Көргөндөрдүн бардыгына
Жаал кошуп жаалына,
Каар кошуп каарына,
Чагылгандай чарт-чурт этип
Өч алууга чакырууда.

Ай асманда «С» тамгадай,
Булут жирейт коргошундай,
Жоого атылчу сансыз октой,
Күңгүрөнөт калың токой.
Куш учалбас Дон дайрасы
Кут учуруп агат онтой.

Токой ичи, жертөлөөдө,
Бейпил күндөн миң бир эсе
Кыйын, татаал согуш ишке
Машыгууга Чолпонбайды
Бир ай мурун кошкон эле...
Айылында кап көтөргөн,
Балдар менен мелдешкенде.
Жеңип жүрчү теңтуштарын
Той-топурда эңишкенде...
Куп жарашып аскер шапке,
Кабар берет каруу күчтөн,
Карыш кабак, калбаат дене.
Керден болуп чыга түшөт
Булчуңдары экчелгенде.
Кыйналса да адагенде
Эти оор, тумсак неме,
Көнүп кетти: көп катары
Жүк көтөрүп жүгүргөнгө,

Анан келип
Бет-кол жууп,
Мылтык атып, кайра чачып,
Бир заматта окоп казып,
Жаздымдабай ок атканга
Сазда чуркап бара жатып.
Чолпонбайдын түшкөн полку,
Көп улуттан турган болчу.
Бир жеңден кол, бир жакадан
Баш чыгарган
Өзү курдуу
Матревели, Гилязитдинов,
Захарин да, Черновал да
Мамед оглы, Шувакс жана
Атасы Иван, уулу Вася
Зыкалиндер ата-бала,
Бир туугандай болуп ага;
Ок жамгырдай чабуулда да,
Же тыныгуу маалында да
Аяшчу эмес жардамды ага.
Бардыгынын калбай жаны
Үйрөтүштү орусчаны.
Идиреги даана жигит



Эки эле айда сүйлөй билип,
Зыкалиндин атасынан
Сурай берет: — Оо, абажан,
Айтыңызчы, граждандык
Согуштагы кылчайнаштан...
— Балам, — дечү ата Иван
Белге түшкөн аппак куудай
Акыл агып сакалынан, —
Өлүү ары, тирүү бери
Тартып турган ошол кезде
Кындан кылыч сууруп чыгып
Кызмат кылгам Фрунзеде.
«Туркестанга совет бийлик
Орнотулду» — деп Ленинге
Телеграмма жибергенде,
Мен какайып тургам анда,
Желек ыргап соккон желге.
Орус, өзбек, казак, кыргыз,
Жаңы заман жаратканбыз.
Тап боюнча жүрөк бирге
Эл кошулган Ленинге.
Ошондо биз лениндик
Достукка үрөн септик эле,
Эми мына кан боюнча
Боорлошуп олтурабыз,
Орус, литва, тажик, кыргыз.
Тап боюнча каны бирге,
Кан боюнча жаны бирге.
Ушу бизди жеңем деген
Мээ жок экен Гитлер итте.

Карегиңен кайрат жанган,
Тапшырганды так аткарган,
Өткүр кайрат, көзү жалын,
Тилге жүйрүк жана балбан.
Кебетең маа тааныш, сүйкүм,
Жанга жакын сезилесиң
Баласындай Фрунзенин.
Балама окшоп балам менин
Мезгилби азыр өткөндү айтар?!
Андан көрө Вася менен
Бирге барып кампа кайтар.

Китеп жазам
жазам кийин,
Биздин муун жасап кеткен,
Жасап жаткан эрдиктерди.
Эң башкысы эртелетип
Жеңеличи фрицтерди...

Мүшток сорот, сакал-мурут,
Саргайганча сорот да анан —
Автоматын чачып, оңдоп,
Ойго батат үн катпастан.
...Токолдонуп токой күйүп,
Айыл-кыштак бүт өрттөнүп,
Алдың тосуп чыкпайт барсаң
Адам эмес, ит да үрүп.
Терезеси сынган үйлөр
Көзү сокур кишилердей
Томсорушат.
Кирип барсаң
Шейит жатат
Көзү алайган.
Аял жатат айы жеткен
Курсагына штык малган.
Абышканы, жаш баланы
Тирсегинен асып салган.
Бети-башы, кийген кийими,
Көө бала көзү алаңдайт,
Морго кирип, аман калган.
Ар-ар жерде танка күйөт.
Көзү кызыл кутурган ит,
Шүмүрөңдөп чуркап жүрөт.
Айыл бопбош, мүрзөгө окшоп,
Катуусунан эчтеке жок.
Жумшагынан күлү калган...
Ок чыгарып полк коштошот
Солдаттарга дүйнө салган.
Көздөн аккан жашка окшоп
Көрүстөндө атылган ок,
Эртеңдерден алынчу кек
Сыяктанып көккө житет...

«Жарты нанды бөлүп жеген,
Жан-каныбыз бирге деген»,



Досу менен
Сергей алда,
А Чолпонбай арт жагында
Чабуул коюп баратканда,
Чарт жарылып каткан мина,
«Апаа» деп ооз ачканга
Араң жарап бир заматта
Колу колдой, буту буттай
Учуп кеткен көк асманга
Сөз айталбай андан башка...

Жолдоштору Чолпонбайдын
Соогүнөн түтүн чыгып,
Сергейине кайгырганын
Сезип көңүл, кайрат айтат:
— Мүңкүрөнүү эмне керек?!
Андан көрө досуң үчүн
Өч алгының фрицтерден,
Эки эселеп, үч эселеп...

Ок атышуу токтоп кээде
Эки тарап тынykканда,
Токой жактан булбул тилин
Безеп сайрайт, кызыл кыргын
Болбогондой эч убакта.
Андай кезде жаагын жанып,
Антон айтып анекдотун
Боорун эзет досторунун.
Бирөө тартып гармошканы,
Калгандары жардап аны
Кайнап каны, кайнап жаны,
Жерди бир тээп, ичи элжиреп
Алакан чаап, бий бийлешет...
Сырын билип куралдардын
Жана урушуу амалдарын,
Алар кечте жатарында
Кеп кылышса сагынганын
Алыстагы сүйгөн жарын
Сөз түгөнбөй таң атканча
Бөлмө толот кусалыкка:
— Жарым менин күтөм деген,
Мен барганча күтөт мени...
— Күтмөк кайда, бир эркекти

Тапса кетет колун кармап
Алар бизди коёт алдап...
— Азыр мына көзүм жумсам,
Алдым тосуп чымылдаган
Өзүмө окшош наристемдин
Карaанын мен көрүп турам...
— Бир кызга мен кат бердирсем,
Көңүлүн ал билдирбеген...
— Кат жазыптыр бир кыз мага,
Айттым: алам, келип кайра...
— Бир жашадык бир ай гана...
— А биз араң эки жума...
— Силердики көп турбайбы,
Нике кыйып, кечиндеси
Эртесинде жөнөп кеткем...
— Арбын тура сенде арман...
Күлкү чыгат шарактаган.
— Эмне деген арсыз күлкү,
Ким күнөөлүү калганына
Жарың анда, өзүң мында?!
Билесиңби?!
                    Билсең анда
Өзүңдү өзүң курчут, бүлө.
Тез жетели Жеңиш күнгө,
Жеңиш күндү өөп, жыттап,
Барасыңар анан үйгө.
Ага чейин душмандан өч
Алыш керек жан аябай.
Жол жок азыр күлкүгө андай...
Тып басылат бака-шака.
Оор ойлор коргошундай
Ушуларды уктатпастан
Ойлондурат таң атканча...
... «Кең Таластын атыр жыттуу
Дем алып жел-абасынан,
Табияттын кырсыгынан
Тышкары тынч, жашап жаткан
Суу сураса, балын берген
Адамда жок асыл энем,
Арнап сизге кат жиберем.
Жерин коргоп, кеткен майдан,
Ушул катты деп билиңиз



Уулуңуз Чолпонбайдан.
Ал-күчүңүз кандай апа?
Не жаңылык айыл жакта?
Маматумар, Камбар ата
Кандай жүрөт?
                    А биз болсок
Жанды тиштеп оозубузга —
Кирүүдөбүз улам күчөп
Кылчайнашкан былчылдашка.

Мен укпаган улуттардан
Жоокерлер көп. Каарданып
Чагылганын чартылдатчу
Аса-Муса сыяктанып
Бириккенбиз. Зыкалиндер
Биздер менен ата-бала.
Иван аба граждандык
Катышыптыр согушка да.
Атама окшош тагдыры бар,
Чарчаганды дале билбей
Чабуулдарга чыгат биздей.
Баратабыз сүрүп душман,
Таш боорлукту алар кылган —
Жазыш кыйын ак кагазга,
Айтып берем барганымда.
Билбей күндү, билбей түндү,
Биздикилер жан укпаган
Көрсөтүүдө эрдиктерди.
Жолдошу бүт кырылганда
Жолду бербей буктурмада,
Огу бүтүп жардамы жок
Жалгыз өзү калган чакта, —
Гитлерчилер ок кортопой
Гранаттан өлсүн дешип
Граната ыргытышса —
Ыргытылган гранаттар
Кайра келип фашисттерге
Тарс жарылат.
Ошол замат
Өлүп
        азы жарат алат.
Кексе фашист өздөрүнүн

Гранаты өздөрүнө
Жарылганын даана билип,
Гранаттын кулпусун бек
Тартып анан азга токтоп
Ыргытканда күм-жам болот...
Жердешиңдин Акун аты
Сабырбаев фамилиясы
Көк жал экен десе баары,
Фамилиямды уккан оңдүү
Сыймыктанып болдум тоодой,
Эрдикти ойлоп так ошондой...
Болсо дагы өзү курман,
Эрдик жасап өлбөй турган
Кеткендердин бири Матай.
Казак жигит.
Мерген экен
Кудум биздин Кожожаштай.
Жер өрттөнүп, үйлөр күйүп,
Баратканда фашист сүрүп.
Арттан жардам келгичекти
Жалгыз тосуп мерчем чекти.
Душманды алга жылдырбастан
Жик билгизбей өзүн катып,
Сойлотуптур фашисттерди
Сорок этсе чекеге атып.
Ою кетет фрицтердин:
«Тобу бардай аскерлердин»...
Бирин-бири сөгүп, боктоп,
Жогун жоктоп, күчүн топтоп
Көптөн кол жууп, акырында,
Чабуулга өтүп, курчап аны
Барса жатат
эң акыркы
Огу менен чыккан жаны.
Фашисттердин заареси учуп,
Таң калыптыр бул эрдикке:
«Ажалыбыз булардан го,
Ар солдаты минте берсе»...

Фашисттик самолеттор
Кулаалыдай калдалаңдап,
Көктөн бизге шукшурулуп,



Кайып учат бомба таштап.
Аба тытып жамгырдай ок,
Асман жерге кулагандай
Кулак тунат.
Коңуз окшоп
Күдүрүңдөп немис танкы
Келатканда бизге карай,
Ок түгөнүп, болуп майып
Баратканда күчтөн тайып,
Жаш грузин аты Вано
Калган жалгыз гранатын
Белге байлап: «Сени кайбар
Өткөргөнчө ушул жакка
Өзүм менен сени өлтүрөм!»...
Деп немецтин танкасына
Жата калат
экоосу тең
Тыйпыл болот бир заматта.
«Мындай элди жеңүү болбойт»...
Карманыптыр фриц жака.
Ушу менен сөзүм бүтөм,
Катка кайра жооп күтөм...»

...Тармал көкүл Талас тоосу.
Чакан айыл. Капка оозу.
Кубанычы ичке батпай
Улам карап колдо катка,
Окутарга киши таппай
Сурмаке апа келе жатса,
Терең кудук түбүндөгү
Үлбүрөгөн аруу шамдай
Гүлнар кетип баратыптыр
Чоп чыбыктан үйүн карай.
— Кат окуп бер, айланайын.
— Болсун эне, келди кайдан?
— Өзүң билген аскердеги
Көрөр көзүм Чолпонбайдан.
— Болсун, болсун...
Гүлнардын да
Каны үйөрлөп, бети албыра
Жагымдуу бир калтыракка

Кабылды да
Анан катты
Окуп кирди шатырата...
Калч-калч этип эриндери
Эне өзүнчө сүйлөй берди:
— Жүргөнүңдөн аман-эсен,
Балакетиң алсын энең,
Кагылайын кебетеңден...
Сүйүнгөндөн чыккан жашын
Сүртүп эне жоолугуна,
— Жооп жаз — дейт Гүлнар кызга.
... «Атаң билбес Дон дайранын
Атыр жыттуу абасынан
Дем алып кең Мекен үчүн
Ыйык милдет өтөп жаткан,
Жиберебиз Чолпонбайга.
Алган катты деп билгиле
Алыстагы апаңардан.
Жана дагы Гүлнар кыздан.
Айыл көбү аскер кеткен
Беш-алты эле эркектерден
Кары калды
Калгандары
Кагыраган катын баары.
Кары келсе — ашка эзелтен.
Жашты дайым ишке деген.
Душман селдей каптаганда
Жанын аяп Ата Журттан
Уул эмес үй күчүктөй
Үйдөн чыкпай жатып алган.
Көптөр менен көргөнүң той,
Көптөр менен көргүн баарын.
Төлгө салам аман-эсен,
Келсе экен деп чымын жаның.
Сага тийчү душман огу
Ташка тийсин кайып кетсин.
Жыргалың бүт алды жакта
Жыйырмага келелексиң.
Жарадарлар келип жатат
Колдон-буттан ажыраган.
Жигит пири сени колдоп,
Сактай жүрсүн кырсыктардан,



Атаңа окшош карыянын
Аткар бардык айткандарын.
Бейкүнө аккан биздин кандын
Өчүн алгын, кегин алгын.
Коркоорлорду аябагын.
Баскынчылар башын жутсун,
Каргаймын да,
Каргыш дагы
Күчтүрөөк болсун үчүн
Майданга деп иштеп жүрөм
Иштеп жүрөм тынбай күн-түн.
Мен өлбөймүн иштегенден
Андан көрө жаның аман
Келсе экен деп тилейт энең.
Жана дагы тилеймин мен»...
Анан минтип кошуп койду:
«Кандай болуп калдың экен,
Эмне болот сүрөтүңдү
Эстеликке салып ийсең?!
Саа бет арчы салдым мына,
Кубат берет чарчаганда,
Өзүмдү эстеп бетиң сүртсөң»...
...Старшина күлүп келди;
— Түлөбердиев — Не дейс энди,
— Бийле — деди, бийлеп берди,
— Ырда — деди, ырдап берди.
Миң кыйнасын түшүнүктүү
Жакшылыкка ушул белги.
Тердеген соң алка-шалка
Колу жетти үч бурч катка.
Оттой жанып жаш жүрөгү
Ошол катты окуганда,
Ээ-жаа бербес тулпар болуп
Туйлап турду жооп жазганча:

«Бу дүйнөдө өчүп-жанган,
Баласына энесинин
Сүйүүсүнөн башка жалган,
Оо, эненин тилеги ай
Кырк жыл кыргын болсо дагы
Тилек менен баласынын
Чымын жанын алып калган.

Аман чыктым кармаштардан
Эртең дагы чабуул барам.
Ыйык иш жок эне сенин
Үмүтүңдү актагандан.
Эне менен туулган жерди
Бекер жерден салыштырбайт.
Ишеничиң актаймын
Ишен, апа, жаным чыкпайт.
Баскынчынын ыплас буту
Биздин жерди баспасы үчүн,
Сендей ак чач энелердин
Эрксиз жашы акпасы үчүн,
Күнөөсү жок аккан кандын,
Түгөнбөгөн убалы үчүн,
Жана келчү жеңиш үчүн,
Жумшалат бүт өмүр күчүм.
Эсендигим тиле, эне.
Сен тилесең өлбөйм такыр.
Жалгыз туруп миңге татыр
Жандан кечкен болом баатыр.
Эсендигим тиле, эне,
Өзүң гана тилеп турсаң
Миң кылымдык кармаш болсун
Миң ок тийсин,
аман чыгам.
Эне бүркүт балапанын
Эгер бирөө алып кетсе —
Бооруна ал асканын
Ташын басып таңдан кечке
Балапанды чыгарышат
Энелик зор кудуретте.
Эгер кокус ок жаңылып,
Ээк кагып бу дүйнөдөн
Коло болуп калганымда
Коюп баарын ак чачыңа
Колуң колум кармаганда
Кан жүгүрөт кара ташка.
Чыккын десең чыгып кетем…
Мен балаңмын ар убакта
Балаң бойдон калам сага…
Эң бир жаңы, эң бир эски,
Кереметтин кереметти;



Сөөгү сөпөт болсо дагы
Улунун укканында
Энекеси айткан кепти…
Эртең эч бир тарых билбес,
Адам каны суудай акчу
Баштамакпыс кылчайнашты.
Эмне болот, кандай болот,
Айтыш кыйын аны болжоп.
Айыл болуп астын-үстүн
Мүмкүн шаар тыйпыл болот.
Эч коркпойбуз?!
Эң башкысы
Биз сүрөбүз душманды ары.
Маматумар абакемдин
Мени узатып жаткандагы
Эсте турат айткандары.
Айтып берем эмки катта
Абалымды чыккандагы.
Көрүшкөнчө, жаным апа,
Салам дегин бүт айылга!»…
Ал кат жазды Гүлнар кызга,
Сагынычка куйкаланып
Алоолоно күйүп-жанып:
«Өзүңдөн кантип жашырдым,
Өрттөнгөн жүрөк айлансын.
Кечигип келген катыңдын
Өпкүлөйм ар бир тамгасын.
Кармасам каттын барагын,
Балкылдайт аппак тамагың,
Он жолу сөзүң кайталап,
От болуп күйүп жанамын.
Укканда көңүл сабылтар
Ууздан таза атың бар.
Атыңа затың жарашкан
Актыгыңа мен кумар.

Белек деп берген бет аарчың,
Бетиме бассам беш ирте.
Ак олпоч өңдүү сезилет.
Белек деп берген бет аарчың
Бетиме бассам беш ирет.
Алкынган ичте сагыныч

Азайган өңдүү сезилет.
Белегиң менен катыңа
Берекем, Гүлнар, ыракмат,
Беттешсем жоого алдырбай
Бул экөө жүрөт кубаттап...»

Элестетти; ал укпаган
Бир чоң эрдик койду жасап,
Пионерлер гүлүн кармап
Комсомолдор аны жандап,
Аба жарып шаң музыка
Эл тосууда урмат менен
Шумкарым деп кучак жайып
Энекеси өбөт беттен.
Ана элдин арасынан
Гүлнар жылып дагы астыга
Элең карап Чолпонбайга
Эрдигиңе кылып ызаат
Колдо кызыл гүлүн булгап
Күн жүздөнүп күлүп турат...

...Уйку качып Чолпонбайдан,
Узун түндө санаасы сан:
«Бир-бирине бири тоңмуй
Болуш үчүн эзелтеден —
Апаат согуш болуп келген.
Ал окшошот чоң ооруга
Канат сермеп шамалга тең —
Капыс келип не бир улуу
Өмүрлөрдү, өлкөлөрдү
Оп тартып шуу алып кеткен
Оо, адамдар бир-бирине
Көрсөткүчө зомбулукту,
Бир-бириңди сүйүп, сыйлап,
«Ассалому алейкумду»...
Бийик тутсаң эч убакта
Болмок эмес чимелидей
Өлүк дөбө кырлуу да.

Адам колу алмустактан
Ок атууга жаралбаган
Мылтык эмес кармап соко



Кол сунулса тууган, доско...
«Аассалому алейкумду»...
Бийик туткан жалбыракты
Корчү.
Ана
Бир-бирине
Корсотпостон кордук-ыза,
Чоңмун дебей баары чогуу,
Жашап жатат ынтымакта.
Жалбырактар; чоптор, дарак,
Башы менен сайылышып,
Турган адам коктү карап
Бактылуулар!
Бир орундан
Жылбай туруп турганы үчүн.
Баскан болсо адамдардай
Кырат беле бири-бирин?!
Кучтуулору кучсуздорун,
Алдуулары алсыздарын,
Кулдап, анан мазакташып,
Жасайт беле каалаганын?!
Эмне үчүн ушундайча?
Баскан-сүзгон бүт жаныбар
Ал гана эмес адамдар да
Бир-бирине үстомдүгүн
Корсотүүгө болот кумар?!
Жер жетпейби жашаганга?!
Аба азбы дем алганга?!
Пейилдерди тарыптаса
Нан табылат чайнаганга.
Анан
Эмне? Бир-бирине
Тиш кайрайсың өчүң барча?!
Акыл качса адамдардан
Кимдер түшот арачага?!
Пейли, ою, чексиз-кенен,
Талаасындай мелмилдеген.
Кучтүү болуп куч корсотпос,
Досу үчүн керек кезде,
Жанын берген, канын эмес.
Улуу орус болбогондо
Кыргызымды толбос уучка

Жан алгычтай болгон фашист
Эчак кырып салмак тура.
Бүркүт болсо баскынчылар,
Эркиндигин коргогон эл
Аны тээп чыкчу шумкар.
Бычак болсо баскынчы эгер,
Кылыч болот ошол замат
Эркиндигин коргогон эл.
Жатка жерди бүт тарттырып
Эрксиз кулча тирүү калып
Жашаганча,
Канмайданда,
Кылчайнашып өлгөн артык.
Эрксиздиктин кылымынан
Баатырдыктын мүнөтү артык!»...
... «Доң алынсын» «Келди буйрук»...
Мурадян политрук
Сүйлөп жатат кайрат чачып
Чымын учса угулчудай
Полк буйрукту турат угуп.
Сүйлөп жатат... «Коргонууда
Турдук көпкө жанды тиштеп.
Бүгүн таңда жоо дзоту
Турган доңду алыш керек.
Бүрсүгүнү алар бизге
Чабуул жасайт
ал антпесек
Дондун аркы жээгиндеги
Бузуп турган плацдармды —
Боштобуз Селявное
Жана Урыв кыштактарды.
Өмүр жалгыз, Мекен жалгыз,
Адамды адам кылган намыс.
Биздин максат — эркин болуу
Алардыкы — басып алыш.
Өмүр жалгыз, Мекен жалгыз.
Эгер Мекен милдет такса
Көтөрөбүз ар убакта
Болсо дагы көтөрө алгыс.
Өмүр жалгыз, Мекен жалгыз,
Ошол жалгыз Ата-Мекен,
Жанымды алып кала көр деп



Жардам сурап турат сенден.
Өмүр жалгыз, Мекен жалгыз,
Ошол жалгыз өмүрдү сен
Бергин! Аман
Калсын десең
Жандан артык Ата-Мекен!

Мекен сүйүү актыгына
Сыналуучу келди мезгил —
Ыктыярда кокжал, өткүр,
Азаматтан чыккыла он бир!...

— Мен даярмын бардыгына! —
Алга басып Иван ата,
Кызыл Тууну маңдайына
Тийгизди да чөгөлөдү
Сакалынан жашы тама.

— Оо, Кызыл Туу, оо, ыйык Туу,
Сен жаралып эркиндикти
Сүйгөндөрдүн кан-жанынан, —
Бизге мурас берилгенсиң,
Лениндин өз колунан.

Жер өмүрү — күн нурунда,
А биздики Кызыл Туудa.
Берем сени урпактарга,
Так ушундай аруу, таза.
Оо, Кызыл Туу, өзүң барсың
Жер үстүндө Россия
Дем чыгарып турган чакта.
Сени жатка тарттырбаска
Салгылашып келе жатам,
Сакал-мурут агарганча, —
Салгылашам...
Кыл учунда
Турган кезде жашоо күнүң, —
Сенин күнүң бүткүчөктү
Бүтүп кетсин менин күнүм.
Бар бол Туум!
Жол көрсөтүп
Жаркырап тур, бизден кийин

Келчү муун, кылымдарга.
Сен жаркырап туруш үчүн
Чыгам мына, мен катарга!»...

— Ата, токто, мен турганда, —
Деди Вася, — Желек үчүн!
Тура калды Чолпонбайда да:
— Бейкүнөө аккан биздин элдин
Каны үчүн!
— Мекен үчүн!
— Калаа үчүн!
— Талаа үчүн!
— Тоолор үчүн!

Каар чачып карегинен,
Дондун аркы жээгинен
Көзүн албайт он бир жоокер
Кыз өбөлек жүздөрүнөн
Сылагылайт бир гана жел.
— Өмүр кымбат!
Аны андан
Кымабат Мекен үчүн берем! —
Он бир жоокер — он бир жолборс
Өч алууга кекенишкен.

«Жөнөйсүңөр таңкы маалда»...
Токой түнү көөдөй кара,
Чылк уюган айланга.
Чегирткелер анда-санда
Чыркылдашат.
Жылдыздар да
Муңайынкы жымыңдашат.
Токой, камыш айдарымга
Шуулдашат коогалана.
Калайык журт каарына окшоп,
Дон суусу агат жээк копшоп,
Бир жан кирпик ирмеген жок
Ар кимиси ар кыл ойдо.
Чолпонбайга тартылууда;
Өткөн күнү комсомолго.
Анан айыл, апакеси,



Анан Гүлнар жайнап гүлдөй
Сумсайыңкы карайт, күлбөй,
Атасынын керээз каты,
Анан арткан байманасы
Дон дарыясы, Дон талаасы.
Шаңк дейт кайра кулагына
Өзү берген ант-убада:
«Ыйык Мекен!
сага келген
Ажалга мен өзүм кетем!»...

Таң куланоок таштаганда
Шыбыш бербей тирүү жанга,
Он бир жоокер — баарысы шай
Түштү шарт-шурт кайык-салга.
Доңдон дүрбү салып душман,
Кичине эле шек-шооратты,
Сезер замат бир тарапты
Тытыратып атып турган.
Салган оңдуу алаканга,
Доңдон баарын көрүп даана,
Кара ношор огун токкон,
Камыш түбү кыймылдаса.

Сактык менен илбээсиндей
Он бир жоокер шек билдирбей
Бараткaнда сагызгандан
Сак фрицтер байкай калып,
Пулемоту жаагын жанып,
Бир заматта суунун үстү
Булоолонду кайнагансып.
Кайыктагынын жаны бирге.
Жамгыр окко карабастан
Бел байлашып тобокелге
Он бир жоокер жылат өөдө.
Көздөн учкан жээкке жетип
Секиришип туш-тушка жакка
Жер менен жер, секин, аста
Боортоктоп дзот жакка
Жылып барат жандалбаста...
А Чолпонбай эң астында
Бара жатып граната

Ыргытты эле
пулемёттун
Жаагы жап боло түштү.
Ал кыйкырып: «Ураа, Ураа!»
Калдалаңдап бараткanda
Очорулуп шалак кулайт
Ок кадалып каруусуна.
Оо, каран күн көздөн учкан
Дзотуна үч-төрт кадам
Калган эле.
Эми ушинтип
Ушул бойдон турбайбы эмне?!...
«Оо, Чолпонбай кайратыңды
Учурдуңбу шамал-желге?!
Касам кайда Ата Журттун
Жарайм деген керегине?!
Келгениңде баралыңа
Өмүр берген ушул заман
Ушул заман ажытына
Тилечү элем жарайт го деп
Сыналчу кез келди мына.
Жыгылганды тургузуучу
Жарадарды соо кылуучу
Ээ бол, уулум Мекен деген
Ажайып күч, кереметке...»

Чолпонбай тез эске келсе
Жыт каңырсыйт.
Булут көктө.
Жаагын жанып адетинча,
Дзот дале дөңдө.

Каны кайнап шунча жакын
Каалгандыгын көрбөгөндө,
Көздөрүнөн чаары чыгып
Атырыла алга умтулуп,
Акыркы күч, акыркы дем,



Эң акыркы алын жыйнап,
Ажал бүркөн пулеметтун
Кылуу үчүн жагын жап
Тиш качырып, ыза кайнап,
Ач жолборстой айбар, айбат
Албуттана бир секирип
Амбразураны бек кучактап
Жатып калды...
Кан буугандай
Ок тык токтоп, биздикилер
Дөңдү алууга чыкты «Ураалап!»...
Чолпонбайдын жүрөгүнөн
Кара курум кан тамчылап
Жан мусасы турду ырдап:

«Куш асманда «кек алгын» — деп учканда,
Суу ташкындап «оч алгын» — деп акканда,
Бешенеңден үргүлөйүн Атажурт
Бактылуумун сени коргоп жатканга.

Ыйык тутуп, аруу тутуп намысың,
Тыңшайм сенин жүрөгүңдүн кагышын.
Таап берсем деп жүрчү элем өзүңө
Өлбөстүктүн көздөн учкан дарысын...

Дүйнө салсам тирилемин сен десем,
Эч азайба, эч кемибе, өлбө сен...
Өмүр бою туткун бол де боломун
Сенин эркин күнүң үчүн кең Мекен!

Сага атылган окко ыйык мекеним,
Төшүм тосуп ажалыңа кетемин.
Мен дүйнөдөн кеткендигим кеп эмес,
Өзүң бар бол, өссүн колуң, этегиң...

Керээзим бул, мен келбеске кетерде:
Кыргыз болгон жана дагы болот де.
Мендей болсун уулуңдун начары
Эч базайба, эч кемибе, кебелбе!

Кылым кыркып кылкылдаган тууларың,
Эркин желге эгиздесин ырларың,
Кайсы жерде мен жатпайын сеземин
Кай шамалда кай бутагың сынганын.

Ар бир уулуң сага мендей жалынсын,
Жүрөгүн чаап, айлансын да, кагылсын.
Кетсе чөптөн айтып турсун саа деген
Ак сүйүүсүн, камкордугун, сагынчын!»…

Дүйнө көчүп ай ааламдан
Булут жылат саймаланган.
Ың-жың болуп кайдан-жайдан
Үн угулат атасынан:
«Ылаачыным! Ыраазыман!..»
Анан жылып көз алдына
Келди энеси, туулан жери,
Ал соңку ирет жыт искеди:
«Алтын Апа!
Кечир мени,
Куудай чачың сылабаймын,
Бырыш баскан бетиң өппөйм.
Канадй гана оор сага —
Менде башка болбоду арга,
Кечир мени, кечир, Апа.
Келем сага!
Көчөлөрдөн
Бала болуп күлүңдөгөн
Шамал болуп чачың сылап
Аймалаймын аба болуп,
Саруулансаң сайрап берем
Талга конгон кушуң болуп,
Жыт сагынып кусалансаң
Ак гүл болуп таң заардан
Көз жашыңдан гүлүм ачам.
Мен барбасам бул милдетке
Мага окшогон бирөө бармак.



Өзүмө окшош сага атылган
Окко төшүн тосуп калмак.
Ыраазымын бу дүйнөгө
Жаралганга, төрөлгөнгө
Эң башкысы балалык парз
Милдетимди өтөгөнгө.
Кечиргиле…
Баскынычынын
Баарын кырып, тыйпыл кылып
Кең Мекенден кууп чыгып
Анан кийин кетпегенге
Кечиргиле…
Улуу Мекен күйүт тартпа,
Мендей сансыз балдарың бар.
Мен энемдин жалгызы элем
Эң акыркы жашы сымал.
Жаштыгымды бердим сага
Сен түбөлүк жаш болуп кал.
Күчүм берип турам тилеп
Мындан дагы күчтүү бол деп…
Бердим сага өмүрүмдүү
Болсун күнүң түбөлүктүү —
Ааламда жок асыл өлком
Сенин ыйык турпагыңды
Баскан эмес болок-ботон
Эч убакта бастырышпайт
Муун бизден кийин өскөн.
Канча узак, канчалык оор,
Канча кыйын болгон менен —
Бардык жолум сага келген
Сага келет, Ата Мекен.
Менде баары болуп толук,
Бир гана сен, сен болбосоң —
Жашаганым сокур тыйын.
Ошол замат мен жок болом.
Бар бол дайым!
Амандыгың
Тилеп жатам сансыз кылым.

Обологон күлкүң уксам.
Ошол менин амандыгым.
Суук колдон, суук көздөн
Сактап жатам сени дайым!
Калдайып тур!
Каралдымым,
Карааныңдан кагылайын.
Оо, асыл жер, кечир мени,
Келбетиңди көрбөйм кайра.
Дон өзүңдүн добушуңду
Берип турат, Талас дайра!
Сагынычым мөңгүң мисал
Эч эрибей калыңданып
Карек болуп карап турар…

## ЭПИЛОГ ОРДУНА

Баатырдык! Сенин гана айкелиңе
Сыйынам башымды ием, таазим этем.
Бир үнү көктөн чыкса, бири жерде
Төрт бурчунун бир сынык куу дүйнөдөн;
Ийилбей илээси көп өкүмдарга
Ай чапчып, байрактантып, намыс-арды —
Элиңе жел тийгизбей болуп арка
Кыдырып келгениңе
Кылымдарды.
Баатырдык! Сөөгүңдөн чыгып түтүн,
Кан жутуп калабалуу күндө алакчын,
Укум жер, томуктай бир тооң үчүн —
Жан берсең өз жаздыгың ала жаттың.

Күйүп күл, өчүп көмүр калган кезден;
Узундун учу болот бирөө жеткен,
Тереңдин түбү болот акырында,
Кендин да кыйыры бар чексиз делген,
Чеги жок, учу да жок, түбү да жок,
Баатырдык сенин гана ибаратың.



Эртеңки кылымдарга болуп жомок,
Муундан муундарга уланасың.
Баатырдык! Колдон кылыч, баштан туулгаң,
Түшүрбөй каның уучтап, жаның тиштеп,
Закымда учан теңиз чалкарында
Зардебиң турсун дайым бизди тиктеп!

Салбат! Камчы таштам өмүрүңө
Ал туура; туулмак сүнөт, өлмөк парыз.
Анан да бактылуулук түбөлүккө
Көз жумуп, бирок өлбөй тирүү калыш…

…Дон суусу, Селявное кыштагына
Мен барып зыяратта боз адырга,
Атайлап белге түйүп ала келген
Топурак ыроолодум Чолпонбайга.

Турушту пионерлер кызыл жагоо,
Дружина Чолпонбайдын наамындагы,
Колхоздун парторгу Иван Судник
Маалымдайт мен укпаган маалыматты.
— Коюлган дзотуна өзү алган,
Кыштактар ошол күнү бошотулган…
— Билесизби, чөнтөгүндө эмне барын?
— Калган дейт Гүлнар кызга жазган каты,
Саймалуу сансыз тешик бет аарчысы.
Үч бүктөм газетанын кесиндиси,
«Душманды кыйрат!» деген Жамбыл ыры.
— Комсомол билетичи?
— Комсомолго
Өткөндүн эртесинде дзот барган,
Токтом бар, бирок билет колго албаган…
«Даяр бол Лениндин иши үчүн!
«Дайым биз даярбыз!»
Үн балдардан
Чыкпастан чыккансыды Чолпонбайдан…
…Фрунзе. Түбөлүк от. Эмен багы.
Жеңиш күн. Гүл коюшат элдин баары.

Дондогу боордоштук мүрзөсүнөн
Өпкүлөп ала келгем топуракты
Мен коюп боордоштук мүрзөсүнө
Карасам пионерлер тизилишет:
«Ар дайым аталардын, агалардын,
Ишине дапдаярбыз,
арбагына
Ар дайым тазабыз!» деп ант беришет.
Алардын жаш, бирок да айбаты күч
Антынан Чолпонбайдын сүрү келет...

*Талас — Воронеж — Селявное — Фрунзе*
*Декабрь, 1984 жыл.*

# «ЖАШЫЛ АРАЛ»
## ырлар жыйнагынан
*«Мектеп» басмасы, Фрунзе — 1988*

### ЭЛДИК ЫРЛАР

Элдин сактап элдигин эчен кылым,
Эчен кылым эскирбей алтын мисал —
дайым турар...
Учарга канат болгон,
Чабарга жарак болгон
элдик ырлар...

Кереметиң үрөндөй өнүп чыгар,
Келген муун таңыркап болуп кумар
сапар улар...
Басарга жолум болгон,
Сунарга колум болгон
элдик ырлар.

Жаркыраган коктогу жылдыз сымал,
Жайдыр-кыштыр кыярбай жашайсыңар
жашайсыңар...
Силерде тагдырым бар,
Табылбас тарыхым бар
элдик ырлар.

Дайра башы таптаза булак сыңар,
Ырдын башы — ыңаалап ар ким угар
элдик ырлар,
Эл күнү канча болсо,
Ошончо өмүрү бар
ыйык тумар
элдик ырлар.

## КОМУЗ КҮҮСҮ

Жалт-жулт этип жыргал чачып
жыпар жыттуу жылдыз кууп,
андан кылым жылытарлык
аруу кайрык жугузуп —

Күлкүсүнөн наристеринин,
шүүдүрүмдөй мөлт деп тамып —
өлбөс өмүр тегирменин
тегереткен шаңдантып.

Сызгырылып сан арманга
сан армандан айыктырчу —
ажайыптуу ак сүйүүнүн
ак куу канат ак нуру.

Каркыранын асмандагы
каны кайнап тиктеп жерди
катарынан калгандагы
канатынын шилтеми.

Таң сыяктуу карт тарыхтан
тамырынан тирүүлөрдүн
табиректей таралышкан
тамылжыган тажаал үн...

## КАН ЖАЙЛОО

*«Кан жайлоо деген бийик бел,*
*Кар жааса согот муздак жел»*

***Атайдан***

Булактан булут чагылып,
Буюгуп келип сагынып,
Апта күн болуп өзүңдө
Армандан калам арылып.

Сапырат болгон санаамы,
Сары алтын өңдүү сай, кырың —
Кан жайлоо, сендей жайлоого
Кабары жетпейт кайгынын.



Кок түтүн кочүп келелек,
Кок конуш ичи керемет.
Өпкүлөп жааган жамгырың
Өмүрдү турат себелеп.

Ырларын ырдап Атайдын,
Ырыска тунуп жашаймын.
Өзүмдү бийик сезчү элем
Өзүңдү көрүп басайдым.

Басымы артып канымын,
Балкылдап сокту тамырым.
Боор эт менен бүткөндөй,
Боз кырың, оюң, адырың.

## ГАЛЛЕЙ КОМЕТАСЫ

Капилет кайдан, жайдан
калтардын куйругундай
кубултуп куйрук жайган —
сырын катып кылымдардан
сапар кайтып келе жаткан
оо, комета, комуз үндүү
кай жылдыздын перзентисиң,
кай шамалдын тамырысың?!

Токсон тогуз түйүмдүүсүң
туюлуп сен тири укмуштай
титиретип дүйнө жүзүн
жылдардын бир жылдарында
азайтпастан аян-күчүң
тооруласың эмне үчүн?!
Алтымыш миң ааламдагы
элчисисиң кайсы күндүн,
кайсы мээнин момосусуң?!

Адресиң айтпайсың же...
келесиң, уулу кээде
келгендей чачы куудай энесине.
Тилексиңби?
Каргышсыңбы?
Максатың не?!

Сызасың дагы кайсы
кыял жетпес
Мейкиндикке?!

Көлдөгү балыктардан
көктөгү жылдыздар көп,
жылдыз арбын —
ким жандырат
табышмактын
жандырмагын?!

...Өзүн жарып жок кылууга
жете турган окту камдап
бу Жер байкуш
бир кылт этсе күм-жам болор
элесин берип шардын
тургандыгын —
туйгандырсың...

Оо, комета комуз үндүү
кезесиң дагы канча
керемет күндү, түндү?!
Сырларыбыз бар үчүн
биздер барбыз.
буйрусун көрүшүүнү...

## КОМУЗ

Кылымдан келген жол ушу;
Кыргыздын үч кыл комузу, —
Кырк кылым кырсык жолотпойт
Кыңгырап койгон добушу.

Тапатак сүйлөп кылдары,
Тарыхты сайрап турганы.
Өксүүнүн ордун толтурган
Өмүрдөй бүтпөс жыргалы.

Күүңдү уккан келберсийт,
Күн көздөп канат кергенсийт,



Керемет сыйкыр кайрыгың,
Кеткенди кайра бергенсийт.

Өзүмдү ушул жалганда,
Бактылуу сезем андан да —
Атадан кыргыз төрөлүп
Күүлөрүң угуп калганга.

Улама жазар барагым,
Урпакка айтар саламым.
Өлүмдөн өлүм келсе да,
Өзүңсүң сактап каларым.

## ЖАЛБЫРАКТАР

Коңур күздүн формуласы,
фамилиясы
жамыраган жалбырактар —
Жазгандай жүрөктүн
кардиограммасын
жазып алып беттерине:
күндүн сырын,
сүйүү ырын,
убакыттын
ылдамдыгын
шамалга дирилдешет —
абышканын эң акыркы тишиндей...

Жалбырактар — куштар
жазган пластинкалар
куш артынан кулайт
баары
дарактардын коз жашындай...
Ушунча көп —
акындардын күзгө арнаган
ырларындай
жаайт тынбай,
жаайт тынбай
түбөлүккө сыр болуп
жазгандары калчудай...

## КАЙРАН ТОКОМ

Элге эркиндик келерине
ишенгенде
кеп болбой бүргөнүн чакканы да
солдаттын башка-көзгө чапканы да —
мойнундагы жазасын ал
мойнундагы баласындай эркелетип,
көзүндөгү каар жалын
лазер нурдай
абактыны кеткен тешип.

Кесилген жыл — айтканды уккан
үнсүз жортуп жүргөн үрбөй
мергенчинин акылдуу күчүгүндөй
жол иликтеп,
Токтогулдун
темир тордон алып чыккан.

Мына ошондо;
мордон учкан түтүн менен
кошулуп күкүм болуп кетсем деген
ою быт-чыт алыс учуп:
«Кыргызымды
Эркиндикти көксоп аккан
көз жашыма жуундуруп,
жүрөгүмдөн ыр куюлуп,
күү куюлуп —
өпкүлөп ар бир ташын,
жыттагылап жалбырагын,
гүлдестедей белектейм деп
ууз, ыйык кабарымды»...

Кырча басып кылымдарды,
келе жатты,
келе жатты...
Токтотуп Токтогулду:
— Сана десе
узартамын десең жолду
ошол замат санап бермек
сан жетпеген Каракумду,
— Токтот — десе
Сырдайраны бул учурда



күчү жетмек
кан буугандай
токтотууга..

...Сүлдорүнүн сүлү калып,
үнү ичкерип, чачы агарып
кузгундан жем талашып...
...кыяндай ташып, шашып —
шамалдын жашын сыгып,
түнөп куш түшторүнө —
уктабай,
наар сызбай,
кээде талып
ок жаңылган
чаарчыктай...
чаңкаса да эч чаңкабай,
чарчаса да эч чарчабай;
шалдырттаган кишенине
кол ойнотуп комузундай;
жыл жыртылып
ал жыртылбай —
жергесине келген кезде
коралбай наристесин
обалбай сүйгөн жарын
учурашпай энесине...
күйүткө куйкаланып
кан толгон карегине —
ошондо ыйык кабар
өмүр болуп турган ага;
«Ат жакшысы кермеде болбойт эми,
Эр жакшысы түрмөдө болбойт эми.
Суу эңсеп чарт жарылган такыр мисал
чарт жарылган
эрин менен
өбөбүз Эркиндикти!

Мен ушуну айтайын деп,
өлчү жерден өлбөй келдим,
бактым тоодой
экен менин —
атпай журт
сени көрдүм!»

13—1951

## ЖЕҢИЖОК

Аркырап суудай аккан,
бүркүттөй канат каккан —
ааламдын жүрөгүндөй
туйлаган бул акынды
жылан эмес
заман чаккан.

Ата берген ысмын танган,
тагдыр берген Күндү чанган,
кайрык сурап жылдыздардан
уйкашты алып чагылгандан,
шаркыратма сыяктантып
кылымдарга ыр агызган.

Ырлары —
жетим-жесир жалынычы,
жакшылыктын
жамандыкка кабылышы —
жоктон бардын табылышы,
махабат — сагынычы.

Ар бир чоптон жыт чыккандай
ар бир сөздөн обон чыгып —
колдоп турган Жеңижокту
ооруп калса оңолттуруп.
Кайран акын кара түндү
каалгадай ургулаган,
Күнгө чапчу күлүк мисал
Эртеңкиге ыр сууткан.

Зилдей оор жалбырактан,
Жалгыз талдын муңун уккан, —
от алып аккан суудан
онтоодон ок жараткан.
Акын ыры
жерге тамбай
тамчыдай таамп канга —
дем сыяктуу, эм сыяктуу
дем-күч берген ар бир жанга.



...Эски убакта
камынгандай Мединага,
камынып өмүр бою
келдим сага.
Карасууң жүз чайыган
мурункудай турат агып,
абадың эл
аңыз кылган
жер менен жер талкаланып —
мүрзөңдү көрсөталбай
койду абышка
атайы корүстөнгө алып барып...

Дүйүм бак жүзүмдөрүң
өрүктөрүң,
эсепсиз момолөрүң —
дүмүрүн да мен көрбөдүм.
— Чарбабыз багат эчки
эчки жеп кетти дешти..
эчкидей амалы күч
шимеңдеген чарба башчы,
Жеңижок ким
аны билбей
чарбанын кирешесин
чакылдата чотко какты...

...Зор бакыттын көз ирмеми,
эй, акындын жүргөн жери
айтып берчи ал жөнүндө
билесиңер эмнелерди?!
Акындын жан жолдошу
Күн, жел жана
аркырап аккан дайра, —
Айтып берчи ал жөнүндө
атайы келдим сага.

## СҮЙҮНБАЙ ЭРАЛИЕВ

Чыканактай бою алтын, чылк алтын,
Таштак жолдон тапкан татаал тагдырын.
Жөпжөнөкөй жүргөнү да, күлгөнү
Жүрөгүнөн жаралгансып ырлардын.

Табышмактуу бырыштары жүзүндө
Учуп конуп үн алышып жүзүндө —
Акыл жетпес аалам сырын апкелип
Ырларына уйкаштырып түшүүдө.

Акындар аз эл намысын талашкан,
Атпай журт деп жүрөгүнөн кан аккан.
Өзүңүздөй Мөөр жыттуу ыр жазып
Ат көтөргүс жүк көтөрүп бараткан.

Жете турган кылымдарга, жылдарга,
Кызыл данды жыйнадыңыз кырманга.
Ысыккөлгө сыймыктанган сыяктуу
Сыймыктанып жүрөм Сиздин ырларга.

* * *

Шаарда жүрсөм айылды,
Айылда жүрсөм шаарды —
Ойлоймун ойлоп жүргөндөй
Атамды жана апамды.

Көксөөнү эч бир тыялбай,
Биринен барам бирине
Биринен бирин кыялбай.

Даракмын өскөн шаарда,
Көтөрүп турган тамырым
Тереңдеп кеткен айылга.

Шаарым жана айылым,
Ойлонуп өзүң жөнүндө —
Көпүрө болуп турамын
Окшошуп Асан-Үсөнгө.

## БӨБӨККӨ

Жылмайсаң нуруң чубуруп,
Жылыңдан жыргал куюлуп
Жылдарың укмуш өтөт ээ
Жылдызга күлкүң угулуп.



Күүлөнүп күн-түн тыйылбай,
Күчөгөн тоонун суундай
Күндөрүң жетип чексизге
Мүнөтүң болор кылымдай.

Кучагы айды эриткен,
Кумары жанды демиткен
Кез келип бир күн сүзөрсүң
Махабат деген деңизден...

Эң эски жана жапжаңы,
Эзелки бабаң асманы
Көтөрөр алаканына
Көтөргөн өңдүү башканы.

Мезгилим өтүп шамалдай,
Мен издеп аны табалбай
Өкүнүп турам...
сүттөн ак
Өзүңдөй болуп калалбай...

## ТОКТОГУЛДУН ЭСТЕЛИГИ

Эстелик шундай болобу?!
Кимдигин билбей ой туман.
Бир карасаң бадачы,
Бир карасаң койчуман.

Тебетей кийип жалпайган,
Жапырып салып кулакты.
Операны кайтарган
Кароолчу сыяктуу.

Таш эмес батпай тагдырга
Таалайдын жолун талашкан —
Таланты ташкын акынга
Шылдыңдай жерди караткан.

## АКСЫ

*Салибай Шатмановго*

Шатырап өткөн өткүндөн,
Шаңкайып жашыл чөп күлгөн.
Буулуккан була булутка
Бозбу тоо бетин өптүргөн.

Кылымдын кылы үндөнүп,
Кыңгырайт суусу күүлөнүп.
Жылаажын жыргал таңынан
Жылт койгон жылдыз сүрдөнүп.

Жашынын таза намысы,
Уюлдай чымыр карысы.
Жергесин турат шаңдантып
Жеңижок, Ниязаалысы.

Ташына дагы чөп чыккан,
Таланттуу жаштар көп чыккан.
Татына жери жар болуп
Талпынып алар көккө учкан.

Токойдо түнөйт түндөрү,
Тоо толо куштун үндөрү.
Аксыга келсин
ким эгер,
Билейин десе дүйнөнү.

## АТАМДЫН ИЧИГИ

Үн-сөз катпай үшүгөндө үйдө суук
үстүбүзгө жамынсак —
уруп турат укмуштай бир жылуулук
жаккан оттой жалындап.

Ырдаганы, чертмек черткен күүлөрү
ичик ичин уялап,
эшик-тышка кийип чыккан күндөрү
акыл-сөзүн чыгарат.

Жүккө жыйып, башка жаздап тажабай
уулум ойнойт уйпалап,



маңдайымдан атам чыга калгандай
жыты жүрөк куйкалайт...

Карыганда кароолчу эле айылда,
карап чекир карегин
уккам: «Байлык болбосо да колумда
элде болсун!» дегенин.

Колхоз мүлккө кол салганды жашырбай,
жыйында айтып бетине:
«Эртең сөзсүз айныбай күн чыккандай
жегич болбойт дечү элде».

Кайран атам калган кантип калды деп,
болсо кана келгидей...
Ичигинин корполору ийрейет
сансыз суроо белгидей.

## АСЫЛ ООРУ

Оорубайын десең дагы ооруган
ыр жазганың
азап оору
айыкпаган эч качан.
Өзүм билбейм
бул ооруга
кайсы күнү
кайдан
кантип
кабылгам?!

Ооруйм, ооруйм!
ал ооруга чыдай албай
көзүмдөн жаш тамылгандай
тамат тамга
ак баракка
асыл оорум,
айыкпа!

Жанын жанга,
а жамбашын жерге уруп,

далбасташып таранчылар —
айланышпайт булбул кушка.
Инкубатордон
жайнап чыккан жөжөлөрдөй
институттан жайнап чыкпайт акындар да...

Келет акын:
жердин жети катарынан
сызылып жай
бизге келген мөл булактай,
азып-тозуп
акырында
элин тапкан Токтогулдай —
түн жарыткан чагылгандай
өз тарыхын чагылдырып,
келечекке үрөн чачып,
чымын жанын
чаң жугузбай чалкарлантып
көкөлөтүп эл намысын,
кылымдарды коңгуроодой шаңгыратып
шаңшып учкан шумкар болуп
шайдооттонуп келет акын.

Спортсмендердин бүт баардыгы рекорд койбойт.
Ыр жазгандын бүт баардыгы акын болбойт.
Туйлап түшкөн тулпар сымал
акын болсоң
элиңдин эртеңине
жан талашкын,
элиңдин кечээгисин
коркпой жазгын.

Эт жүрөгү комуз кылдай
сайрап турган
акын — демек,
унутканды унуткарбай
күн себелеп тургансытпай
нөшөрлөнтүп
укмуш ырын
урпактарга төгүү керек.
Жанын чоюп ким жеткирет кылымдарга?!
Адаштырып жазылганды
Жазмышына



Айтчы кимдер болот башка?!
Канаттарын күүлөп, бүлөп
башы менен жер казса да
айлана албайт чымын кушка,
жон терисин жапкан менен
коен байкуш
окшошо албайт карышкырга.

Өзүн күчтөп, өзүн зордоп
жазган сайын өсүп турса
Баланчаев — Байрон болмок.
Көп-көп окуп
көп жазгандан
акын болсо
акын аттуу батпай кетмек
кой толгонсуп короолорго.
Ал андыктан
түбү түпсүз
бул турмушта
ар кимдин өз оруну бар
окшошо албайт:
эшек — атка,
окшошо албайт;
булбул — казга...

## ОСУЯТ

Тарбияңды балдарыңа жасаган,
салып койгон
акчаны тээ жылдарда
кайра кайрып алган өңдүү кассадан
аларыңды билип койгун эне-ата.

Өмүр мөңкүп
аккан суудай түгөнбөй
бергенди алган күндөр келет айлана, —
балдарыңар болот бир күн силердей
а өзүңөр болосуңар жаш бала.

## АШЫМ ЖАКЫПБЕКОВГО

Чыкемин берип элесин,
Повесттин айдап кемесин.
Сөз эмес ар бир тамганын
Түбүнө түнөп келесиң.

Маңдайы жарык сүйлөмүң
Маанисин айтып дүйнөнүн
Жыргалдан жыргал тартуулап
Жыргатып келет күндө миң.

Окуган адам кубанган,
Жан бөлүп жазган чыгармаң
Көлдөрдөн терең көл болуп,
Бипбийик болсун чынардан!

Аңгеме жактан таймашса,
Союзда, мейли ар жакта,
Кыргыздын коргоп намысын,
Кылымга чуркайт Айгашка.

Көп түшкөн чачка караба,
Көжөлгүн дагы жан ага.
Алдыда укмуш бийиктик,
Тереңдик жатат жана да...

## ТӨЛӨН НАСИРДИНОВ

Сүйүктүү кезит иши үчүн,
Сүйлөмдүн тактап үтүрүн,
Тамга жеп таңды атырып
Талыкпай күйүп жүрүсүң.

Иш десе таштап ичкенин,
Ийиктей чуркай түшкөнүм.
Бир айлык ишти — аптада,
Аптаны күндө бүткөнүм.

Ушакка кулак тоспогон,
Жаштарды алга коштогон.
Макала жазып маңыздуу
Маселе таап козгогон.



Сын тагып айрок айтпаган,
Мактанып төшүн какпаган.
Эл эчак уктап калса да
Элебай окшоп жатпаган.

Көз айнек кийген бою узун,
Боюна окшош ою узун.
Ар кимдин каалайт сөз менен
Ишинин бирдей болушун.

Калыстык сөзүн баса айтып,
Калпыстык жагын азайтып.
Качса да кармап чукуйт ал
Катанын көзүн кашайтып.

Жалкоолук менен жалганга,
Жол бербей чарчап калганга.
Бу Төлөн куду билектей,
Сунулуп турган жардамга.

## ИШТЕШ КЕРЕК

Шашылып бара жаткан тез жардамдай,
Жан тиштеп, түк чарчабай, такыр талбай —
иштеш керек
жерден башты көтөрбөстөн
иштебесе өлүп калган аарылардай.

Эмгегиң жарык чачып атар таңдай,
элиңе кубат болуп нандай, балдай,
табышмактуу жаңырыктап турсун, турсун
керемети баш айланткан чагылгандай.

Күн чыксын, чыккан күндөр бизге дары;
ар күнү унтуп таштап чарчаганды
жаз чаалыкпай —
кара терди чачтан сыгып
өчпөй турган сыя кылып сокон канды.

## БАЛА КИМДЕН?

Өзүнүн суу сийдик экенин
өзү билчү,
бирок сырын билдирбей
из жашырган илбирстей
күнөө сенде
деген тейде
алган жарын
каар менен тиктеп жүрчү.

Врач эле,
көп окуган,
көптү билген.
Алган жары көп балалуу үйдөн чыккан
балканактай
бадырак көз келин эле.

Айткан эри үйлөнгөндө:
«Баланын кереги не
экөөбүз бытпылдыктап
баш калкалар үйгө жетпей
өжүрөдө жүргөн кезде»…

Деди үйгө
жеткен чакта:
«Алалы эми
бир машине
сага окшош кызыбызды
мага окшош уулубузду
салып алып машинеге
алпарабыз мектебине»…

Келин түштө көрүп жүрдү
төрөр уулун, төрөр кызын —
ойгонуп кубүрөдү
көңүлүнө каткан ысмын.

Кечээ көргөн жаман түштөй
жүргөндүгү бойго бүтпөй
түпөйүл ойго салып жанын эзди.
Элестетип наристени
эчен курдай
коңуругун кош тартып
уктап жаткан
күйөөсүн эркелетти.



Кекселенип
уктамыш болгон күйөө
негиздүү шылтоо тапты:
«Боло электе катын басты,
бала басты
кандидат болуп койсом
кандай жакшы?!
Кандидаттын катыны болуп өзүң
кайкалап басасың сен,
качмак беле бала бизден...
..........................................
Үмүттүн жиби ичкерип бүткөн эле
күтүп, күтүп,
ушуну угар менен
ошол жип кетти үзүлүп:
— Төрөймүн аппак уул!
кызыл кызды, төрөйм! төрөйм!
Үйлүү болдук,
машинелүү болдуң мына
кандидат болбосоң кой
төрөйм, төрөйм!
түкүрдүм калганына!..
Бүргөдөй секирди эри —
дүйнө тарып
ийненин көзүнө окшоп
уу жуткандай кумсарды да
үзүлөрдө суу сураган сыяктанып
сурады аста:
— Бала кимден?
— Кимиң эмнең?!
Сенден! Сенден!

Өмүрүндө эринен
башка эркекти
билбеген жар
шолоктоду түнү бою
чыдай албай ызасына,
оңдой берип келиндин
билинди ичи
жетип жетпей жарым айга.
Көгөрүп эриндери,
тумчугуп чыкпай деми,

чоктогу балык болуп
туйлады эри.

Көргөн сайын аялынын
чалкайып баратканын
Ал басайып,
кичирейип
бара жатты…

Түштө аялы
жаткан болот бирөө менен
ойгонсо колтугунда
батынбады кыкынтууга
ойлоду убал сообун.

Балкаят байбичеси
жуурканы жерге түшүп
балтыр, бели ак мармардан
атайылап жасалгандай
жумуру аппак
сонун, сонун.

«Бала кимден?!»…
ушул суроо
жүрөгүн куйкалады
секунд сайын,
мүнөт сайын
кислотадай.
Бир күнү гаражынан чыкты дагы
гаражына калды кайтпай…

Боздоду байбичеси
шолоктоп күндөп-айлап:
«Арман күн, наристеңи
өпсөң не колго кармап»…

Жалбырак күбүлгөндөй
жамырап өттү жылдар
Ал аялдын согончогу канаган жок
калып калды
желбооз боюнча ал.



## ЭРДИ-КАТЫН ЖАНА МАШИНА

Келишкен күйөөсү бар эле.
Зыңкыйып
бир жерине чаң жугузбай
шымынын кырын бузбай
сыланып тири укмуштай
таң эртең кетчү ишине.

Кеч кайтчу
түногүнө.
«Жигулинин» үнүн укса
атып чыкчу аялы эшке
жарын кырк жыл көрбөгөндөй.
Уул-кызын сурачу ал,
жарына анча коңул бөлбөй…
Иштен үйгө кечикпей келүүчү эмес,
келбей калчу кээ бир кезде,
директор болуучу ал
аялдар көп магазинде.
Эч качан
эч убакта
мас болчу эмес,
эч качан
эч убакта
чын айтчу эмес,
жада калса аялына,
чоңдоруна
ал гана эмес планга да.
Үйгө дежур жообу даяр:
— Текшерүүчү басты кайра…
алардын ата-энесин аябастан
ашатчу абдан,
а кошулуп аялы да,
согүп-тилдеп
каргачу анан:
— Текшерүүчү жерге кирсин,
ал тойгончо текшерүүчү
а тойгон соң көзү көрбөйт,
тайганыңдай жетелейсиң…
— Текшерүүчү жыргап жашайт,
кол жоорутпайт,
бел оорутпайт.

Укугу бар, жок нерсени бар кылууга
бар нерсени жок кылууга —
сан жетпеген нөл алдында
килейтип сан коюуга.
Текшерүүчү болсом гана…

Кызуу күйөө, кызуу сүйлөп;
— Тамак баспайт жүрөгүмө…
күп кулачу төшөгүнө.
Эрди-катын ортосунда
сөз болчу эмес үй-бүлөлүк
экөө эки уюл болуп
уктап калчу түш көрүп…
Балдарынын кимге окшошун ал билчү эмес,
аттарынан жаңылчу,
а балдары, өппөсө да
атакесин сагынчу.
Эртең менен эрте ойгонуп эркелешсе,
— Азыр, азыр… — делбелектеп,
сыланып да таранып
ишине ал ушунчалык
шашылчу.

— Тамак баспайт жүрөгүмө…
Иште гана
көөнү чайыттай ачылчу,
дем чыгарып, чылым чегип
беттеринин бырыштары
жазылчу.

Аял жашап жүрдү үмүттө;
Текшерүүчү кетет дагы
маңдай жарган
майрам бир күн келет деп,
бирок такыр болбой андай
күн артынан күндөр тынбай
суудай акты,
бирок өзү эңсеп күткөн
майрам такыр келбеди.
Алтын шакек, күмүш мончок
жада калса балдары да
майрам болуп бербеди…



…Күйөөсү өлүп калганда ал
күйүт тартып күйбөдү.
Жума болбой тышка чыгып
кыркын бербей
күйөөсүнүн машинасын үйрөндү.

Кошуналар таң калышты:
«Буга эмне болду» — деп,
бирөө дагы айталбады
«Бу жоругуң койгун» — деп.

Сыр аяктан сыр кетсе да,
сын кетелек болуучу,
айга жетпей сатуучулук
ишти таап орношту.

Текшерүүчү ким экенин
көрдү, билди, түшүндү.
Күйөөсүндөй көп кечигип
кээде келбей көп түндү
каалагандай өткөрдү…

Балдар калды
бирин-бири багышып,
кем кылган жок
тамак менен кийимден.
Кагып турду уул-кызын
«апакелеп» жүгүргөн.

Эң кенжеси мойнуна
калса кээде асылып,
маңдайынан өөп койбой
турду ишине шашылып.

Козун бөөп, бетин бөөп,
себинип түр атырдан
ишке чуркайт үйүнөн ал
пробкадай атылган.
— Текшерүүчү келди — дейт да
үндө дагы машинасын айдап
кетет
бир жакка,
эң кенжеси ыйлап калат:

14—1951

— Коркпойсуңбу караңгыда...
Тишин улам кычыратат,
эң улуусу, муштум түйүп:
— Текшерүүчү колго тийсе
соёт элем терисин мен
тескери...

Анан баары
жожого окшоп божүрөшүп
кечти узатып
телевизор көрүшүп
тилейт түндө энекеси
кечиксе да
аман-эсен
үйгө кайтып келишин.

## ЭМНЕ ЖАМАН?

Эмне жаман бул турмушта,
эмне жаман?!
бир кезекте сүйөмүн деп күйүп жанган,
сүйбөсоң өлөмүн деп
уксус ичип жараланган,
тийген соң титиретип
күйөөсүн айдап алган,
айдап эле тим болбостон
эл көзүнчө абийринен
тамтык койбой жулмалаган,
баарынан да ушул жаман
кепке кемтик, сөзгө солтүк
өлбөгөн төрт шыйрак калган...

Эмне жаман бул турмушта,
эмне жаман?!
көздөй көрүп бөпөлөгөн жалгыз балаң,
жарынан ажырашкан
жыйганың күндө чачкан,
мас болуп көрүнгөндөн
келтек жеп башын жарган.
Касыңдын тилин алып
карыганда кетип калган,
орусаң тилден калып



суу бергенге жарабаган,
мал эмес, малдан жаман,
майнаптуу иш кылбаган
ушундай конок баштын
жогунан бары жаман...

Эмне жаман бул турмушта,
эмне жаман?!
чоңойгондор билим эмес кошоматтан
эл дегенди унутуп салып
чөнтөгүнө казына каткан
жегенине закон тапкан
кой дегенди кокуйлаткан
камырдан кылды суурул
кайкалап келе жаткан
кара чаар жыландан да
ушунун уусу жаман
сак бололу ушундайдан...

## ОО, ДҮЙНӨ КҮН

Кыйкуу-кыйкуу кыйкырышкан куштар жай,
Катар менен кайра артына учкандай,
Карт толкундун кайрат-күчүн жаш толкун
Тартып алып тажаалданып чыккандай,
Айланкочок айлангансып адам да
Мыйзам бузбай замандардан заманга,
Муңун, ырын каны менен айлантып
Муун келет алмашкандай кыш жазга.
Учсуз-түпсүз түбөлүктүү түндөрүн
Көз ирмеми сыяктанган ушул күн,
Зып-зып этип өтө берет зуулдап
Эртеңкиге окшобостон бүгүнкүң.
Суу шылдыры жана токой шыбыры
Тирүүлүктүн жообу жок сырлары
Арман болуп кала берет артыңда.
Ашыгасың барса келбес сапарга,
Ошол сапар созулбастан узакка
Илээ менен илип алат тузакка.
Кутулуунун жолун эч бир табалбай,
Барчу жерге акыр бир күн барасың.
Көккө сиңип куш көрүнбөй калгандай
Жерге сиңип сен көрүнбөй каласың.
Айланкочок айлангандай катарга
Башка бирөө келип калат заматта.
Оо, дүйнө күн, жагалмайдай зыпылдап
Кагып турган канаттарың басаңдат…

## КАР ЖААГАНЫН КАРАП

Ушул дүйнө кандай керемет!
Кар жааганды көрбүм карачы.
Жым-жым этип жумшак шилтенет
Анын жылуу аппак канаты.

Үбөлөнүп түшүп жылдыздан
Катар бузбай кайткан ак куудай —
Аруу ырын мурда, азыр да
Ырдап келген, ырдайт басылбай.



Арты өкүнүч ушул өмүрдүн,
Ар мүнөтүн, ар бир ирмемин,
Кана карап, баркташ калгын деп
Кайра демеп төгөт күүлөрүн.

Сыйкыры көп сырдуу ууз кар,
Силерге окшоп келет муундар.
Ким болбойлу мезгил алдында
Милдет өтөп жайнап туруу бар.

Балбалактап тынбай чубалган
Жааның мисал өткөн сан кылым.
Жексен болгон акын, баатырдын
Айтып жатпа татаал тагдырын?!

Бир бирине арзып жетпеген
Эки жаштын арман ыры окшоп
Самсаалайсың…
сен да, мен дагы
Бу дүйнөгө келген бир конок.

Оо, тирүүлүк канбай күүңө,
Тоо, ташыңды өөп, эркелеп —
Жазмыш буйруп жашоо өзүңө
Кардай жаап кайра келсем, эх…

## ЖАШЫЛ АРАЛ

Көк көлдүн ортосунда жашыл арал,
А арал — арал эмес жаштыгым ал!
Кол сунсам колум жетпейт сагынганда
Өзүңө жол табылбайт сүзүп барар.

Эстесе кумар канар, кубат алар,
Ар кимдин жүрөгүндө аралы бар.
Жашарам жанып келбес сүйүүмдү ойлоп
Жаштыктын жакшы ырлары жашыл арал.

Өзүң деп ырлар ачар, арман тамар
Колумдан учуп кеткен ак куу сымал —
Канчалык жакындасам ошончолук
Алыстап бара жаткан жашыл арал...

* * *

Тоолорго тоолор уланып,
Тоо башы чаңгыл мунарык.
Күңгүрөйт аска күнү-түн
Кайыптан обон чыгарып.

Түбүндө дайра чамынган,
Күч алат сүрдүү ал ырдан.
Жарганат мисал көрүнбөй
Жарда уктап жатат чагылган.

Аскадан кызыл от күйөт,
Жаштыктай калган алыста.
Күндөрүм мени өкүнтөт
Кайрылып келбей карызга.

Миң жолу көрсөң миң башка,
Миң жолу көрсөң миң бөлөк.
От менен обон жылдызга
Жөрмөлөп чыгат өңдөнөт.

Адашкан кийик сыңары
Саманчы жолу бириндеп…
Туйлатып сүйүү кумары
Тулку бой турат дүрүлдөп.

* * *

«Дүйнө салган келбейби — деп кайрадан?»
бала кезде сурап калсам атаман,
калмак ээр кашын аста каккылап
деген ойлуу: «Келген болбойт ал жактан».

«Жашайбы адам билип бир күн өлөрүн?»
балам сурайт, сүйлөм: «Бир күн өлөрүн
билип эле жашайт адам. Адамдын
улуулугун мен ушундан көрөмүн».

«Аз жашайт го алмашыптыр жүрөгүн»…
«Кимди мурда аларлыгын куу өлүм
билиш кайда? Арыстандуу токойдо
эликке окшош ойноп-күлүп жүргөнүң».



Күлкү менен күйүтүмдүү күйгүзүп,
Гүл өмүрдүн көчүп алга жүргүзүп,
Канча катуу коонум калса ошончо
Сени бекем сүйөрүлүгүм билгизип.

Куш желиндей кубанычыңа алданып,
Оо, дүйнө күн, жүрөм сенде шаңданып.
Маңдайымдан кокус сылап койгонуң
Өмүр бою тумар кылып карманып…

## ЭПИТАФИЯ

I

Келбесиңе,
Кеткениңе,
Ишенбеймин…
Карагулдай көтөрүп келатсам да
Ишенбеймин…
Мен үчүн сен жүргөндөйсүң
Айыл жакта,
Өз атамда,
Кайнатамда,
Ойноп-күлүп каникулда.
Санап келем
жашыңды мен
эч кимге айтпай.

Ишенбеймин кеткениңе,
Ишенбеймин…
Булбул ырын
жазган сары жалбырактар
Түштү жерге жыл айланып…
Ишенбеймин,
Кеткениңе …
Ишенбеймин…
Кичинекей табытка салышты окшойт
Конвертке салган каттай…
Ишенбеймин,
Кеткениңе,
Келбесиңе…
Ишенбеймин…
Сени ойлоном келер каттай…

II

Чарчаган наристелер коюлганда
түн бою жанын бербей ыйлайт дешет —
түн бою көрүн тыңшап, ыйы угулса
чыркырап чымын кайра бузгум келет.

Чарчаган наристелер кордон чыгып,
саксаңдап түн ичинде ойнойт дешет —
уктабай аңдып барып, кызымды мен
үйүмө кайра ээрчитип кетким келет…

…Кирмекпи үйдөн чыккан түтүн үйгө?!
өзүмө тарып барат жарык дүйнө…
Көз жашым ага жетип сөз айтчудай
турпакка тып-тып тамат күндүз-түндө.

* * *

Бул өмүрдө өркөчтөнүп агылган,
Күндөрүң көп болсо дагы каткырган,
Каткырыктан кайып чыгып бир кайгы —
Өмүрүңдү өгөп келет бир арман.

Ойлогонуң улам чыгып оңунан,
Жолуң болуп бийлик менен байлыктан,
Жетпегенге жетип жыргап турсаң да
Жыргалыңдан чыгып турат бир арман.

Түндө — күн бар, аптап келет аяздан,
Ыйда — ыр бар, ыйлап чыгат уу балдан.
Бүт нерсенин арманы бар андыктан
Күндүн дагы тактары бар карарган…

* * *

Жуусаң көл, а күү уксаң жан жашарат,
күлкүдөн күйүтү көп бул дүйнөнү —
тазартып келе жатат, келе жатат
таң тосуп сайрап турган куштар үнү.



Жашоодо акыл жетпес кызык арбын.
Жаш дарак куурап калса куттуу күнү
кулпунтат анын купкуу жалбырагын
таң тосуп сайрап турган куштар үнү.

Кең жайып келечекке үмүтүмдү,
кетермин таң кулаанок жайдын түнү
оопасыз бу дүйнөнү даңктап ырдаар
таң тоскон куштар үнү, куштар үнү…

## БИР УУЧ ТУРПАК

Аталардан бизге калган өмүрдөй,
Бир ууч турпак
бир ууч турпак
боз турпак —

Канча кылым
канча заман көрүнбөй
Сенден бизди теше тиктеп турушат?!
Тирүүлүктөн айтылган бир саламдай
бир ууч турпак
бир ууч турпак
боз турпак —
Бул дүйнөгө түркүк болуп калалбай
Биз кеткенде сени бизге салышат.

Сенсиң хандын, сенсиң кулдун калдыгы,
Бир ооз сөз сыяктанган ар убак —
Дүйнөдөгү байлыктардын байлыгы
Бир ууч турпак
бир ууч турпак
боз турпак...

## ТУРА БЕРЕТ

Чексиздиктин сезбей четин, чекесин,
жарык көрүп унутулган ырлардай,
жарык күндөн сен да бир күн өтөсүң —
дүйнө турат миң жыл мурун тургандай.

Күн артынан күйпөлөктөп күнү-түн,
көр тирликтин түйшүгүнөн бошонбой,
жетпегенге жеткирем деп жөнөйсүң
дүйнө калат кандай болсо ошондой.
Шүүдүрүмдөй тунук, таза өмүргө
дагы кумар экениңди элебей —
келберсиген кербез дүйнө, кең дүйнө
кеткениңе кейип койбойт кенедей.
Жылдар учат, учат түтүн булатып,
эртең эле сен каласың эстелбей,
а бул дүйнө кабыл алып, узатып
тура берет турганынан өзгөрбөй...

* * *

Көргөндөй капысынан укмуш гүлдү,
уккандай ажайып бир арген үндү,
сүйлөбөй, сен сүйлөсөң сөзүң тыңшап
карап эле тургум келет карегиңди.

Аскадан шыңгыраган мөлтүр булак,
сыяктуу сыйкыр күлкүң кайра угулат.
Асманда ай нур алган жамалыңдан
кандай жан жүрөр экен күндө сылап?!

Кашыкка куюп анан жутуп ийер,
элесиң эскирбестен менде жүрөр.
Өзүңдү өпкөн эмес, көргөн үчүн
өмүрдө жоо сайгансып дүйнөм түгөл.

Сен куштун оозунан суу ичкендей,
назиксиң, татынасың таңкы желдей,
өмүрдүн өкүнүчү тоодой болмок
эгерде өтүп кетсем сени көрбөй...

## СУКТАНУУ

Сенин жытың жыттаган жел
жыгылчудай башы айланып —
жүзүм жүзүң жуусаң эгер
кулайт жукпай суу уялып.

Кут таратып, шык жаратып
куудай басып жүргөнүңө —
куштарланып, кумарланып
күү уккансып күлөт дүйнө.

Жоодураган көздөрүңдөн
жылдызданып, жыргал тамып —
ай нурундай үлбүрөгөн
аруу кумар турат жанып.

Күлкүң кандай, созүң кандай
кан тазарып, жан жашарып —
сен келатсаң, келаткандай
кереметтүү таң агарып.

Сени гана элестетип
көрөмүн да болок оңдү,
өзүң эмес эркелетип
өпкүм келет колокоңду.

## ОН ЖЫЛ СЕНИ КӨРГӨН ЖОКМУН

Он жыл сени коргон жокмун —
десем күлүп — он күн дейсиң,
күндө күчөп коргүм келип
күйгонүмдү не билбейсиң?!

Бир жыл келбейм. Саргайсын деп,
сагынсын — деп озүмчо ойлой…
Салып уруп барып калам
барып калам бир ай болбой.

Бүттү — деймин. Бир айга мен
кетем алыс коз коргозбой.
Сагынтам — деп сагынамын
саргаямын бир күн отпой.

Баратпайын самолетто,
же поездде, параходдо —
бардык жолум сага апкелет
бир кайрылбай оңго-солго.

Кандай аян, кандай белги?!.
Мен кыдырып болок элди
жүрсөм дагы
теше тиктеп
турам сенин терезеңди.

Бул эминең? Эркем сүйло,
эмне дээрим билбей турам,
айга жеткен ушул күндө
баш айланткан барбы дубаң?



Бул эминең? Махабаттын
тептирүүбү селкинчегин?
андай болсо кана мага
айта турган алтын кебиң?..

Он жыл сени коргон жокмун —
десем күлүп — он күн дейсиң,
күндо күчөп коргүм келип
күйгонүмдү не билбейсиң?!

## НЕ БОЛОТ?!

Жаштыктын күндору майрамдай,
Байкалбай отүүдо бат, ыкчам.
Жомоктон жарк эте калгандай
Жоодурап жолуктуң капыстан.

Жайлоонун жапжашыл гүлүндой,
Жаңырган булбулдун үнүндой,
Жаш ыргал сен кайда жүросүң
Мурдатан корүнбой, билинбей?!

Жамалың жаңырган Ай нуру,
Карашың обондун кайрыгы.
Не болот коргондон жактырып
Жалдырап тургандын тагдыры?!

* * *

Балдай тилиң бак кошконсуйт багыма,
баарлашсаң үйор жүрот каныма.
Күн жүзүңо күңгүрөнүү жарашпайт
Күлүң козүм, күлүп жүргүн дайыма.

Сен экообүз таарынышып калышка
акыбыз жок.
Сунган колду талытпа.
Күндо үч убак күлкүң менен жашартып
күлкүң менен коңүлдү ач, карытпа.

Жакшы корчү, жанагыңан жанбачы,
жан эргитчи, жалжылдачы, арбачы, —
эки омүрдүн кереги жок, андыктан
бир омүргө бүтпос сүйүң арначы!

* * *

Көзүңдөн сыйкыр наз алып,
Көрүшсөм көңүл тазарып,
Кыйналган күнүм жок оңдуу
Кыйлага калам жашарып.

Жүрөккө үмүт жүргүзүп,
Жүзүңдөн көөнүң билгизип.
Коймолжуп койчу жан эркем
Колума колуң тийгизип.

Чын сүйүү ырын сез өзүң,
Чырактай болгон секетим,
Чырмалып улам мойнума
Чыгарчы кайгы эсесин.

Берекем, айым, ырысым,
Берилген бозой ыры узун,
Бетиме бетиң тийгизип
Бетимдин жазчы бырышын...

## ЖАШАГАНЫМ АЛДУУ, КҮЧТҮҮ, МАКСАТТУУ

Зор аскадан кулай турган тамчыдай,
карааныңа кулдук урам калтырай:
кайырчыдай жолго таштай көрбөгүн
күлкүң көрбөй күнүм өтпөй калчудай.

Карегиңден кубат алган жетимдей,
карап эле тургум келет кетирбей,
сенден сулуу, сенден дагы акылдуу
селкилердин бар экени сезилбей.

Сенсиң деймин, сенсиң жалгыз, сен гана,
сени сүйгөн бактылуумун мен гана.
жүргүм келет алаканга көтөрүп
жүз жыл бою Ай менен Күн алдында.

Таалайым сен тагдырыма табылган,
таштаба деп жалынганым жалынган.
Жашаганым алдуу, күчтүү, максаттуу
секет сенин,сенин гана барыңдан.



* * *

Айланып ушул жамгыр аппак карга
Аяздуу күндөр келээр бир башкача...
Тилерим: мага деген ушул сүйүүң
Эч качан жек көрүүгө айланбаса.

Өмүрдөн өткүчөктү болуп таза,
Жашасак махабаттын балын тата.
Эриндер эң бир таттуу сөздөрдү айткан
Эч качан ачуу сөздөн айтышпаса.

* * *

Өмүрдүн өтөп ай, жылын
Кайыгын айдайм кайгынын.
Жарыктай жолду жарытып
Жалжылдап турчу Айдыңым!

Жыргалсың жылуу уядай,
Жытыңды эңсеп чыдабай,
Атыңды уккан сайын мен
Алсырап жүрөм ынак ай.

Көрсөтсө көзүң, жүзүңдү,
Өпкүлөйм ошол түшүмдү.
Өңүмдө сени көрө албай
Сагыныч эзип бүтүрдү.

Жанымды жанчып кеткенсип,
Жарама тузду сепкенсип,
Өкүнүч өчпөй чок болуп
Өткөндү турат эскертип.

## СЕН

Кут кетип, кубат кетип, куу талаада,
Куланып кетээримде бу дүйнөдөн —
Жан болуп тамган кургак таңдайыма
Мүрөктүн тамчысындай тамчысың сен.

Түшүндүм, касиетиң башка, башка,
Куралган чагылгандан, суудан, желден.
Тагдырга каным кайнап турганымда
Каралдым, караганың өмүргө тең.

Сүйүүнүн кайыгында сүзом калкып,
Сылаймын жүзүм жүзүң жүрок менен.
Сөздөрүң ташты гүлгө айландырып,
Өмүрдө жоготкондун баарына тең.

## ӨЗӨК ӨРТҮ

Мен сага ишенчү элем,
ушунчалык ишенчү элем!
эч качан эч убакта
өзүмдү сүйгон оңдуу
бирөөнү сүйбөйт дегем...

Кандай гана окүнүчтүү
жаңылыпмын!
Оо, дүйнө күн,
өрттонүп барат ичим,
чыңырып жылаңайлак
кезсем дейм дүйнө жүзүн
сүттөй ак, суудай таза
наристе сүйүүм үчүн.

Экообүздүн обүшкондү
коргон шамал
гүлгө мас аары сымал
мээси айланып учпай турар.
Антыбызды уккан ай да
чыкпайт кайра.
Аза күтөт бардык гүлдөр
жана дайра.
Жапжалгыз омүрдөгү
жапжалгыз ишеничим
жалп этип очүп калып,
жүрөктөн жашым агып
баратам куйкаланып...
Сен болсоң күлүп-жайнай
жүрөсүң мурдагыдай...

Көрүнбө!
эч убакта
Күлмүңдөп келбе мага.
Көрбойм деп сени көрүп
ойлобойм деп ойлоп кайра
азабым жейм.
Кулагымда
сенин сөзүң «Сүйөм» деген...



Кеткиче ишеничтен
оңой экен
бычак жеген.
Сени жанга теңебестен
күндой күлүп келүүчү элем.
Башкаларга колум берип
сага жаным берүүчү элем.
Азыр такыр башкамын мен
олгон жүрок, олгон денем.
Кан-сөлү жок карааным каракчыдай
каткырып кайгы менен
муунтат сагынычты
сабалап сага деген...
Анткени мен
өзүмдү сүйгон оңдуу
да бирөөнү сүйбөйт дегем,
сүймөк турсун
күлбөйт дегем.

## ЖҮРӨРҮҢ ЧЫН

Мен сүйгондой сени бирөө сүйүп калып,
оңдон азып, жибек чачы уйпаланып,
суугa жетпес балык болуп оозун ачса
сен оозуна ого бетер жалын салып,
эркек деген эмне экенин билбегендей
кучактаса кучагынан чыга калып,
ойноктогон карегиңди жерге кадап
наристедей назиктенип, мукатанып,
дал болгондой шыбырарсың, ошол жигит
дагы ысык сүйсүн үчүн күйүп-жанып,
«ашыкмын» деп аалам жара кыйкырсын деп,
куласын деп, кубанычтан эстен танып
көзүң сүзүп, моймоолжурсуң, кылмыярсың,
тартип менен дем чыгарып, тилден калып,
«узун этек ургаачыдан мындай жок» деп
жаш жигитиң жаш агыза кумарланып,
турган чакта ок атылса сени көздөй
ал тош тосуп тура калмак учуп барып.
бирок ага «Тобо» — дебей да бир күнү
андан сулуу, андан да бай жигит табып,
жанагыңа кабылышсаң кайчы өтөсүң
тааныбастай, билмексендей, сыртың салып,
жүрөрүң чын ак жүзүңдөн бир да жигит
өпмөк турсун сылабаган сыяктанып...

* * *

Жадырап жайнап, кубанып,
Жаздагы гүлдөй буралып,
Күлгүнүңдөн жана бер
Күлкүңө күлкүң уланып.

Сен сүйүп калып бироону
Токкондо муңдуу жашыңды, —
Абалым менин билесиң
Жалдырап турган азыркы.

### САГЫНДЫМ

Сагындым, эгер жытың кетти — десе,
деңиздин түпкүрүнө, тереңине,
жытыңды жытташ үчүн деңизди мен
чакалап соолтмокмун бир мүнөттө.

Түнт токой арасынан үнүң аста,
капылет шыңгыр этсе кулагыма —
үнүңдү кайра угуп калыш үчүн
токойду суурумакмын бир заматта.

Карааның тоодон көрүп калдык дешсе,
карааның кайра дагы бир көрүүгө, —
тоолордун аска ташын көз ирмемге
жеткирбей ташымакмын болок жерге.

Сагындым, сагынганым ушунчалык,
өзүңдү көргөн түшүм бүт аңтарып —
элесиң кармай албай каным кайнап
баратам куйкаланып, куйкаланып...

### КААЛОО

Күн сайын аскасынан Алатоонун
Күн чыгат жарык чачып ай-ааламга.
Сүйүүбүз ушул күндөй ысык болсун
Жамандыкты көрбөйлү биз эч убакта.

Алатоо аскасынан учкан куудай
Ай чыгат үлбүрөгөн нурун төгүп.
Арзуубуз аруу болсун Ай нурундай,
Көрүшкөндө көңүлүбүз турсун эрип.

Түбүндө кең Алатоо аскасынын
Булак бар ушунчалык мөлтүр таза.
Жаркыным, кечээкиңди сурабаймын
Окшосун дейм, өтөөр өмүр ал булакка.



# «ЖАНКИСЕ»
## ырлар жыйнагынан
*«Адабият» басмасы, Фрунзе — 1991*

### ОКУУЧУМА

Жанкисемде атпай калган огум бар,
Ошол огум тийбегенге тийчүдөй.
Жанкисемде айтпай калган сөзүм бар,
Ошол сөзүм тийген нерсе күйчүдөй.
Күйсө күйсүн, айтарыңды айт кана!
Бироо жылыыр, бироо күйүп күл болоор.
Дал бутага тийген октон айлана,
Мүмкүн дагы аз да болсо оңолоор.
Кылым кыркып келген Чындык салмагын,
Келет октой сөзүм менен кармагым...
Үтүрү аз, үшкүрүгү көбүрөөк
«Жанкисемде»» бил канчалык жан барын.

### ОО, КЫРГЫЗЫМ...

«Коңкү кыргыз көчү келген кеч эң» — деп...
Көргөнсүздүн айтканы ич зилдетет.
Чунаңдаган чолок дүйнө сени кууп
Маңдай жарчу тактыгыңа ким жетет?!

Алды-арты азайбаган дүйнөдөн,
Чакчелекей чалкар деңиз эл өткөн.
Атпай журтум, арбагыңды неге айтпайт
Аска ташка жашырынган көлөкөң?!

Сыяктанат эски китеп барагы,
Окуп билсем жерди, сууну, абаны.
Улам даана дааналанып көрүнөт
Тарыхыңдын карааныныn карааны.

Бөлүп-жарып толук менен бүтүндү,
Тоодон — топук берет мезгил күкүмдү
Түшөйм төөң ак тууганын, сокур тоом
Изиң көрөм искегенде түтүндү.

Кум болуп тооң тополоңуң тоз болуп,
Айың батып, күйүп чок болуп,
Жердин жети жеберине жетсең да
Кеткен жоксуң кээ бир элдей жок болуп.

Шайың соп шамал кууган камгактай,
Шагың сынып калсаң дагы шаңданбай,
Жоготпостон жоокерчилик салтыңды
Багынбастан баш көтөрүп бастың жай.

Үйүң күйүп, үмүт өчкөн бороондо,
Кой маарабай, итиң улуп короондо —
Кырылсаң да кыргыз атын өчүрбөй
Азыркыга апкелгениң чоң олжо.

Мүнөзүңдө жок душманга жүгүнмөк,
Кызыл отуң кызып күйсүн дүрүлдөп.
Тилек тилейм чыккан Күнгө күн сайын.
«Кырсыгыңдан кыргызымды сакта!» — деп.

Ушул күнгө урпактардан уланып,
Келгениме келме айтамын кубанып.
Мен кыпындай арман кылбайм көз жумсам,
Сенин даңкың дагы бийик чыгарып.

Оо, кыргызым, кызмат кылсам бир аз саа,
Жеткенсиймин жетпей жүргөн муратка.
Караңгыга калып калсаң карегим
Жагып коем айландырып чыракка.

Ким кордосо кудуреттүү кутуңу,
Турмушума тутка болгон тузуңу.
Уруп кетсин аталардын арбагы
Уруп кетсин энелердин кусуру.



* * *

Кыргызча бир соз билбей,
кыргыздардын тагдырын чечип жаткан
кыргыз менен маңкурт бирдей
энесине жаа тарткан.

Үйүмдүн кулап калып түндүк жагы,
жырткычтай капкандагы
кыйкырып коз алактап
жардам деп кыргызчалап
жалынсам...
жалдырап туруп үнсүз:
— Айткын дейт, — орусчалап...

Жардам сурап жалынгандын
бардык тилде тили бирдей экендигин,
билбеген ушул зоокүр,
эмнени билмек эле?!
Жакшылыкты жасабаган
мен эмес энесине эч, эч кимге.
Андан коро моло таштан
аласың жылуулукту
ушунча жалдыраса.

Андан көрө чөл суу берет
акактап оозуң ачсаң.
Түн жолуңа жылдызын чырак кылат,
ажат ач — деп барсаң сурап.
колоконддон жакшылык болуп калат,
а мындан эч убакта.
Бу маңкурттай жаа тарткан
Апасына.

## КУУРАГАН ТАЛГА КУШ КОНБОЙТ

Кырылып бүт жаныбар,
калгандай арыстандар,
куурап бүт өсүмдүктөр,
өскөндөй өңчөй чынар,
дүйнөдө
бир тил боло
турган болсо —

ал тил анда:
мухиттей
бир тамчы суу куюлбаган,
кометадай чексиздикте талкаланган
күм-жам болот уңгуланып узабастан.

...Майда тилди балапандай,
жаш көчөттөй бапестеш керек бүгүн.
Көл өлгөндөй — бир тил өлсө
мүйүзү зырр-дей түшөт бу дүйнөнүн.

Тил өлгөндөн
бетине так
түшөт Күндүн.
Ал андыктан,
куш канатын кыркпагыла,
кескелдирик куйругун кеспегиле,
тамчыда мухит туйлап
турарлыгын эстегиле.

## КУРУГАН ДҮЙНӨ

Тордо туйлап турган балык —
кандай болсо так ошондой,
так ошондой
Эркиндигим.
Эмне болот эртеңимде
эзелтеден келген тилим!

Өз жеримде, өз элимде:
«Эне тилиң жарабайт деп
жарабайт деп окмот тилге» —
келекелеп кемсинткенге
кантип чыдайм,
чыдайм кантип?!

Чыркырап түшүп чокко
беремин кайсы сотко?!
Ээрчитип барсам эгер
ушуларды Ленинге
эмне деп айтар эле?!
Акыл менен тарыхты элеп:
— Жер — элсиз



Эл — тилсиз болбойт демек!
Анда неге бүгүнкүлөр:
аз эл тили
окмот тили болалбайт деп
оозун керет,
оозун керип тим болбостон
оё тиктеп
оозум керет?!
Тышым бүтүн
ичим түтүн,
кылыч чаппай,
мылтык атпай,
тилиң сонун деп байкатпай
анан ошол тилди сууруш
чын достукка жатат бекен?!
ушул дагы калыстыкпы,
же теңдикпи биз эңсеген?!
ушу дагы маселеби
баш оорутуп чечип берчү?!

Уят эмеспи,
республика болуп туруп
кыргыз тили окмоттук тил
болалабы дештин өзү?!
Не бербедик,
не албадың,
берген март эмес алган март —
эми эне тилим алсаң
эмне калат?!
эмнем калат?!

Азайган элигимдей,
азайган балыгымдай
азайган Эне тилим —
бүтөбү ичер сууң
бүтөбү көрөр күнүң?!
Өз тилибиз өзүбүзгө
тоо, көл менен сүйлөшүүгө
буйрубаса
жашап не бул өмүргө...
..................................
куруган дүйнө...

## ТҮНКҮ КОБУР

Там шыбынан тамчы тамат,
Кызым сурайт аны карап:
— Там эмнеге ыйлап жатат?
— Там ыйлабайт,
ал тамган жаш тамдыкы эмес
атаңдыкы
«үй берчи» — деп
ыйлап турган көзү канап.

Жарака кеткен үйдүн дубалынан
уулум собол салат улам-улам:
— Жаракадан бороон боздоп жатабы, ата?
— Боздогон үн бороон эмес —
атаңдыкы
«үй берчи» — деп
чоң алдында улутунган.

— Эскилиги жеткен үйдү
көрүстөндүн үстүнө тургузгандай,
түндө эшиктер кыйч-куйч этип
өзү ачылып,
ай нуруна аралашкан
арбак көрдүм кара шамдай...
— Кой, байбиче, кайдагы арбак?
Арбак эмес —
арыздын чын-тогүнүн текшеришкен
комиссиянын мүчөлөрү болуш керек.
— Ураа, бизге жаңы үй берет!
— Жаңы үй берет!
— Алганда сүйүнөлү
таң куланөөк болуп калды,
эртең жумуш
укташ керек.

## АЗ МАЯНА АЛЫШКАНДАР

Кызматы төмөндүн чөнтөгү жука,
кабагы салыңкы, көңүлү чөгүңкү,
түшүнө үч уктаса;
кирбейт курорт,
кирбейт мода,



ылдый жагы көрүнүп өйдө тартса
өйдө жагы көрүнүп ылдый тартса
күн кечирет олбо олболоп
оп-чап жетип айдан айга
ууч толбос аз маяна.

Кээ бир кезде
«Волга» минип жүргөндөрдүн
казынаны уурдаганын
кезиктерден окуп калса,
же далилдеп пара алганын
теледен соттоп жатса,
күйбөгөн жери күйөт:
«Жамандыктын эң жаманы
балыктын башынан сасыганы...»

Айлык албай
милдет өтөп өжөр шамал
шимшилейт ой-чуңкурду,
уурдаса ушу уурдамак казынаны
бирок ал ойлоп дагы
койбойт аны.

Маянанын эмне экенин
билбей эле жанын баккан
карга, чымчык

жем таап жеп жүргөн күнүн
бактылуулук деп түшүнүп
жүрөт учуп.
Тигилердей араан ачып
24 саат — сутканы да
чөнтөгүнө салып кетпейт
тыйындай шыңгыратып,
жылдарды пулга айлантып,
капчыгына ката койбойт
аз маяна алышкандар.

Азаматтар!

Өзүмө оп-чап жеткен акча
кайдан жетсин балдарыма
дейт дагы,
үйлөнбөстөн,

сакалын өстүрүп балдарындай,
алпештешет пул зарп кылбай.

А беркилер сезбей, туйбай
«Волгасынан» чыккан кезде —
ушул эле балбалактап жааган кар,
ушул эле шатыраган жапжаш жамгыр,
түкүрүктөй балп деп тийип беттерине,
беттерин куйкаларын, —
«Волгада» төрөлүшүп
бой жеткен самолетто,
тааныш менен алып диплом
тааныш менен ишке орноткон,
болкойгон уул, кызын
бөпөлөшүп
теңеп Айга, теңеп Күнгө
өздөрүнө окшоштуруп
«Волгага» мингизүүгө
далбасташат.

Шаарда, райондо, айылдарда
ушул эле
«Волга» минип жүргөндөрдүн
уул, кызы
«Волга» минип жүргөндүгүн
аз маяна алышкандар ойлонушпайт
ойлонушпайт чоң баласы чоң болорун.

Кийимине, китебине, тамагына
окшоштуруп резинага
маянасын чоюшат да:
«Дүйнө болгон кимге оопа
андан көрө
ден соолук болсо болду» —
дейт аз маяна алышкандар.

Азаматтар.

## ТҮШ

Коён байкуш
карышкырдан кутулгандай
ийинине кире качып —
кутулчу түйшүгүнөн



кире качып отпускага.
Ээрчитип колокосун
эч кечикпей ишке барчу,
эч кечикпей иштен келчү,
шахматты ойночу эмес,
биллярдды жиндинин ойну дечү,
көрчү эмес кинону да.

Күндүзү ишке ашпаган максаттарын
же тескери чыккан ишин
оңдоп, түзөп түш көрүүчү.
Түш көрүүчү...

Сүрөтчү эле.
Коюлбаган сүрөттөрү
бир да жолу көргөзмөгө.
Айтышчу: — Дурус, дурус бирок дагы...

Канча жылын карытты ижарада.
Үй сурап барса айтчу:
— Сизге үй берсек деле болот эле,
а бирок сиз жапжалгызсыз,
жожодой ээрчитип уул-кызын
жүргөн кыргыз сансыз, сансыз...

Жаап кирген жамгыр мисал
өз үйүнө дик-дик эте чуркап келип,
мелтиреп олтуруучу —
каршы-терши жылып жүргөн
сырдуу тиктеп, эшек куртту, —
колоконун үнүн тыңшап,
анан түшкө кирип кетчү
колго чумуп кеткендей жаны жыргап.

...Көргөзмөгө коюлган сүрөттөрү.
Заңгыраган ак сарайдай үйдө жашайт.
Жердешчил жеңден жеген жетекечисин
жыйналышта
кемчилигин бетине айтып, коркпойт сындайт.
Ал гана эмес
көрбөгөн,
укпаган ата-энесин
таап алат —
сүйүнүп, балбалактап

мойнунан бек кучактап,
(наристелер үйүндө бойго жеткен
бечара көк жетим эле).
Чанып кеткен сүйгөн кызын
эринен тартып алат,
бөлбүрөбөй чак-чак сүйлөп,
чагылгандай күйүп жанат...

Ишинде да көргөн түшүн ойлой берчү,
шашылчу түш көрүүгө:
өзөргөндөр шашылгандай тамагына,
баңгилер нашаасына,
бактысыздар бактысына.
Көрбөгөнүн түштө көрчү,
түштө айтчу айтпаганын —
жеңбегенин жеңип алып,
жасачу каалаганын.

«Мындан сонун түш бар деп оо дүйнөдө»
айтса бирөө
шарт кана жол алчудай оо дүйнөгө...

Тынбай түш көрө берет
ким айтат: — Түш көрбө — деп?!

## КОРКУНУЧ

Бир коркунуч чогуу жашайт мени менен,
дайыма, алда неден
коркуп келем...
Көпкөн тийген көйрөң жигит
коркомун — энекесин өлтүрөт деп,
тебеленип жаткан нандын кусуру
корком чыгат деп бизден.

Эртеңкиге шыбага
калбайбы деп коркомун,
коркомун кечээгимден
анан да бүгүнкүмдөн
мар окшоп — муунтчудай
ушул сүйлөм?



Алмашкандай күн менен түн
же шахматтын ак, карасы —
көз ирмемде
көз жумгандын бүт баарысы
тирилип — а тирүүлөр
дүйнө салып кетеби деп
корком, корком...

Коркомун
да бир күнү
бууга айланып кеткен суудай
кумга айланып кетеби деп
ушул тоолор.

Коркомун кайып болуп кеткен куштай
эне тилим жоголот деп
ушу бойдон.

Такыр өлбөй көөмбү деп
коркомун да
ушул ырым бүтпөй жүрүп кетемби деп
селт этип мен чочуйм кайра.
Коркунуч чогуу жашайт мени менен
дайыма коркуп жүрөм, алда неден
чындыкты чырак кылып жагып
корком

бул эмнеси?
Айтчы, мен эмне болгом?

## НААРАЗЫЛЫК АЧКАЛЫГЫ

Көрсөтүп нааразылык
аянтка ээрчий чыгып
кыл кыркпай
ачкачылыкта
жан кыям деп кынжыйышкан
Кыдыр, Акман,

силерге эмне болду?
Ачкачылык менен дагы
бийликти коркутабы?
Ансыз деле
тиштин кирин
соруп ачка жүргөн кезде...

Айкырып арман айтпай,
апталап даам татпай
турасыңар таңып койгон таңылчактай,
куралбы — ачкачылык?

Эгерде сен
күрөшүп жаткан болсоң
күчүнө күч кошулсун дээр элем,
чабышсаң — чаалыкпашың,
жүрөгүмдөн тилер элем,
жарадар болуп калсаң
кан десең каным берип
жан десең жаным берип,
турмакмын
чебеленип...

Бирок сен күрөшпөйсүң,
чабышпайсың,
ийлеген кайыштайсың,
басалбай чалыштайсың.
Учкан булут,
куштар үнү
тамак болуп бербейт сага.
Көзүңдө кектин кетпес оту жанып
ызаң менен
намыс менен азыктанып
турганыңа
гүл азыктай болсун бул ыр.

Азыктан анча артык
арт жагы кыйгыл тартып
чындык менен жазылган ыр.

* * *

«Ураанын» ырлары
үкүнүн баласындай
ач көз, соргок,
эчтеме ойлонбостон
каткырат өзүн зордоп.
Тиштери түгөл аппак
алдын көрбөй көзү алактап —
жаманды жакшына деп



жокту бар,
а ийрини — түз деп мактап...

... Бир кезекте
тайгандай агытылган
«Ураанын» ырын жазгам,
а бүгүн сойкунун сойкулугун
билбей ооп алган оңдүү
ошонума кейип турам.
Күйүп турам ошонума,
эриген коргошунду
куйгандай кулагыма
туйлайт денем, сыздайт жүрөк...
Уятым — жиниккен добот окшоп
артымдан аңдып жүрөт.

Бычак болуп кадалат жүрөгүмө
өтүп жаткан ар бир мүнөт.

## БЕТОН

Ким эмне деп
сүйлөгөндүн бүт баардыгы
угулуп турсун деген
максат менен
курулгандай бетон үйлөр,
мен силерге жазамын бетон ырды
ырларым
деталь болуп ыргып чыгат
кучактап кусалыкты.

Туш тарабым баары бетон.
Бара калып начальникке
суу сурасам
— Бүтсүн — дейт чоңдор ичип...
Бетон, бетон туш тарабым,
бетон болуп барат жаным —
укпаймын ыйлаганды,
корбоймун кайырчыны,
ойлой албайм беш жылдыктан аркыны.
Селейип бир катып бүттүм.

Чыккандай үнсүз көрдөн
урсаң дабыш чыгат сенден
мээрими жок күңгүрөнгөн.
Аялы — күйөөсүнө
атага — бала бетон,
нан сураган алаканга
кызыл чокту сала койгон,
ташкындап таш боорлук
ишеничти ойроңдогон
СПИДден да миң бир эсе
коркунучтуу ушул бетон.
Ырымдын канын соргон
а менин жаным соргон
оюмду муундуруп
тагдырыма
чыккан бир
чыйкан болгон
ушул бетон
угат менин сүйлөй элек сөздөрүмдү,
төрөлө элек
балдардын бак-таалайын
өлчөп чечет.
Мени менен бирге жүргөн ажалымдай
жатып алат төшөгүмө.
.....................................................
Желмогуздай көзүн кадап көздөрүмө.

## ЖЕР АЛДЫ КЫРГЫЗ БАЛДАР

Мамлекет,
мамлекет
баш тамгада жазылган бир балакет
абадан башка бербей
бүт баардыгын алган ээлеп...
Сүйүнгөнмүн
жер алган кедейлерге
жыйырманчы жылдары.
Азыр эмне
жери жок жүрөт дале
ошолордун балдары,
бул кимдердин кылганы?



Өз жерине
өзү ээ
болалбаган,
кандай жаман,
кандай жаман...
Отко түшүп куйкаланган
балапандай куйкаланам.

...Жер алды кыргыз балдар
жыйырманчы
жылдардагы атасындай
кудуңдашып
ыр ырдашып
шляпасын көккө ыргытып
кучакташып
өз жеринде
жүргөн эле
үйлөрү жок — кайырчыдай
ай, Кудай ай,
жер алды кыргыз балдар
алчусун алалбаган
жер караган
кыргыз балдар
жер алышты.
Кереги жок шамалга үйдүн
буларга үй керек экен
жашайбыз дейт сенделбестен.

Оо, кыргыз балдар,
кыргыз балдар
ижарада чач агартып
ижарада бойго жеткен.
Силердин күнүңөрдү ойлоп койбойт
бийликтин тегирменин тегеретken,
башың баш,
багалчагың кара таш деп
үйүнө кирип кеткен үлүл окшоп
портфелине кирип кеткен.

...Оо, кичне эл тагдырың ай,
кайсы жерде
болбо кандай «измде»
бүт тагдырың тамашадай

күнкор болуп бөйпөлөңдөп
күчтүү элге көз карамай
багары жок, карары жок
журтта калган жаш баладай
жалтаңдамай...

...Жер алды кыргыз балдар
жыйырманчы
        жылдардагы атасындай...
Кош тилип коңторулган
жери оргүлүп жалт-жулт этет
сыр жашырган
иориглиф жазуусундай.

## ООРУКАНА

Ооруканага
жаткандай түрмөдө,
жаткылык кылбасын
                мүнөткө...
Айыгып кетсин эмес,
не бересиң? —
врачтардын көзүндө.

Ээси жок
        күчүк сымал
ооруңду айталбай,
ооруганың үчүн сенде,
оорлошкон күнөө бардай,
олтурасың жалтаңдай.

Ар бир сөзүң жашка жууп,
айтканыңды арман бууп...
Жок болсо таанышың —
тайгаланат тагдырың.
Кызыкпайт эч ким сага
итсиңби, кишисиңби
карап койбойт врач эмес
сестра да.

Олтурасың ооруң экөөң
                кол кармашып,



ал анткени —
базардагы картошконун баасы сыңар
ар мүчөнүн баасы бар...

Сокур ичегини
        ачып анан
хирург сурайт оорулуудан:
— Апкелесиң канча козу?
Жалындап жанасың,
жан үчүн таппасты табасың.
Дүйнө таап келбейт мында
сенден калбай
калдаңдаган көлөкөң да.
Бирок өзүң
        өз көңүлүң оорутпа
буулугуп булайган булут саа.
Жазып окуп,
улуган ит үнүн
жана да боздогонун ботонун —
алакчын дүйнөнүн
аласын бил досум.

Бүткөндө акча менен
        иштин баары,
тыйынга арзыбайт
Гиппократ анты дагы.

Оорунун эң жаманы
        айыкпасы —
пара алганга айла таппай
кубарып кан кусчудай
өз башын мыкчыганы...

...Сага жакшы таанышың бар,
тызылдашат сестралар,
мен сени күнөөлөбөйм,
а корокчо —
онтоткон ооруңан,
сыздаткан сыркооңон
секетим тез  сакайып ал.

## АЙЫЛДАШТАРЫМА

Башкарма боло калса айлыбыздан
Күн-түндөп арыз жазып түшүрүшүп,
Келишсе башкармалар башка жактан
Айылым тосуп алат жүгүрүшүп...

А бийлик кылбайт айтчы эмнелерди?!
Директор болуп бир кез өзбек келди.
Айылым унутуп салып кыргызчаны
Бир жылда сүйлөп кетти өзбекчени.

Директор дайындалса казак жаңы,
Жакын деп айткан чынбы казак каны?!
Жыл эмес алты айда эле «ой-байлашып»
Айылым суудай билген казакчаны.

Андрей чоң болгону айылыма,
Айылым өзгөрүлдү кыйла-кыйла.
Балдары «папашалап», а чоңдору
«Привет» деп калышты жетпей жылга.

Айылым орок оруп күндөп-түндөп,
Жүргөндө аталчу эле «Сталин» деп,
А кийин Сталинди сындаганда
«Хрущев» болуп алды күлүмсүрөп.

«Маленков» болгон эле андан мурда,
Аз өткөн «Брежневге» конгонуна.
Курусун кур дүрмөттүн атасы — деп,
Эми эл өз аттарын алышууда.

Айылым, тил билгениң абдан жакшы,
Тилдерде кудуретиң күнгө чапчу.
Бүт айыл алып жатат эски аттарын
Энчиңе багыштайсың кайсыл атты?!

Кандай ат коер экен деп күнүнө,
Кулагым түрүп турам чыккан үнгө.
Бир атты коерсуңар, сапар кайып
Мен барсам сүйлөйсүңөр кайсы тилде?!



## ЭГЕР КҮЙСӨ...

Жадабай чымчыктардын сайрашынан,
дайранын кулак жарган дабышынан —
канча уксам кайра күчөп
ошончо кубаттанам.
Бирок мен жадап бүттүм
жадап бүттүм ушунчалык,
башы бар, аягы бар
жаны жок жыйналыштан.

Чоңдун чоң кемчилигин бетке айтпастан
таңдан кечке мактап анан
үстөлүндө уктап калган,
кишилерди кайра ойготуп
кайра күчөп өтүп жаткан —
тажадым канды бузган
мээси жок жыйналыштан.

Өтпостон сөздөн ишке,
тамак кырып кара күчкө,
белгилүүнү беш жолу айтып,
калып, калып кара түнгө —
топон баа токтом окуп,
мүнөт ишти саатка созуп:
жалбырак саргайганча,
чачтары ичкергенче,
жыргал деп жыйналышты,
жалтырап олтурушкан
суктанбайм кишилерге.
Пахтаны карартууга,
мөңгүнү сугат суугa
айлантууга
арналган жыйналыштан
жаа бою качкан туура!
Барымды жоготконсуйм
жыйналыштан кетеримде —
мына ушундай жеңил-желпи
жыйналыштын бүт баардыгын
үйүп күзгү жалбырактай,
соопболмок өрттөп ийсе...
Эгер күйсө...

## АМАН БОЛСО

Атакеси келген Германиядан,
бутун берип орден алган, туу алган.
Кош балдагын колтугунан түшүрбөй
айтпас муңун арак менен чыгарган.

Карегинен тамган жашы жерди оет,
Ооганстандан уулу келди колу жок.
Дагы качан бул жоокердин баласы
кайсы жерде кай мүчөсүн жоготот?

Тагдырына буйурганбы аткан ок,
же кыргыздан жокпу башка тосор ок.
Баргын десе куп деп жүрүп баарына
дагы канча барсыз, нарксыз кул болот?

Же кетирип көкүрөктөн дарманды,
ата мурас алган белем арманды?
Колду, бутту мунжу кылган сыяктуу
алар эсти маңкурт кылып салганбы?

Кыргыз чөппү каалагандай ыргачу,
жок чөп эмес кылымдардын муңдашы.
«Кулдуктун да чеги болот» деп айтар
бирөө чыгаар аман болсо журт башы...

## КАЛЫГУЛ, АРСТАНБЕК, МОЛДО КЫЛЫЧ

Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч,
силерге кечирбестей кылдык кылмыш...
— Чоңойтом чоң атаңа түкүр — десе
түкүрүп кетет экен кээ бир кыргыз.

Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч,
талант деп таңсык этсе Батыш, Чыгыш,
баркыңды байгамбардай баалабадык
биздерде болбогондон ыйман, ырыс.



Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч,
эгерде комуз болсо атпай кыргыз
үн берген үч керемет кылы силер,
а комуз жыгач болуп калат кылсыз.

Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч,
түбөлүк өчпөй күйгөн көктө жылдыз.
Ажайып арбагыңар колдогондон
ааламга аркырады атуул Чыңгыз.

Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч,
өтүүдө озүңордон калган турмуш.
Өбөбүз кылымдарга тып-тып тамган
кыргыздын көз жашындай ырыңды укмуш.

## ТҮГӨЛБАЙ СЫДЫКБЕКОВ

Бал-бал ташты,
молo ташты болжол кылып,
ким кыргыздын бабасына
бир эстелик курам десе —
окшоштуруш керек анын
бүт турпатын Түкөмө!

Кылым бою кыңк эттирбей
жалаңдаган кылычка, —
кырылгандын,
башын ойдо кылбагандын
кыжырдуу бир каяшасы, —
Туу бетинде белги мисал
турсун ошол эстеликте
ал кылычтан кырк бир эсе
курч болуп!

Жер дыйканга,
дыйкан жерге
ыраазы болгон ырахаттуу укмуш мүнөт,
ак булуттан эленгенсип түшкөн жамгыр,

жана сөздөр көктөй көзүн жылтыраткан
карыянын курбусундай
эстеликте болуш керек!
Тунук акыл, туура сөзү,
Күн түнөгөн жүрөгү анын —
зыңгырасын атпай журтка
сыйкырындай ай-ааламдын.

Карт тарыхтын чачына окшош
                    аппак чачы
каргышты айландырган ырахатка
ырыс чачкан кабак-кашы,
кыдыңдаган мактоо ырга батпас тулку,
кут көргөндөй кубандырсын табиятты.

Оттой сүрдүү, суудай таза
калкагардай карыяны караганда
атуулдук сыймык, намыс
тынчтык бербей
            тыбырчылап
                    турсун канда…

…Көрүп калсам жолум болгон
залкардын үйүндө мен, —
талант деп кымыз ичем
колунан өлүм жеңген.

Жолборс алган бүркүт мисал
жондонсо жолу татаал —
уулуна
    учурашат
улуу тоого өтчү шамал.
Алтынга алмаштыргыс акылы бар,
Аксакалды сөздөрү бал
тиктейм да
            өмүр тилейм
тилегендей атама мен.



## БАР БОЛ, АГА!

*Эл жазуучусу Чыңгыз Айтматовго*

I

Чолго дайра сиңип кетип
                    бир кылымда
бир кылымда чыккан оңдуу айтып атын,
Кок асаба какшап келген уул-кызына
которгүн деп коохо журттун өчпөс даңкын,
ошол даңкты оболоткон,
                    көкөлөткөн
кичине элдин улуу уулу сен!
Сен адамзат мугалими — ар бир сөзүң
жүрөгүнөн жаралган ар-намыстын.
Эл эртеңин даана көрүп турган көзсүң,
кечээгисин уга билген кулагысың.
Кыргызды эле кобойтпостон
кобойттүү дүйнө калкын
                    каарманың.

Кесири бар кексе арам
өзүнүн өсүшү үчүн
                    өз элин жамандаган,
жалганчынын тилин сууруп
тамырын өспөс кылып жерге каккан —
элчисиң — чын достуктун
чындык менен отун жаккан.
Арымыңа адам эмес
                    күш да жетпей
аркырадың ракеттей,
ошончолук ылдамдыкта
өстү, өстү элиң алга,
жерде болгон
            бардык-бардык
                    жакшылыкты

Тилейм сага!
        Каалайм сага!
                Бар бол ага!!!

Булак болуп жалбырагы соолуганга,
эрк талашкан — эрксиз кулга,
ишеничин жоготконго
                    тирек болуп

бала болуп баласызга,
учкан куштун убайымын сезе билген
акындардын акыны сен!

II

Кол кезеп, жеп ийчүдой заар тиктеп,
айткандар Айтматовду улутчул деп —
достуктун көк тиреген чынарына
балта чаап,
жибергендей ууну суу деп.

Начар де аны-муну турам чыдап,
а бирок калпты чындай курап-сурап
айтпагын арсыз кепти
айтсаң да укпайм
Айтматов ыйык мага Манас сымак!

## МЕЛМИЛДЕГЕН БУ ДҮЙНӨГӨ АПАСЫҢ

Жаадырып кат жазбасамда ар күндо,
жатсам-турсам оюмдасың, апаке!
келип турат мага деген мээримиң,
суу акканда, жаркырап күн тийгенде.
Чарчоо билбес, ожорлугүң желденби?!
Кайратыңа каяктан жан тең келди?!
Сенден гана үйронүшкон сыяктуу
жер түшүмдү, жемиш момо бергенди.

Кереметтин кереметин коргондой,
желге дарак жалбырагы термелбей, —
ушул талаа, ушул тоолор дүйного
сени гана корүш үчүн келгендей,
делдейишет унтуп салып оздорүн,
сенден кубат алып күйот кокто күн,
сенин гана атыңды айтып ырдашат
тыңшап турсам буудай, чоптүн осконүн.

Кудуреттүү сыйкырыңды чачасың,
кулунуңдун оңдойсуң коп катасын.
Мени торол, менин апам болгондой



мелмилдеген бу дүйногө апасың.
Жаадырып кат жазбасам да ар күндө,
жатсам-турсам жадымдасың апаке!
ар күн сайын сүйлошконсүйм сен менен
камгактанып кайыбайын кай жерде.

## БАЛА

I

Эртеңкиси дүйнонүн эмне болот?!
Эч ойлонбой наристе эмчек сорот.
Сорот дагы зор дүйно табышмагын
Таппайсыңар дегендей күлүп коет.

Ким түшүнот максатын булуттардын,
Ким айталат шамалдын барар жерин?!
Кандай болот оңү-түсү чыккан жандын,
Кантип жыгып жүрүшот Өмүрдү Өлүм?!

Жылдардын бир жылында жылдыз кечип,
Жымыңдаган нур мисал жылт-жулт этип,
Жер жердигин унутуп кометадай
Космоско учуп кетерин даана сезип, —
Турган оңдүү туңгуюк күлот бала,
Күндү уялткан мамасын сорот жана.
Бу дүйнонүн амири сенсиң, сенсиң,
Ушул дүйно жарашат сага гана.

II

Түшүргондой суугa баланы
Түшүргүлө комуз күүнө.
Суу — тазанын жеткен тазасы,
Күү — күлазык өтөр өмүргө.

Бешик ырды улам угузбай
Угузгула кошок кээ бирде.
Татаал нерсе болбойт турмуштай
Даяр турсун баарын көрүүгө.

Жашоо турбайт жалаң күлкүдөн,
Билсин күндүн түнү болорун,
Каалагандай өссүн өмүрдө
Чыккынчы жан гана болбосун.

Кудай берген ушул баланы,
Колдоп ата-баба арбагы, —
Күргүчтөнсүн күчү кандагы
Кыргызынын болсун ардагы.

## ЫСЫККӨЛГӨ БООР ТОЛГОО

Жалт-жулт этип кереметтей нурланып,
Кумда туйлап жаткан көк көз бул балык —
Балык эмес — чыркыраган көл жаны
Суу — деп өлүп бара жаткан кыйналып…

Кырдан учкан кыргыекче дүрүлдөй,
Кыйкырабыз күйүнүчкө күйүнбөй.
А Ысыккөл азайгандан азаят
Азайышкан салтым менен тилимдей.

Салган куштар самаганды алгандай,
Салып уруп баратабыз дардаңдай.
А Ысыккөл томсоргондон томсорот
Жыйырманчы кылымдагы армандай.

Как жүрөккө тийген огун ок дебей,
Кайра бизге өмүр тилей, бак тилей,
Кайран көлүм күчтөн тайып баратат,
Кан аралаш сүт эмизген энедей.

Ай-ааламда мен дегенсип бир гана,
Чалкысын көл чар тарабы нурлана.
Сен жаныңдын көлүн булга, а бирок
Ушул ыйык көлдү эч качан булгаба!

Элим жакшы жоруктарды жорукта,
Көп кетирген кемчилигиң толукта.
Жалаң гана кыргыз эмес тарыхтын
Көзү болуп калган көлдү солутпа.



## КЫДЫРНАЗАРОВДУН БОЗОСУ

Эчтеке көрбөгөндөй
бозоңду шимиришет
ичкичтер катталбаган
жана дагы катталган.
Кыбасы канган кемпай
алалбаган өчүн эми алган өңдүү
бой керип, бозоңо баа
берип күлөт:

«Не болмоксуң
кооператив болбогондо?!
«Жашасын кооператив
күү бакпаса — багат бозо,
ха-ха-ха, багат бозо!»

Күү черткен кол сүзөт бозо.
Бозо болуп куюлат уят кошо.
Мен ичпейм бул бозоңу,
ким ичсе куйкалансын тозок отко.

Өтүгүн майрык баскан милициянын
пенсиясы сеникинен үч эсе көп,
өмүр бою пара алган соода башчы
пенсияда,
үйүн көрсөң, тим эле
хан өңдөнөт,

өмүр бою кыл тырмаган сенин үйүң
ат кирип, ит чыккандай,
айтамын кимге теңеп?!
Ооба, абаке, бозоңду мен
ичип жаткан кишилердин бетине чачкым келет,
анан какшап айткым келет:
«Хан Бакайды төө кайтартып койгон өңдүү
уят, уят карыганда комузчуга
бозо сат — деп койгонуңар!»

Айткандан эмне пайда?
Азыр ырдан арыз жазуу пайдалуу — дейт,
чоңдорго арыз жазгым келет:
«Комуз черткен колду бир аз барктагыла,
күү көчүнүн акыркысын
сактагыла.
Күлүккө жүк артпагыла!…»

## ЖӨРГӨМҮШ

Бир макулук кулак тешип чыңырды,
ыргып турдум мен токтотуп ырымды.
Желесинен желип чыккан жоргөмүш
чыркыратып соруп жатат чымынды.

Байкуш чымын жан соогалайт, чыйылдайт,
жөргөмүшкө ал аяныч угулбайт,
сорот, сорот — улам келип бир сорот,
соргон сайын чымын алы кыйындайт.

Көрөр күнү, ичер суусу бүтөрү
анык болуп, алсыз чымын сүйлөдү:
«Күнөөм эмне, жазыгым не, айтып сор…»
«Бирөөлөргө жем жараткан бирөөнү —

сенин күнөөң курсагымдын ачында,
сереңдебе, чыйылдаба, бакырба, —
алмустактан алы жокту алдуу жейт
так ушундай болгон, болот дагы да…»

Жашоо заңын дайым билип жүргүн деп,
жөргөмүш тез жүрүп кетти дүгдүңдөп.
Чымын көзү тунаргандан тунарып
өчкөн жылдыз сыяктанды бүлбүлдөп.

## ЧЫМЧЫКТАР

Аялдай согончогу канабаган,
дарактар соолуп калган,
куурап калган,
аларды уйкусунан ойготом — деп
күркүрөйт күн таң заардан.

Ойгонбойт алар андай күркүрөккө,
кагылган мүйүз окшоп жерден көккө
какчаят.
Чер токойдун көлөкөсү
муунтам деп түшөт чопко.

… Дүмүрлөр жайнап барат ак жылдыздай,
чымчыктар чыркырашат уя таппай,



балбылдап бараткан Ай
байкуштардын
молт деп тамган көз жашындай.

Чымчыктар учуп-учуп акырында,
конорго чырпык таппай чарчаганда
уясын сала коюп балапандайт
токойчунун таз башына.

Уккандай:
«Уямды таап бер» — деп
чокусун улам чокуйт турган тердеп,
саналуу чачын жулат —
чач курусун
мээсин чачат «мээ эмес» — деп…

* * *

Сепилиң кылымга деп курган
урап,
кум болуп бир мезгилде жатар кулап,
жылдардын жылдарында: «Мында сепил» —
болгон куш сайраса сайрап турат,
а да жок сайрабаса. Зуу-зуу этип
муундан муун улам убап-чубап
баатырбы, же байкушпу
боор оорутпай
жээкти суу жуугандай тыйпыл кылат.
…Ар-ар ким ак шайыдай аткан таңды
биринчи ал коргонсуп үйдөн чыгат,
эч бир жан ага окшотуп отпогондой
махабат маңдай жарып кубандырат,
оңүлдөйт олбочүдөй төштү керип
бирок мезгил бир күн алып тынат,
атак-даңк, алтын-күмүш оопа болбой
асмандан чымын жандын чаңы чыгат,
куу мезгил куюп болуп кууйт баарын
кубанычың көз ирмемде унутулат,
куш сайрап, кумурскалар бирин бири
кучактайт тирүүлүктүн көчүн улап,
айланкочок айланып калган дүйнө
ата болуп арначы маа аруу кубат…

Жүрөк ооруйт,
сыздайт жүрөгүм,
ойлоп, ойлоп ушул дүйнөнүн
бүгүңкүдөн эртең коогалуу,
күйгүлүктүү күндөрүн.

## КОСМОСТОН КАЙТУУ

Жашоо аңдап жылдыздардан, —
шумкардай канатынан тер куюлткан,
кулак түрүп тунжураган жымжырттыкка,
шукшурулуп учуп келем парашютта.

Көзгө сайса көрүнгүс түн.
Жан жагымдан жаңырышкан жапайы үн
үрөйдү алып жан мыжыгат.
Медерим жер энекемдей
мени тосуп качан чыгат?!
Качан чыгат?!

Таң атпастай кайра дагы,
түн сезилет чексиздиктей,
шукшурулам Жерге жетпей,
Жерге жетпей...

Оо, Жер Эне,
мен келгенче
күнүлүштөй балдарыңдан
күлгө айланып калдыңбы же...
же кайтпаган зор каргышка
кабылып сен,
жели чыккан топ сыяктуу
«бышш» деп жексен болдуң бекен?!
же огуңдан тайып кетип,
ааламдагы сан жылдыздан айырмасыз
маңкурттанып эч максатсыз,
каңгып учуп кеттиңби же?!
Оо, Жер Эне...

Балапанын соруп салып,
уясында уйкусурап
ажыдаар жаткандыгын



билсе дагы уясына шукшурулган
алпкаракуш сыяктанып
мен өзүңө шукшурулам
Оо, Жер Эне...

Түш тарабым капкараңгы кара туман.
Же шамалга айланып кеталбаймын,
артат кайгым...

Болобу таянарым
болсо экен таянарым...

## НЛО

Элчисиндей сыйкыры күч дүйнөнүн
от коюшуп ойлорго —
келбестиктен
келет бизге
НЛО
суроо болуп суроого.

Таң калуунун тарап, тарап тамырын,
өзгөрүүнүн билейин деп аныгын
түпсүз түштөн түрүлүшүп келишет,
нурдай минип Жерге деген сагынуун.

Биз көрбөгөн бизди көргөн көзү бар,
акылы бар айтпай айтып туруучу.
Биз билбеген сыйкырынын сыйкыры ал
ичиндеги арам оюң туйуусу.

Кайдан келген кубулжуган кудурет?
Жер сезбеген кереметти сездирет.
Биз аларга балабызды?..
Болбосо
биздер барбай, не биздерге ал келет?!

Ушул булут, жааган жамгыр себелеп,
ушул тоолор, ушул куштар керемет.
Жер шары эмес ааламдагы жылдызды
билүү керек бир бүпбүтүн дене деп.

Жаңы, жаңы жакшылыкка умтулган,
жаратылыш жаратылган сыйкырдан.

Неге айланат,
кайсыл жакка
барышат,
кокүроктон чырр — деп чыккан чымын жан?!

Сезимдерим ириңдеди, козүм май,
тайраңдаймын тарых созүн мен укпай
коз откон соң эмне болсо шо болсун
калса мейли чоп чыкпай…

Элдин элге таарынычы жазылбай,
Жер шары учат наристенин башындай.
Аны бардык жамандыктан НЛО
колдо, сакта шорун кайра катырбай…

* * *

Мурдагыны айтпайм, жаңы эр адан
миң тогуз жүз токсон делет санакта,
ушул күндо ушунча жыл жашаган
кишилердин элестери каякта?!

Айтчы алардын аруу жаны каякта,
абадабы же оттобу, суудабы?
Элестерин тартканыбы заматка,
торт мезгилдин алмашылып турганы?

Кеткендердин кебин угуп жаткандай
кечке тиктейм аккан суунун шылдырын.
Алар мага болот кашын каккандай
карай калсам жагылган от жалынын.

Жылдыз болуп кеткендердин коздору
мени тиктеп турган окшойт тобомдон.
Кеткен эмне кеткен бойдон кетеби
же келеби бала менен торолгон?

… Бүгүн бармын, эртең жокмун, шум дүйно
шуулдатар шумдуктарын токтобой
чын келдимби, калп келдимби омүргo,
а чын келсем турбайм эмне жок болбой?!



Турбайм эмне, калбайм эмне, бар болуп,
бу жалганда мындан башка жол жокпу?
Жымырылып жылган жылга дал болуп
мени бироо кийин мендей ойлойбу?!

## ОО, ЭНЕНИН КУДУРЕТИ...

Тумшуктууга чокуттурбай — бала — деп,
түшүп берген жалынына, чогуна —
оо, эненин кудурети
озүңсүң
жаргылчактай жерди айланткан огунда.

Оо, эненин кудурети
озүңсүң,
кырк жыл бою кыргын согуш болсо да —
тилек менен, дуба менен жаандай
жааган октон тийгизбеген уулуна.

Оо, эненин кудурети
озүңсүң,
кармап турган элдин элдей элдигин.
Ыйыктардын ыйыгынан ыйыксың
уул-кызың сен деп жасайт эрдигин.

## АПАМ ООРУГАНДА

Угуп алып оору экенин апамын,
Уу жуткандай убайымда капамын.
Ден-соолугун тилеп-тилеп ыр жазып
Ырларымдан дары жасап жатамын.

Ай да жалгыз, күн да жалгыз ааламда,
Сен да жалгыз бу дүйнодо балаңа,
Эч кимде жок жылуулугуң жиберип
Жылыта тур, уул-кызыңды, жан апа.

Коктү тиреп турган ушул тоолордон
Чыканактай болгон тулкуң бийик, чоң.
Бу дүйнодо бир гана сен балдарың
Келечегин ушунча кең ойлонгон.

Сен бар кезде эч бир суук сезилгис,
Сепилимсиң сексен кылым кетилгис,
Күлүп турар дүйнөм түгөл, баш эсен
Куштай учуп кеткениңде жетимбиз.

...Апакемди айыктыр деп оорудан
Күндөп-түндөп тилек тилеп олтурам.
Айдай жаркып, күндөй күлгөн апаке
Качан барып, эми качан кол сунам?!

## АЙЫЛГА БИЗДИН ТОО ЖАКЫН

Тизилген ак там шурудай,
айылга биздин тоо жакын.
Жаз сайын жапжаш сулуудай
жалындап чыгат жоогазын.

Ырыстай чоң суу шаркырап,
ыр ырдап турса чөптөрү,
кайрылып кеткен ырахат,
өмүрдүн келет өткөнү.

Жешилбес жээги кызыл таш
түшкөндө «Ташкөл» көлүңө,
кырк кылым өтсө кыйшайбас
кыян күч кирет демиме.

Келгин куш кайра келсе да
балалык бизге кайрылбас...
Муундан улам муунга
мурас бол өзүң дайым жаш.

Чырпыгың тургай камышың
бутагы беймаал сынбасын,
бийиктей берсин намысың
жолуңда бөгөт турбасын.

Сен жери ата-энемин,
турпагы алтын тууган жер —
өзүң деп гана келмекмин
өлүмдөн келсем мен эгер...



## ТУУГАН ЖӨНҮНДӨ

Тууганым коралбайт деш жалган, ката,
Туугандын турпагы алтын деген туура —
Күнүнө эт жегендей семиремин
Тууганым «тууганым» деп берген сууга.

Туугандын кээ бироолор жаман корот,
А бирок туугандардын жону болок.
Агайын жолдоштор көп жакшылыкта,
Күн түшсө, тууган калат башың жөлөп.

Мен бастым тоо, талааны, кумду, ташты,
Ошондо билгеним бул көппү, азбы?!
Жалдырап жаттын колун караганча,
Урса да тууган асыл, тууган жакшы.

Алдына коюп алып зор максатты,
Элдерди дос кылам деп акын жазды.
Элдердин дос болгону жакшы бирок,
Туушкан болуп алса андан жакшы.

## БАТКЕН

Баткен тоосу окшош Памир тоосуна —
бийиктиги, тулку, тунган байлыгы.
Пил жондонгон кум куушкан куу жондо
куюндаган кылымдардын ай-жылы.

Таштак жерде жашагандын дүйнөсү
таза болот колдүн акак ташындай,
жайып салып дасторконго тапканын
айтып берет аруу сырын жашырбай.

Бийик жердин жигиттери башкача —
акылга бай, андан да бай кайратка.
Намыс десе — аттабаган нанды аттап,
окшоп кетет күркүрөгөн дайрага.

Кечээгинин кереметин сыңары
келберсинип бутак керет чынарды,

кесип айтсам кеткенде эмес — Баткендин
келечекте ырдай турган ырлары.

Башкармага бербегенин акынга
сунуп турган өнөргө кул калкыңа —
каалайм, каалайм как жерге оскон өрүктой
өжөрлүктү, назиктикти дайыма.

## КУРГАКЧЫЛЫКТА

Тамчы деген бир тамбай,
Талаа болду супура.
Куюн кудум жылаандай,
Кут учуруп учууда.

Көчө күйүп анан да,
Көпүрөлөр акактайт.
Көтөрүлүп асманга,
Көзү кургап куш кулайт.

Сызгырылды таш майдай,
Айдагы жез кемпир да,
Эч айласын табалбай
Жал-жал тиктейт биз жакка.

Тер чыпылдайт денемен,
Телефонум чалалбай —
Чабалактайм, тээ колдон
Чокко түшкон чабактай.

Жан кашайып жанатан
Дем кысылып ич ысып,
Алдан тайып баратам
Атом меште тургансып…

## СУКТАНУУ

Куштарын кубулжутуп
кудурет үнүн угуп
көзүн албай көк асмандан
уйкуга магдыраган



токойду селт эттирип
жалт караткан
иш болду бир ажайып, —
батар күндой
балбылдаган
балтырынан нуру жанган
кермарал келбетинен
керемет күлкү тамган
жалт этти бир ак келин
бадалдын арасынан.

Тыноо какпай калды дайра —
дал болду
сайраган куш,

укмуш, укмуш
жомогун жобурады
канжыга жол.

Таманында
калган чөптөр
тура калып:
«Кеттим ысып, кеттим ысып
кереметпи бу не кызык?»

Аны артынан
башын буруп карап калат
ичтен сызып…
…………………………

## МЕН УШУНЧА ИШЕНЕМ

Эстелиги окуучулук кездердин,
Бир чыйбыл кыз кол кармашып жүргөндө:
— Оорукчансың,
оңолосуң
энемдин
Каймагынан алып келем — дечү эле.

Кез болбостур студенттик кездердей
Жарык кабак жайдары кыз кебелбей:
— Атам аңчы, эски шапкең ыргыткан
кийгиземин — дечү, кундуз тебетей.

Бирге иштеген бадыракай бир кыздын
Балбал көзү батар күндөй нурланчу:
— Лотерейден утуп алсам «Волганы»
байкем эмес сизге берем — деп калчу.

Ойлойм кээде,
алар кайда жүрү экен…
Ичирчү да, кийгизчү да, мингизчү
кишилерин таап, жаным, —
бир деген
кептерине келсе керек күлкүсү.

Укканыма боломун мен ыраазы,
Жыргап жашап жатышты экен ким менен?
Мен ушунча,
ишенемин
бүт баары
ушул сөздү айтканына жүрөктөн.

## КҮЗ

Чоң энемдин жомогундай эсеби жок
сары жалбырак улам учуп, улам токтоп —
кыйкуулашкан каркырадан калбачудай
балпаң-балпаң секиришет бакага окшоп.

Жан жагымда жашыл түс жок, коңур бүтүн,
үй морунан үлп-үлп эткен коюу түтүн,
жоо тумандан үзүлгөндөй
ийрелеңдеп
жоо туманды кууп барат жетүү үчүн.

«Өмүр күзүм качан келет?!» ойлуу турам.
Кайып болгон качанкынын үнүн угам.
Жыпжылаңач бак-дарактар калч-калч үшүйт
чоку карын айыл жакка сүйрөйт туман.

«Жарандарым жакшы кал» — деп айтып дува,
жай куштары кайтып барат жылуу жакка.
Канча убакыт калгандыгын ким айталат
куштай учуп кайра мында кайрылбаска?!



## КАНЫМБҮ

Канымбү, кароолонуп күйгөн шамдай,
оорудуң, мен да оорудум уктай албай.
Ойронуң — арзып тийген, качып тийген
как башын чапса эмне
сени чаппай?

Жарым жан кылды жарың үйүңдөсүң,
аз-аздан арман ыштап күйүүдөсүң.
Жүрөкко — ийне менен бир сайгансып,
көзүмө келе калат бала кезиң. .

Эрке элең аппак төөнүн тайлагындай
көзүңдүн агы менен тең айланмай,
анан да атам айтчу: — Бу дүйнөдө
болбойт — деп боорукерден карындаштай…

Боорукер болдуң, болдуң баарыбызга,
биз эмес, тууган эмес, айлыбызга.
Бир чыкса сенден чыгат деп калганбыз,
туз буйруп биздин үйдөн жакшы чыкса.

Жазмыштын кылганына айла барбы?
мына эми сенде кайгы, менде кайгы.
Торт кызың торт жагыңан чыр-чыр этип
кетирет жан айлаңы, жан айламы.

Селейип муңга толгон жүрөктү әзе,
секирип кимдер бирөө «жинди» десе —
серпилип ушу колум
алкымына
карышып калуучудай көз ирмемде.

Титиреп тим боломун боор толгоп,
тилекти кыздарыңа тилейм болжоп.
Жашаса бу дүйнөдө жалаң эстүү
ааламды астын-үстүн кылып коймок…

Андыктан «жинди», «соо» деп өлчөгөн чен
күн менен түн сыяктуу — бирдей, тептең.
Бул турмуш жылбай калмак орунунан
эгерде соо көп болсо жиндисинен…

...Жакшы соз мен укпаган жеңекеңен,
каралдым, сен каяктан укмак элең?!
Эч качан жинди эмессиң! Жинди болбойт
эр чанган кызын чанбай багып келген.

Чала жан, чала тагдыр карындашым,
болбосун ыр жазганым — сенин бактың?!
Куш болуп бир озүңо учкум келет
суу болуп сен тарапка келет аккым...

## АКЧА ДЕГЕН

Акча деген жалбырактай жайнап жатпайт,
жана аны бекер бербейт эч ким сага,
түгонгүрдүн табылышы азап дагы,
жоголушу — бир заматта.

Кор дүйнонүн жолу кыска, жолу башка,
бийлик жетпейт акча жеткен кадыр-баркка,
керек кезде жанды олүмдон алып калат
олгонго жан салбаса да.

Алкты агытып кор дүйного коз кызартпа,
эч ким анын жеткен эмес акырына.
Кашайгырдын жакшы дечи коп болгону
ата болуп бербесе да...

## АКЫЛ

Алба жолдо алтын жатса,
арзан алтын куруп калсын,
арзанды сен кубаласаң
агат бир күн ырыскысың.

Сен эскини сатып алба,
эски буюм кандай болсо,
так ошондой эскиресиң
ийниңе аны салганда.

Жолдон таап алган саат,
эч убакта туура жүрбойт,
эгер туура жүрсо дагы,
такыр туура корсотпойт.



Жашап ушул жарык күндо,
ушул жашка келгени мен,
анык билген акылым шул
аткар аны мен десең...

## ТҮБӨЛҮК ОТУ ӨЧПӨГӨН КОЛОМТОДОЙ

*Акын Турар Кожомбердиевдин эстелигине*

Алпейим, эр кокүрок, чалагайым,
Жашы улуу, жаны курбу агатайым,
Баланын балбылдаган козүно окшоп
Өзүңдү тиктеп калды «Колчүкто айың».

Бироонүн мактоосуна мажбур болбой,
Ырларың так озүңдой элиңди ойлой.
Жылытат муундардан муундарды
Түболүк «Оту очпогон коломтодой».

Бу жашоо жадаттыбы экоон кысып?!
Өтүштү Жолон, Турар катар учуп.
Атажурт ыры аңгырай түшконсүдү
Кеткендей бир кезекте Жоомарт, Жусуп.

Ишенбейм турар, Жолон козүң жокко,
Ырыңар күйүп турат окшоп отко.
Кабыргам кайышканы билбегеним,
Капилет кабылдыңар кандай окко?!

Оо, Туке, жанып келбес кыргыз элге,
Талантың келбетиндей кең, зор эле.
Сен эмне, мезгилиңен эрте кеттиң,
«Жолон дос, жалгыз коркот!» дедиңби же?!

Оо, Туке, акын ага, асыл курбу,
Жүрокко салып кеттиң кетпес муңду.
Өзүңдүн атың менен бирге аталат,
Кыргыз ырларынын бир учуру.

Элесиң коз алдымда опол тоодой,
Оо, Туке, ырың дагы дал ошондой.
Жүроктон жүрокторго жана берет,
Түболүк оту очпогон коломтодой.

* * *

Күйөөсү өлгөн
аялды
караганда
барабар эт жүрөгүм канаганга, —
жер жарылып кеткендей
дүйнөм куруп
каңгырап калгансыймын ай-ааламда.

Алпчыккандай ак боекко мала салып
күнгө жетпей капкара чачы агарып.
Бул аял —
күйгөн дарак бутагынын
бир бутагы аман калган күйүп барып.

Ок жеген чаарчыктай
онтоодо жаны чыкпай,
кайнаган суусу — муздай
жайнаган жазы-кыштай...

Бул аял — солк-солк этип ыйлап турган
гүл мисал добул урган,
оо, дүйнөдө жолдошуңа жолугасың
дегенди укса
болот курман.

Салмагын көтөргөнсүп заманынын
сабыры суз күндөрү өтөт дагын.
Күн нурундай жетелеп жүрөт аны
күйөөсүнүн каткырганы.

## ЭХ, БАЛАЛЫК

Көчөдөн көчө күйүгүп,
көпөлөк кууп сүйүнүп,
оюндун жаагын айырып
ойдо жок оокат тирилик,
уйкудан башка жоо болбой,
уй айдап, кээде жол бойлой,
сен келин, эри мен болуп
сексеңдеп кечке той тойлой,
чердейтип алып курсакты
делдейтип эки кулакты,
алдейлеп бала бакчу элек



ата-эне болгон сыяктуу.
Дасторкон жайып жайнатып,
далбастап чайын кайнатып,
даамдын койсоң түрлөрүн
сонунун сага карматып,
мойнуңду бери имерип,
бетиңен ооп жиберип
чоңдорду туурап: — Өмүрдө, —
дечү элек, — ойлоп күлөлүк...

* * *

Эрди жука, мурду узун
Аял болбой курусун.
Бүт дүйнөлүк согуштан
Узун баштайт урушун.

Жайраласың аргасыз,
Жашын мейли жашынба.
Уун чачса пайдасыз
Противогазың да.

Айтпайт уруш бүттү — деп,
Ага керек келишим:
Тиктегенде титиреп
Тизе бүгүп беришиң.

Желегиңди көтөрүп
Жеңилсең да жебирейт.
Түндүктөгү муз мухит
Эрийт, а бу эрибейт.

Күчүнө күч теңелбес,
Аял зор күч коомдо.
А бу кокуй эри эмес
Колун кезейт ООНго.

## СЕЙДИБАЛЫ

Сейдибалы, сен окуткан бала мына,
Калың журтум, калыс болуп карагыла.
Чачы ийинде, чылым тиште, чалчык кечип
Ылжып алган «Москванын арагына».

Сейдибалы, сен мектептин мугалими,
Кечөдө ичип, турбай калдың кечээ күнү.
Бала короз: — Базарбайдын агайы — деп
Кулкулдаса районго жетет үнү.

Дары дешет кымыздын бир маалкысы,
Маал деген сенде болбойт жайы-кышы.
Балаң кантет, аны билбейм айыл жадайт:
— Башталды деп баягынын баягысы.

Сени туурап окуучуңдун ичип кобу,
Чыгып жатат чекесинен «онорлору»,
Беш жылдыкты мындай койгун, беш айлыкка
Беш жыл болду, окуучуңдун бир отподу.

Жыргал заман, турмуш жакшы, айыл аман,
Мектептен да буфет жактан калчылдаган —
Сенин башың коп коргондон Сейдибалы,
Кайсы жерде иштериңди билбей калам...

* * *

Бир бассам жүрок туйлап озүнчо эле,
колуңду  кармай албай жүргонүмдо,
киного кирсек баары обүш экен
ошондо от чачырап бүт денеме, —
чыкканча шаштым кетип оо, дүнүйо,
бет күйүп жети омүрүм жерге кире,
келатсак... Аллеяда обүшкон жыш
коймолжуп колу артылган ийинине,
сестентип кытыгылуу назик үндү,
сен болсо адымдайсың ишенимдүү, —
корунуп озүмдү озүм тилдеп барам:
«Ким ойлоп чыгарган — деп обүшүүнү?!

* * *

Ырларын ырдап ашыктын
ыйбаада тиктеп жүзүңо,
озүңдү ооп жатыпмын
оңүмдо эмес түшүмдо.
Куштары жарык дүйнонүн
куушуп сайран кургандай
жаңырып жан жак. Жүрогүм
жарылып кете тургандай...

«Өңүмдо опсом кантемин»...
ой ойлоп кетсем бирерде
чекемен чыгып жан терим,
жер таппай калам кирерге.

* * *

Шатыраган жамгырдын ар бир тамган
тамчысына атыңды айтып чыгам —
айтып чыгам: сүйгонүм сага окшош дейм
анан жамгыр
бийин бийлейм,
бийин бийлейм
ийрелеңдейм —
каткырамын кайгы билбейм.
Сүйгонүм сендей таза
Сүйгонүм сага окшош дейм.

## САГА

Аккуунун канатынын арасында
өскөндөй өңүң аруу, өңүң жылма,
өмүрдүн өкүнүчүн өрттөчүдөй
өпкөнүң жан жыргатат миң кылымга.

Сен үндөн жаралганга ишенемин,
бир укмуш күү чыгарат чыккан демиң,
канымда калып калат кайрык болуп
кандай деп кабарымды алган кебиң.

Дүйнөнүн көркү сенсиң, шаңы сенсиң,
ырымдын ырдап турган жаны сенсиң.
Түн көккө жылдызым деп кадап алат
ботодой көздөрүңдүн ар ирмемин.

Жеткенде кубангандай көлгө булак,
кубанам кучагыңда жыргап-куунап,
жүрөгүң Адам Ата жаралгандан
бержаккы арзуу ырларын ырдап турат.

Ааламдын желаргысы, шамалында,
болбогон бир жытың бар жамалыңда.
Арманым болбос эле ошол бойдон
ошол жыт калып калса ырларымда…

## КӨРГӨН ЭМЕС — ОЙЛОЙ КАЛСАМ

Ала-Тоону магдыратып жыргалга,
жаап салган кыштын кымкап карындай
жаап салдың жан дүйнөмдү
башкага
көргөздүрбөй, көз арттырбай, таанытпай.
Гүлдү тандап алган өңдүү көөзүнан
тагдырыма ыраазы болуп олтурам.
Элжиретип эриткени эриткен
эмне чыкса оймокко окшош оозуңан.

Делбирлигин ким көрүптүр мындайдын?!
Деги, деги болбогондой бир кайгым,
көпөлөктүн канатындай дирилдеп
көргөн эмес — ойлой калсам жыргаймын.



Сүйүү деген сөз окусам
жамалың
көз алдыма келип, оттой жанамын,
жылдыз маңдай жытың анан мас кылат,
жытына окшоп балтыр бешик баланын.

Татына деп тааныштарым таң калган,
таттуу күлкүң мага гана арналган.
Тазалыгың менен мени жашартчу
табиректей кудуретсиң карманган.

* * *

Пахтадай жумшак алкымың,
Элестей түшүп көзүмө —
Жагоодой болгон жаркыным
Чуркагым келет өзүңө.

Лола жыт, жагым лавизиң,
Жанымдын жармы өңдөнөт.
Өзүңдөй жарым бар үчүн
Жашагым келет дагы көп.

## ОШОЛ КҮН

Кыялга келбей эч нерсе,
кылгырып турган кездерде,
кыйналып кетип…
жанымдан
жан бөлүп бергим келчү эле.
Жалынчка толуп жан жагым
жан эрип…
айтпайм ар жагын,
суранса берип ийчүдөй
өмүрдүн дагы калганын,

Жутулуп укмуш дүйнөгө,
дарман жок бир өөз сүйлөөгө,
кудай ай, кана кудурет
кирпигим өөдө ирмөөгө…

Кылымдан кымбат мүнөтү,
ошол күн кандай күн өзү?
Ай менен Күндөй балбылдап
ааламда калган сүрөтү?!

## КАР ЖААГАНДА СЕНИ ЭСТЕП

Сыр айткансып кишисине жанга ынак,
Жаап жатат калпактай кар балбырап.
Сен алыста экениңди эстесем
Мага дүйнө калган окшойт аңгырап.

Оюма окшоп учу-кыйры көрүнбөй,
Жаайт жаш кар бир-биринен бөлүнбөй.
Бу жарыкта көңүл болбос жаркыным,
Сен деп учуп эргип турган көңүлдөй.

Аппак болуп жаап жаткан бул кардай,
Сени ойлоном жаман ойго булганбай.
Бу дүйнөдө жыргал болбос алтыным,
Өзүңдү эстеп жыргап турган жыргалдай.

Аеолуусуң — элеңдеген эликтей,
Арууланам түшүмдө да сени издей...
Өпкөн сайын эт жүрөккө өрт кеткен
Өбүш болбос экөөбүздүн обуштой.

## СЕНИ ОЙЛОНУП

Сени ойлонуп атар-атпас ак таңда,
Мен уктабай сарууланып жатканда,
Айдарым жел атыр жытың апкелди,
Ах, жытыңдан, жыт жок мындай эч жанда.

Кереметтин керемети ушунда,
Ким кабылган мындай укмуш учурга?!
Жытың жыттап жыттагандан магдырап,
Жыргап барам уйку-соонун тушунда.

Кечээги күн, маа туюлуп түшүмдөй,
Күлгөн күлкүң ыр өңдөнөт бүтүндөй.
Кайрычудай жыл уурдаган жыргалды
Жытыңды мен сылагылайм жүзүмдөй.



## СЕН

Буладай жумшаксың,
булуттай жеңилсиң,
ырларга ыргаксың
ырыска шериксиң.

Гүл гүлүн ачкандай
назиксиң ак таңдай.
Кумарың кужурап
куш сайрап жаткандай.

Тунуксуң, тазасың
булактын суусундай.
Карашың булуттан
чыккан күн нурундай.

Сезбеске аялсың
сезгенге өмүрсүң.
Билбеске келинсиң
билгенге теңирсиң.

* * *

Көзгө сайса жан көрүнбөс зындангa
күлүп келген жарыктай —
келдиң мага,
келгениңден болоюнум,
кел, келе гой,
жаш ботой.

Көзүң көрүү кандай жыргал,
лавизиңди угуу жыргал андан да.
Кубанычтай кубулжуйсуң
кубулжуйсуң куп кана.
Карегиңде алпейим,
ишенчээктик дайыма
так өзүңдөй сезим төрөп
кан кошконсуйт каныма.

Үн жок, сөз жок сени тиктеп
ооз ачпай жон эле —
олтургандын жыргалына
жетпейт эркем, эч нерсе.

Асман менен үн алышып
ырдап турат бүт денем —
көздөрүңдөн балбылдаган
сөздөрүңдөн «Сиз» деген…

Ууз жыттуу ушул колуң
кармабаса да бирөө —
арманым да, өксүгүм да
болбос эле өмүрдө…

Ойлоп турам ушуларды
билбейм эмне оюңда?!
Ал жок менде түшкөн чачты
ойдо сылап коюуга.

* * *

Суу билинбей бууга айланат,
А обүшүм ырга, ырга —
Оо, жарыгым, жарык күндүн
Жан жыргалы кучагыңда.

Кут киргендей кубандырган
кучагыңдан болоюн ай.
Дүнүйөдө кызык болбос
сенин ушул кызыгыңдай.

Көрсө көңүл көкөлөгөн
когүчкөнүм — алтын канат,
мен өзүмдү күндөй сезем
турганымда сени карап.

Мен макулмун бардыгына,
айтканыңды угам, угам:
Өлгүн десең өлөмүн да,
көрдөн чык де күлүп чыгам.

Айлардын бир айларында
айланышат аска-кумга.
А мен сени унутпаймын
эч акым жок унутууга.

Келбес жерден сен деп келем,
айланышат бул кум-тоого.
А мен сени ойлой берем
убакыт жок ойлонбоого…



## ЭЛ УКПАГАН ЫР ЫРДАЛЫП КАНЫМДА

Бассам-турсам элесиңе жалынам,
китеп окуйм кутулууга аныман.
Кайда унутмак! Кайра тамга, сөздөрдөн
эсим ооп элесиңе чалынам.

Башкада жок бал сөзүңөн, назыңан,
аласалып адашамын акылдан.
Эт жүрөгүм эзилгенден эзилип
эркелегим келет сылап чачыңдан.

Басканыңда, же уктаган чагыңда,
көрүнбөгөн киши болуп жаныңда,
жүзүң көрүп жүрөгүмдү дарылап
жүрө бергим келет, келет дайымга.

Эл укпаган ыр ырдалып канымда,
мен турамын алоолонгон жалында.
Жаштыгыма кабылганга сүйүнөм
жашыл гүлдөй жаңы ачылган чагыңда.

Бал-бал көзүм бал сөзүңө багындым,
үнүң угуп, келет кээде жаңыргым.
Азыр эле өзүңө арнап ыр жазып
кайра сени көргүм келип сагындым.

## УЙКАШЫНДАЙ УКМУШ СОНУН ЫРЛАРДЫН

Табияттын табышмактуу сырындай,
Жакшы акындын жаңы жазган ырындай,
Жаркылдайсың жашыл канат жаркыным
Жаш сүйүүнүн жалбырттаган туундай.

Өзүңө деп жүрөккө гүл өндүрөм,
Элесиңе эргигеним эргиген.
Бал-бал көзүм, кай жериңде кандай кал
Бар экенин эриң билбейт, мен билем.

Алоолонтуп, жагалдантып жаш жаның —
Ааламда жок аруу нурду чачканың.

Жарың сезбес — ар күн сайын албырып
Ай кучактап, Күн кучактап жатканын.

Эс тандырат ак жубардай эки бет,
Жолукканда айтар сөзүм бекинет.
Ыйлаганың эриң туйбайт кылымдан
Үшкүрүгүң угуп жүрөк эзилет.

Айды койгун, күн көрүшпөй калганда,
Көңүл күйүп, жүрөк күйүп арманга —
Кыйналамын, куруп кетсин кыйналган
Саруулантып сагыныч эзет андан да.

Уйкашындай укмуш сонун ырлардын,
Кир кол менен кармагыстай бир жансың.
Бу жалганда сен болбосоң мен байкуш
Өтмөк экем жытын билбей жыргалдын.

Жүрүптүрмүн мурда эптеп жан багып…
Үнүң, жытың каным менен айланып,
Канат болуп калкып учуп баратам
Токтоор бекем самолеттой жайланып?!

## КӨЛ СЕНИН КУЧАГЫНДАЙ НАЗИК, ЖУМШАК

Көл сенин кучагындай назик, жумшак,
кулаймын, кучагыңа жыргап-куунап,
кудай ай! Неге мынча кереметтүү
келаткан жапжаш толкун күлкүң туурап!

Оштоном, көңүл көктө, оюм сенде,
от болуп сагынычтуу ырым желде,
өзүңдү өпкөн эмес, сүйлөшкөнгө
өзүмдү теңеп-теңеп кемеңгерге —
келберсийм,
сенин барың кандай бакыт,
каткырып кучагыңа кучак жазып,
унутуп бу дүйнөдө барды-жокту,
атыңды айтып ийем уктап атып…

жыргалым, жыргалыңа канбаймын го,
жыл эмес, кылым сен деп жайнаймын го.



мен кетсем сен жөнүңдө ырым калар
калгандай аппак булут Алатоодо.

* * *

Үч жолу сен түшкө кирдиң,
түшкө кирдиң үч жолу.
Мени ойлонуп жүрсөң керек
жылдыз санап түн боюу.
Кулач керип жеталбаймын
куш сыяктуу тордогу.
Ойлорубуз жолугушуп
түш болот го болжолу.

* * *

Түнү боюу ыйлап чыктым
ыйлап чыкты түн дагы,
түнгө эмне болду билбейм,
а өзүмө мурдагы —
күлкүң келди... шолоктодум
шолоктодум басылбай,
жамгыр мени коштоп турду
токтоп кайра катуулай.

* * *

Жамгыр жерге жалынгансып түн боюу
жаап турду бир токтобой, бир тынбай,
мени эсиңе алдыңбы, эркем, бир жолу?!
сен жөнүндө оюм ушул жамгырдай,
түнү боюу токтогон жок агылды,
убайымда уйку көрбөй, анан мен
шам чырактай жагып алдым жанымды
антың ырдай жүрөгүмдөн жаңырды.

* * *

Сабалап көлдөн өтүп, ашып тоодон,
абайлап алда-нени ойлонбостон —
айдыңым, бетиң сылап өпкүм келет
кош колум сунуп ийип телефондон.

Түшүнбөйм өзүмө өзүм, эмне болгом?!
кепбетиң кетпей түштөн, кетпей ойдон
керемет тамчы болуп молт-молт этип
тамылып барат сага телефондон…

## КОШТОШОРДО ИЧИМ ЫСЫП

Экообүз жолукканда
сүйлөшкөнгө кумар кана
убакыт жетпей калат атаганат...

Сагынычтын чети оюлбай
чети оюлбай кусалыктын —
коштошордо ичим ысып
бүркүттөй асманга учкум
келет дагы... туталанам;
убакыттын чагылгандай тездигине,
өчү бардай мынча зуулап,
мынчалык тез курган сагат
өтпөсө эмне, учпаса эмне?!
Таң атпаган, күн батпаган
убакыт болсо дагы
жетпестей экообүзгө,
сөзүм сансыз, сактап жүргөн
айтамын деп корүшкөндө...

Жолукканда жаңы көргөн сыяктанып
күйүп жанып,
кучагыма кысып алып —
көргөн сайын көргүм келет,
өпкүм келет өпкөн сайын
эмне болуп баратамын
айланайын...

## ЭРКЕ МҮНӨТ

Сен десем соомой жаным карыш кылам,
өрт болуп өөнө бою жанып турам.
Секетим, сени Айчүрөк, а өзүмдү
сеңселген Семетейге салыштырам.



Сөзү чын, өзү жалган дүнүйөгө
сен менен куйрук улаш келгениме
жана да башка эмес, так өзүңдүн
жайнаган жамалыңды көргөнүмө,—
жапжалгыз бактылуудай ааламдагы,
жанар тоо сыяктанып жанам дагы —
кайталап карегиңди карай берип
кабылам кайып ырга кайра жаңы.

Өмүрдүн сен табылбас дарысындай,
кучактап кучагыма алымсынбай.
эт жүрөк элжиреткен эрке мүнөт
эх, чиркин, турса эмне такыр жылбай…

## БИР КАРАП КОЙ

Мен кулуңмун кордугуңа чыдаган,
дарылыкка бир карап кой суранам.
жалжылдасаң жан жашарып,
сумсайсаң
суу жетпеген гүл сыңары кыярам.

Өмүр бою башын ийип салбырап,
өйдө тике карабаган жалбырак
сыяктанып турам сенин алдыңда
эмне кылсаң эрк өзүңдө, жанга ынак.

Элесиңди эсимден эч чыгарбай,
сен гана дейм, а сен ага кубанбай
мелтирейсиң…
антпей жаным бир кара
ал карашың жүрсүн менде тумардай…

## ЖЫРГАЛЫМДЫН ЖЫРГАЛЫНЫН ЖЫРГАЛЫ

Күлгөн күлкүң кереметке тең беле?
Ар күн сайын уккум келет эмнеге?!
Укпай калсам жалгыздыкка жанчылып,
Убай тартып, батпайм баткан бөлмөмө.

Оюм менен сени башка жаратып,
Ойлой берип оору болдум, оң азып.
Саа телефон чалбаймын деп чаламын
Сага барам башка жакка баратып.

Унуткарып махабатты мурдагы,
Ууз колуң чачым сылап турганы.
Ушул жарык дүйнөдөгү бир көргөн
Жыргалымдын жыргалынын жыргалы.

Аның ак сөз, биз өмүрдүн коногу,
Алдастатты ашыглыктын бороону.
Сенин атың айтып ырдап ободойт,
Обонумдун обонунун обону.

* * *

Балбылдаган батар күнгө чайканып,
Басканыңдан бактылуулук байкалып,
Баратканың башкача да, өзгөчө
Карап эле тургум келет тамшанып.

Келбетиңе кеменгердей акылың
Керемeттүү нур жаадырат, асылым.
Бу дүйнөнүн бүт байлыгы жетпестей
Баарына эмес бир талына чачыңын.

Жүрөгүңдө кандай сыр бар, ким билет?!
Жүз көрүшүп жылаажындай үлбүрөп,
Жыла берсең чуркачудай артыңан
Көлөкөңдүн алын сурап бул жүрөк.

Жаратканга ыраазымын көргөзгөн,
«Багып» жүрөм башкага ыраа көрбөстөн.
Колуң колго тийгизгенди мындай кой
Тартынамын тармал чачым «сен» дештен.

Сымбат мүчө, сыйкыр карек, тили бал,
Суй жыкчудай суктандырган жаш ыргал,
Сен дегенде оттой күйүп сыртыңдан
Сүйгөндөрдүн бири менмин билип ал.



* * *

Кан кайнатып кайгы жутуп турганда
Мээримдүү кол сылагандай чекемен, —
Катың алып кандым кайып жыргалга
Жерден көккө желек болуп жеке мен.

Татынакай жүзүң көрүп тамгадан,
«Сагындымдан» ууз жытың бур этти.
Катка салып ийдим сен деп ыйлаган
Сен деп күйүп туйлап турган жүрөктү.

## МЕН ДЕП БИЛ

Секетим, сага чалып телефондон,
үнүңдү угуп анан коюп койгон —
мен деп бил эт жүрөгү улам туйлап,
элесиңди элестетип жинди болгон.

Жылдызың алоолонуп бийик жанса,
үйүңө атын айтпай каттар барса —
мен деп бил баласына энекеси
тилегендей тилек тилеп турган сага.

* * *

Не почтодон, не жамгырдан, не кардан,
саламдува келбегенге таң калам.
— Сенсиз күнүм өтпөйт байке — дечү элең
күнүң өтүп жатат окшойт шаңданган.

Ыйласаң да бек кучактап тиземден,
күнүң укмуш оторунө ишенгем.
Ал анткени көзүң көздөн башка эле
көргөн жандын көп арманы күчөнгөн.

Жаштарды кой, каны суюк карынын
капкачанкы өчүп калган жалынын
дүрт эткизип дүрүлдөткөн дүйнөсүн
даргөйү күч дарысы элең дарынын.

Өпкөн сайын өңүн ачкан ирeңиң,
өрттөп жаштын өбүү билбес жүрөгүн,
өңкүлдөтүп, акыл-эстен тандырып —
ачык эле жиниктирип жиберүүң…

Өзүң менен өткөн, өткөн өрт күнүм,
ээликтирип ыр жаздырган эпкиниң.
Эмнегедир анттай айткан сөзүңө
кийинчерээк каткырарың сезчүмүн.

Жаман көрүү, жакшы көрүү жок менде.
Кат жазам деп какшаганың эсимде.
Куш тилиндей катты койчу, кабар жок —
таш окшодуң чулп деп чөккөн иримге.

Жытың искейм жылып келген абадан,
бир тал чачың «эстелик» — деп карматкан,
ушу күндө жерди оросо жеткидей
узарыптыр. А мен кабар сен жактан,
укпай келем. Не убайым, не санаа
экендиги түшүнүксүз. Бир балаа
жүрөгүмдү билдирип да, билдирбей
мыжыккансыйт. Кантип табам ага айла?!

## САРУУЛАП ЖҮРГӨН БАЛАДАЙ

Санаасын санга учуруп
саруулап жүргөн баладай,
Ак саамай чачың жыты уруп
сагындым сени аябай.

Ойлосом жүрөк от болуп,
ордунан кетти козголуп.
Ошондо неге о күндү
ойлогон ойдой сөзбөдүк?!

Кусадар болуп коштошуп,
сагынып кайра көрүшкөн.
Жанымдын жармын берчүдөй
жалынып жатып өбүшкөн.

Күндөрдү күсөп күйөмүн
күл болуп барат жүрөгүм.
Кумар көз күлүп жүрөбү
кубартып коюп түгөйүн?!



* * *

Майтарылбай, эңилбей да, жеңилбей,
каар тогуп калкым дей да, элим дей,
жазган ырым жарпың жазса бир жолу
жазгы тоонун желаргысы, желиндей, —
оо, курбалым, ыраазы элем мен анда
оттой күйгөн опурталдуу жазмышка,
аруу кызга арзыткандай арзытып
да ыр жаздырып, анан кийин жаткызса…

* * *

Мээнетим, мени кызганба,
күн көрөм кызыл эрдиңден.
Балбылдап турган кыздардын
баарысы бир тең — сен бир тең.

Жаны сен жазган ырымдын
келбести кайра келтирген, —
өмүрдө болгон жыргалдын
оңгосу бир тең — сен бир тең.

## БУРУЛКА

Уулaндырып коргошундун уунча,
мен жөнүндө ушак-айың угулса
ишенбегин,
бу жазылган ырлардын
бүт баардыгы сен тууралу Бурулка.

Кокус кырсык мени жыгып куюнча,
сүйүүм жылдыз суюлгандай суюлса
мүңкүрөтпөй
бүт сулуунун элесин
берип мени элжиреткин Бурулка.

Тазалыгың — тоонун мөлтүр суунча,
желбиретем махабаттын туунча.
Таберикке тагдырыма табылдың
таянарга тоом болгун Бурулка.

Эртең жашоо жакшы болот буюрса,
жадырайбыз Ай менен Күн нурунча,
ага чейин эч жетпеген айлыкты
айдан айга жеткирип тур, Бурулка.

## СЕНИ ОЙЛОСОМ

Сени ойлосом — ыр ойлогон сыяктуу
Ырахаттан ырахатка батамын.
Канат кылып ушул ууз жыргалды
Келет менин жүз жылдарга жашагым.

Сени ойлосом — күү ойлогон сыяктуу
Келет менин кең дүйнөгө төгүлгүм.
Батпас күндөй балбылдаган нуруңду
Ырдай берет келечекки өмүрүм.

Сени ойлосом — кереметтей чубалып,
Күндөрүмдүн болбочудай акыры.
Күндөн күнгө күлгөнүңдөн күч алып
Кылымдарга айтам асыл атыңды.

## БИЛБЕЙМИН

Эмне үчүн түндө иттер улушат, билбеймин,
Эмне үчүн буюмдар сынышат, билбеймин.

Эмне үчүн коендор коркушат, билбеймин,
Эмне үчүн сулуулук толкутат, билбеймин.

Сөөккө данек каяктан киришет, билбеймин,
Жылан кантип бир бирин сүйүшөт, билбеймин.

Сен жөнүндө куш сайрайт, эмне деп — билбеймин,
Жаз жакшына гүл арнайт, эмне деп — билбеймин.

Эмне үчүн короодон кетпеймин, билбеймин.
Жатып туруп өзүңдү эстеймин, билбеймин.

Данегиндей дарбыздын сөзүм көп айтамбы —
билбеймин.
Махабатың азыткыбы, шайтанбы — билбеймин.



## СЕГИЗ САПТАР

* * *

Сулууларга суктанып ыр арнадым,
Суубадым, калды ичимде арманым.
Канча күйүп, канча тоңуп жүрсөм да
Сүйүү сенин жыргалыңа канбадым.

Канча жолу жаанында калбадым,
Борошоңо бой бербедим, талбадым.
Өзок орттоор оксүгүң көп болсо да
Өмүр сенин кумарыңа канбадым.

* * *

Өңүнөн өмүр жолум саналгансып,
Тулкусу жүрөгүмө кадалгансып.
Алыска арасынан кетким келбейт,
Ата эмес — Алатоодон жаралгансып.

Эне эмес Ысыккөлдөн төрөлгөнсүп,
Бешик деп толкунуна бөлөнгөнсүп.
Колумдан карыш четке чыккым келбейт,
Түбүнө бакытымды чөгөргөнсүп.

* * *

Өзүңдү өзүң билгиң келсе,
Билгиң келсе кимсиң сен.
Кара — лупа карагансып
Караанынды чет жерден.

Өзүңдү өзүң бүлөйм десең,
Кыйындыкка ар кандай,
Барып жүргүн көрүстөнгө
Театрга баргандай.

* * *

Күяш нурун кудуреттей карманып,
Жан жаныбар жашай берет шаңданып.
Уккуң келсе аккан суунун арманын
Балбалактап жаап жаткан кардан ук.

Жарык күндүн кереметы чууруп,
Болбогондор боло берет кубулуп.
Уккуң келсе заңгел аска күйүтүн
Кум сааттын кулак укпас күүн ук.

* * *

— Бетим тосуп жазгы жамгырга,
Көзкорлонуп бийлейм тагдыр саа.
— Менден коркуп мага бийлебей
Корк тирүүдөн, жүргөн жаныңда.
— Бир жыргайын сенин тушуңда:
Доолотүмдү колдон учурба.
— Корк досуңдан, а мен жакшылык
Каалайм сага бардык учурда.

* * *

Жактырбаймын таарынганды тагдырга,
Таарынгандан өзгөрмөкпү ал кайра?!
Жыргап жүрөт деп ойлосоң ойлой бер,
Жыргал жайын мен айтпаймын, сен укпа.

Тарчылык деп капа болбо турмушка,
Андан көрө калтыр артка бир нуска.
Байыдың деп ойлоп жүрсөң ойлой бер,
Байлык жайын мен айтпайын, сен укпа.

* * *

Көйнөктөн кесип майка жасагандай,
Чыгарды ырларымды кескилешип.
Калыптыр кайрандарым көрөзгө окшоп
Түгөткөн болгон жүнүн тепкилешип.

Меники — дейин десем меники эмес,
Башка го дейин десем меникиндей.
Тааныбай өзүмдү өзүм турган кезим
Өзүн-өзү тааныбаган Маанакедей.

* * *

Жакшыбы — деп ойлоном бардан жогум,
Жер сорулуп кетчүдөй жарылып көк.



Бир билсе эртең кандай күн болорун
Ай-ааламдан арып келген куштар билет.

«Бүгүн, эртең бу дүйнөң болот күм-жам».
Үн үрөйүм учурат түнгүюктан.
Эртеңки күн кандай болот? Эмне кылам?
Барын билген акылман сүйлө жылан...

* * *

Эртеңки келер кырсыктын
Эпкинин мага жолотпой,
Эркелеп турсаң эгиздейм
Этеги кызык жомоктой.

Баракка жакшы ыр жазгандай,
Ай нурун бетке жапкандай,
Албырып турсаң асмандайм
Аягы укмуш дастандай.

* * *

Сүйөм — дейт, сүйгөндүгү жалган-жалган,
Ыйлатып бала, жарын таштай качкан,
Ал эмес жылаан десең таш апербес
Мен күйдүм ыры назик, өзү таш боор акындардан.
Эл үчүн өлөмүн дейт, кандай жалган,
Суу десең оозуңа суу тамызбаган,
Жардам деп жалдырасаң алыстаган
Мен күйдүм ыры момун, өздөрү шум акындардан.

* * *

Кызым кээде окуусунан кечиксе
Туталанам,эчтеме өтпөй тамактан.
Уруштуруп уулум түндө келгенде,
Урушуп жатып мен негедир кубанам.

Себебине түшүнбөдүм. Кызымдын
Тоюнда мен турдум бир аз ич күйүп.
А уулумдун тоюнда бир кызыдым
Башыма баш кошулду деп сүйүнүп.

* * *

Төрт жагымда төрт дубалдай төрт уюл,
Жаз, жай, күз, кыш — төрт тайгандай
торт кургур,
Ызылдатып мени кууп келатат
Кармагыча тапкым келет торт сап ыр.

Кармагыча, желдей учуп жеткиче,
Кыргый окшош кырдан илип кеткиче,
Калем менен каза берем как жерди
Как жерден бир кайкалап гүл оскүчо.

*Сынчы К. Даутовго*

Чыгыш элдин бир салты бар байыртан,
Эң жонокой кийим кийет даанышман.
Булбул кушту булбул кылган түрү эмес,
Китебимдин баркы ырымда жазылган.
Сынчымын деп сыртын карап бүтүрбө,
Сыртына окшоп ичи бар деп түшүнбө.
Сен шашылбай ой токтотуп окуп чык,
Жаңгактын да жей турганы ичинде.

* * *

Окшойсуң да мөлтүрөгөн ырларга,
Моюн сунбай отүп жаткан жылдарга,
Кечээгиңден бүгүн укмуш оңдуусуң
Эртең сулуу болаласың мындан да.

Анан, анан айланабыз бир жанга
Канат жайып калкылдайбыз жыргалда.
Андагыдан азыр эркем жапжашсың
Эртең дагы жаш болосуң мындан да.

* * *

Аялдын таза, тунугу,
Акактай төшү жумуру.
Албырып айдын нурундай
Нурлантып турчу ырымы.



Каалоомду куштай агытып,
Карегиң карайм кан ысып.
Өчпогон сүйүүң Күн кылып
Өмүрүм турчу жарытып.

* * *

Эртеңки күнгө дем алыш,
Эстесем сени сен алыс.
Элжиреп барат эт жүрок
Эңсоону кайда жеңе алыш?!

Олтурам оттуу демди ала,
Оюмда сенсиң, сен гана.
Ар дайым озүң жонүндо
Ойлонсом болду мен гана.

* * *

Башкаларга күлүүнү койсоңуз да,
Жалгыз мага күлүүчү болсоңуз да.
Жашырып не, жаш сулуу, жашырып не,
Жан эритер сүйүүбүз жок ортобузда.

Макулмун деп түтүн болуп таралышка,
Барсам дагы атылып сага алыска.
Жашырып не, жаш сулуу, жашырып не,
Жакшынакай арзуубуз жок арабызда.

* * *

Кабылбасын жан аттуу жамандыкка
Жабыкканга жолдош бол жазган ырым.
Күндордүн бир күнүндо жаным чыкса
Чыгат тилеп айылым амандыгын.

Себеп кыйла болушка жакшы, жаман
Козү откон соң билебиз кимдин кимин.
Айлардын бир айларында дүйнө салсам
Дүйнө салам тилеп эл эсендигин.

* * *

Сүрөөнгө алып, кубаттаган кол чабылбай
А паттада «бали» дешип күткөн элсиз,
Күж-күж этип күндүк, айлык жолго арыбай
Күлүк келет аламанда саяпкерсиз.

Серпилгенде — төрт аягы төрт сап ырдай
Даңкан жарган даңксыз тулпар каяктагы?!
Жол боюнда уктап калган жомок тургай
Сүйлөчүдөй дабыш берет дарак дагы.

* * *

Суу кулагын кулатканда алыштан,
Азайганча ага берет ал ыкчам,
Тамырынан кыйылганын тал билбей
Жамыратат жалбырагын жарышкан.

Мүмкүн эми сүйбөстүрсүң, сүйүүң
Солугандыр ушул суудай, теректей...
А мен ага карабастан агамын,
Жалбырагым жамыратам сени эстей.

* * *

Тааныштык, бирге отурдук театрда,
Туш болуп так ушундай көңүл сыйга.
Албырып азыркыңдай күлгөндүрсүң
Далайга менден мурун, менден мурда.

Колтуктадым, көзүң сыйкыр чачты нурун,
Жакуттай жамалыңа түштү сугум.
Эх, чиркин, эриниңди тоскондурсуң
Эченге менден мурда, менден мурун.

* * *

— Алганыңдын катуу дейби кулагы?
— Ушак. Угат шыбыраган сөзүмдү.
— Жакшы көрбөйт дешти көзү тууралу.
— Жалган. Күн, түн дебей көрөт өзүмдү.



— Орой дейт го, тили заар дешет го?
— Жалаа. Тили таттуу, назик мүнөзү.
— Келбети жок куник дейби, ой тобо?
— Жан теңелгиз жаанда жок гүл өзү...

* * *

Күч каякта күндү башка кылганга?!
Алып бараар жолду таппай жыргалга
күйүп, күйүп күл болгондо күңгүрөп
күйүтүмдү айтып ийем ырларга.

Айла таппай алга бир аз жылганга
өзгөрбөйт деп тиги минтип турганда,
күндөр өтсө күчкө келип кайначу
айтпас сөзүм айтып жатам ырларга.

## МАЗМУНУ

«МӨЛТҮР СЕЗИМ» ырлар жыйнагынан ........ 3
«ЧАБАЛЕКЕЙ» ырлар жыйнагынан ........ 41
«АЛТЫН ӨЗӨН» ырлар жыйнагынан ........ 67
«КҮН ЖОЛ» ырлар жыйнагынан ........ 89
«БАР БОЛ» ырлар жыйнагынан ........ 133
«ЖАШЫЛ АРАЛ» ырлар жыйнагынан ........ 187
«ЖАНКИСЕ» ырлар жыйнагынан ........ 227

**Адабий-көркөм басылма**

***Анатай Өмүрканов***

**ТАНДАЛМА**

**Б и р и н ч и т о м**

Редактору *Ж. Медералиев*, Сүрөт редактору *К. Коёналиев*,
Техникалык редактору *Ж.Сооронкулова*
Корректору *Р. Бектурова*
Компьютердик калыпка салган *Р. Мукамбетова*

ИБ № 5624

Терүүгө 16.01.05. берилди. Басууга 20.02.05. кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 84×108 $^{1}/_{32}$. «Ариал» арибы.
Жонкой ыкма менен басылды. 9,25 физ. басма табак,
15,54 шарттуу басма табак. Нускасы 1000. Заказ № 1589.
Келишим баада

«Бийиктик» басмасы

150с